Жеңиш
Тагаев

# Терезеден күлгөн ай

• Ырлар



2017

Жеңиш
Тагаев



# Терезеден күлгөн ай

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49539

Жалал-Абад – 2013

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-5
Т 13

Т13 Тагаев Жеңиш.
**Терезеден күлгөн ай.** - Ырлар. Жалал-Абад, 2013, 182 б.
ISBN 978-9967-09-254-9

*Карыя калемгер Жеңиш Тагаевдин бул китебине соңку мезгилде жазылган ырлары кирди. Анын жазган ырларын көп жылдык өмүр-тажрыйбасынын лирикалык чыгармалардагы чагылышы, жашоо, турмуш, өмүр, сүйүү жана жаратылыш темаларында калемгердин ой чабыты катары кароого болот.*

Т 4702300200-13
ISBN 978-9967-09-254-9

УДК 821.51
ББК 84Ки 7-5

## *КЫЗЫК*

Түшүнгөнгө түн кызык,
Түндө болот көп кызык.
Тарыныччтар жок болуп,
Түгөйүн табат жалгыздык.

Акындарга ыр кызык,
Алдууларга бел кызык.
Айтканынан кайтпаган,
Акчалуууга жыт кызык.

Чечендерге сөз кызык,
Чырайлуууга бөз кызык.
Чеккендерге көк түтүн,
Чыдамкайга эрк кызык.

Жалганчыга калп кызык,
Жалкоолорго жан кызык.
Жеткирбеген эч кимге,
Жел таманга ой кызык.

## *КЫЛЫМ ЖАНА МҮНӨТ*

Кулак салып дүбүртүнө мезгилдин,
Кырк тамырга кан жүгүрүп сүйүндүм.
Кут төгүлдү ойлорумдан сезимге,
Көзгө урунса кооз гүлдөй элесиң.

Ак Маралым мен таба албай адашкан,
Арзууң төгүп көрүнгөндө кокустан.
Азыр сени айга алып кетем деп,
Ак сүйүүңдүн тартып турдум колунан.

Жүзүңдөн нур төгүлүп суудай тунук,
Жамалың жайнап турса кыздай сылык.

Жакшы сөз айткым келип кайра-кайра,
Жүрөктү бергим келди күндөй ысык.

Карегим карегиңе чагылганда,
Каным дүрбөп ак сүйүүнүн койнунда.
Кылымга татып турду бир мүнөтүм,
Кылымдын гүл өстүрүп ааламына.

## *МОЮН СУНУУ*

Милдеттүү намаз артынан,
Мечитке күндө жол алам.
Мусулманчылык парзымды,
Моюн сунуп аткарам.

Тазалыкты сактаймын,
Дааратсыз жолго чыкпаймын.
Таңууланбайм эч качан,
Талапка кастык кылбаймын.

Отурам Алла үйүндө,
Оозумда келме күнүгө.
От болуп жанат жүрөгүм,
Окусам намаз сүйүнө.

* * *

Жердеги жүз миң адамдар,
Жылдыздарды санашат.
Жердеги жүз миң адамды,
Жылдыздарга карашат.

Жүз миңдеген жылдыздын,
Жарыгы айдай болбоду.
Жерге жетпей учканы,
Жашоосу жетип жок болду.

Жылдыздар ай жылдыздар,
Жерге жетпей койдуңар.
Жараткан берип жардамды,
Жомоктой жолдор салынар.

## *АКБЕРМЕТ*

Ачыктап бараар жолумду,
Алдыртан билген оюмду.
Алтымыш кызга бербеймин,
Акбермет сендей сулууну.

Кыдырып кыргыз жерими,
Көрсөм да көп перини.
Көрбөдүм чыны башкача,
Кылыгы кымбат сендейди.

Көкүндөй сулуу белестин,
Көңүлдүү ойноп жүрөмүн.
Көңүлдүүм эске түйүп кой,
Көксөөсү сенсиң жүрөктүн.

Көздөрүң турса күлүңдөп,
Көңүлгө шаттык келтирет.
Кылыгыңа мас болуп,
Күнүгө жүрөм энчилеп.

Акбермет сулуу күн, айым,
Алыска кетти атагың.
Аркалап кетпе бирөөнү,
Асынып өлүп албайын.

## САКАЙТЫП АЛ ООРУДАН

Айыкпас оору болдуң жүрөгүмө,
Дарысы башкалардан табылбаган.
Кыйнадың түн түшүрүп көңүлүмө,
Капаста бүркүт болдум учпай калган.

Ичтен түтөп, ичтен күйүп өрттөндүм,
Жардан учуп буту сынган адамдай.
Бүрдөп калган шагы үзүлүп көксөөмдүн,
Ооруп жатам көктү карап айыкпай.

Мүргүп турам түз жолунда жашоонун,
Кыйындыкты тарттырбачы суранам.
Өзүң болуп бул дүйнөдө колдоорум,
Дары берип сакайтып ал оорудан.

## ЭМИ МЕНИ ЭСТЕБЕ

Менин оюм башкача,
Мүмкүн эмес айтканга.
Жылдызым өчкөн сен деген,
Жарыгы жанып башкага.

Келем десең күйүнөм,
Келбейм десең сүйүнөм.
Калтырак басат денемди,
Көрүнүп калсаң көчөдөн.

Эсиңе келип эсирбе,
Эми мени эстебе.
Ээленип калгам башкага,
Эрмегим деп сүйүнбө.

Башканын балкып сыйына,
Башкача өмүр сүрөйүн.
Бир жолу келген өмүрдү,
Багыман эле көрөйүн.

## КУПЛЕТТЕР

Тилиңизге тибиртке,
Тил тийгизбе жигитке.
Тил тийгизсең жигитке,
Тилдейм элдин көзүнчө.

* * *

Кызыл тилди сүйлөтпө,
Кырды кырдай жүгүртпө.
Колго түшсөм кокустан,
Кошо мени күүлөнтпө.

* * *

Талдур – тулдур кайрагач,
Табалбасаң кайра кач.
Таап алсам кокустан,
Таарынычты эрте жаз.

* * *

Жогортон шамал жел келсе,
Жоругуң түшүп эсиме.
Жөнөдүм өзүң тарапка,
Жандырып сүйүү сезимге.

* * *

Ылдыйтан шамал жел келсе,
Ынагым түшүп эсиме.
Ырыңды сенин угууга,
Ышкымды бурдум өзүңө.

* * *

Чындык сөзүм дегдедим,
Чыдамым кетип издедим.

Жолугууну самадым,
Жолуңда болуп көздөрүм.

* * *

Көркүңдү сенин көрөм деп,
Көчөңдү тиктейм элеңдеп.
Кеттиңби же асылым,
Кайберендей бийиктеп.

* * *

Колоттун башы агынды,
Көңүлүм көптү сагынды.
Кызыл бир көйнөк кымча бел,
Кыздардан ачсын багыңды.

* * *

Жылганын башы агынды,
Жүрөгүм көптү сагынды.
Жашыл бир көйнөк кең далы,
Жигиттен ачсын багыңды.

* * *

Караган жандар суктанаар,
Кызгалдактуу жерим бар.
Колуңда калбайт түбөлүк,
Кыз кезинде ойноп ал.

* * *

Жамалын көрүп суктанаар,
Жарашыктуу жерим бар.
Жаныңда калбайт жалын кез,
Жаштыкта ойноп күлүп ал.

* * *

Узун, узун уз келээр,
Ууртунан күлүп кыз келээр.
Учурашкан эки жаш,
Узун түнгө туш келээр.

* * *

Жаз күнүнө тең келээр,
Жылдыз жанып кыз келээр.
Жолугушкан эки жаш,
Жакшы түнгө туш келээр.

* * *

Ташты ээриткен деминен,
Тоодой бийик жан белең.
Тең келген сендей сулууга,
Таалайыма сүйүнөм.

* * *

Жан дүйнөнүн кызыгы,
Жашоо болот турбайбы.
Жараткандын пейли кең,
Жалындайлы, жыргайлы.

* * *

Бар дүйнөнүн азыгы,
Байлык болот турбайбы.
Бириндебей экөөбүз,
Бактылуу өмүр улайлы.

* * *

Билгендерге бийикмин,
Билбегенге пендемин.

Бирдей баалап өтөлү,
Бактылуулар мекенин.

* * *

Аярым сендей жок мага,
Акактай аппак тилегиң.
Ашыглыктын айынан,
Артыңан аңдып жүрөмүн.

* * *

Жылдыз болуп жанайын,
Жогумду издеп табайын.
Жактырып сени сулуу кыз,
Жүрөктөш кылып алайын.

* * *

Сырдуу дүйнө бул дүйнө,
Сулуулугун билгенге.
Суктанышат адамдар,
Сузактай сонун жергеме.

* * *

Кенен дүйнө, бул дүйнө,
Кенендигин билгенге.
Кызыгышат адамдар,
Көрктүү Сузак жергеме.

* * *

Саясат бул саясат,
Сагызгандай үн катат.
Сөөгүңө сайып күнүгө,
Сай-сөөгүңдү сыздатат.

* * *

Саясат бул саясат,
«Сонун жашоо» жаратат.
Самолётто уктатып,
Сансыз доллар санашат.

## *КӨПӨЛӨКТӨР*

Көпөлөктөр жок болушту,
Жок болушту кеч күздө.
Учпай калды жер кыдырып,
Күздүн суугу түшөрдө.

Талааны көп тиктебе,
Талаада жок эч нерсе.
Жер жайнаган көпөлөктөр,
Жок болушкан издебе.

Көпөлөктөр бир көрүүгө,
Бир көрүүгө көзүм зар.
Боздоп ыйлайт, боздоп ыйлайт,
Боз чаң учкан адырлар.

## *ЖАРАТКАНГА*

Бешенемди сылап турсаң ыр менен,
Бул жашоодо кантип сенден бөлүнөм.
Барга бардай, жокко жоктой дүң салып,
Бардар менен бак талашып күрөшөм.

Жакшылыктын көрүп жыргалын,
Жайып канат куштай учамын.
Жаратканга болом ыраазы,
Жүрөктөшкө жакса бир ырым.

* * *

Элсиз жердин көркү жок,
Ээсиз үйдө жарык жок.
Эт болбосо сөөктө,
Эки дүйнө сөөлөт жок.

Чымын конбой жаман жок,
Чыр чыкпаса ушак жок.
Чапсаң таасир этпеген,
Чыдамкайга айла жок.

Ачпасаң баштын капкагын,
Адашкан элден адамсың.
Артына кайтпай жашоодо,
Алдыга баспас акмаксың.

## *СУРАНУУ*

Жээк-жаттарга карабай,
Жердин үстү таламай.
Жегенге оздор көбөйдү,
Жер жутуп бара жаткандай.

Көкүрөгү ачтарга,
Кыйкырган менен не пайда.
Кудайым берген өмүрдү,
Каалагандай калчаса.

Жыйындарда жөөлүдү,
Жалган айтып дөөрүдү.
Жаратканды унутуп,
Жалпы элди кейитти.

Жараткандан суранам,
Жалганчыдан сактасаң.

Жанын жеген адамды,
Жараксыз деп жок кылсаң.

Кудайымдан суранам,
Куулангандан сактасаң.
Колу туткан адамды,
Керексиз деп жок кылсаң.

## *ПЕЙИЛИБИЗ ОҢОЛСО*

Жамандасаң жакшыны,
Пейилиңден кайткын дейт.
Жакшыласаң жаманды,
Пенделер буга ишенбейт.

Жакшылар айдың көл болсо,
Ак куулар чери жазылаар.
Жамандар чексиз чөл болсо,
Жылаандар сойлоп жан багаар.

Жакшылар акса суу болуп,
Жараткан өзү кубанаар.
Жамандар турса жол тосуп,
Жүрөккө капкан чабылаар.

Жакшылар күйгөн от болсо,
Жандуунун баары жылынаар.
Жараткан берген пейилден,
Жамандар да жол табаар.

* * *

Сулуу ырлар сулуу ойдон жаралат,
Сулуу желге саамай чачын сылатат.
Сулуу таңдын кучагында сыр бербей,
Сулуу көздөр суктанышып окушат.

Сулуу жашоо сулууларда уланат,
Сулуулугу кең ааламды кубантат.
Сый-урматтайт сулуулар бир бүлөнү,
Сулуу тынчтык пейилдерди кучактап.

## *ТУРБАЙБЫ*

Жакшы сөздөр иргелсе,
Жанга кубат турбайбы.
Жаман сөздөр иргелсе,
Жанга кайгы турбайбы.

Жамандыкка жамандык,
Жакын болот турбайбы.
Жакшылыкка жакшылык,
Жарчы болот турбайбы.

Кызыл гүлү жайнаган,
Кыраң болот турбайбы.
Кыйын күндө жол тапкан,
Кыраан болот турбайбы.

Алган жарын сыйлаган,
Акылдуу болот турбайбы.
Ааламга жолду кең ачкан,
Алла болот турбайбы.

## *САК БОЛ*

Коңулуна таштардын,
Коркунуч келсе жашынба.
Калкыңды коргоп басып чык,
Кыйындыгың ушунда.

Куру сөзгө мактанып,
Көкүрөктү какпагын.

Кең ааламды тарытпай,
Кенендикти сактагын.

Таяктын болот эки учу,
Таныштарга шилтебе.
Топтолуп келсе жан ачуу,
Тийбесин бир учу өзүңө.

## ТЕҢИМ БАР

Жарым бар жалгыздатпай күтүп алаар,
Багымда булбул болуп сайрап тураар.
Жашоодо кир жугузбай кирпигиме,
Жүзүмдү булак сууга чайкап тураар.

Теңим бар кеме болгон деңизиме,
Жеткирген бүт дүйнөмдү өйүзүнө.
Нурактын «Кылым көчү» күүсүн чертип,
Күнүгө кут түшүргөн тилегиме.

Бакыт кушун табам деген ой болбой,
Ак сүйүүмдү издебеймин ой толгой.
Мен издеген, мен эңсеген адамым,
Үйдө күтүп турат дайым оң колдой.

Болбос ишке болгум келбейт кириптер,
Сулууларга суроо салып үмүткөр.
Сулуу жанга сулуу жүзүн нурдантып,
Сулуу үйдө сулуу бар бар келээр.

* * *

Жел менен кошо алыска,
Жактырып түштүм жарышка.
Жеңил ой бийлеп жүрөктү,
Жетпедим тилек, максатка.

Жанымды кыйнап сол көзүм,
Жарышта калдым алыста.

Булутка жетпей калганга,
Булуккан менен не пайда.
Буруму көп жолдордо,
Бириндеп ойлор туш-тушка.
Боорунда калдым адырдын,
Буттарым көнбөй жарышка.

## *БАЛА ТИЛЕГИ*

Аппак менин тилегим,
Ата-энемди сүйөмүн.
Алып билим бакчадан,
«А» тамгасын үйрөндүм.

Бетимди таза жубамын,
Бакчага өзүм барамын.
Бактылуу жашоо өткөрөм,
Баарына көңүл бурамын.

Убада берем силерге,
Уятым бар бетимде.
Урушчаак бала дедирбей,
Умтулам жакшы тилекке.

## *ДҮЙНӨ*

Укмуш дүйнө бул дүйнө,
Улуулугу бар дүйнө.
Уулдары бекем сактаган,
Уяты, бети бар дүйнө.

Кызык дүйнө бул дүйнө,
Кызыктарга бай дүйнө.

Кыздары бекем сактаган,
Кылыгы кымбат тар дүйнө.

Бардар дүйнө, бал дүйнө,
Баарына кымбат бар дүйнө.
Балдары бекем сактаган,
Бактысы бар кең дүйнө.

## КУДАЙ ДЕ

Чыдабасаң закымы күч чындыкка,
Чыр чыгарып жашагандан не пайда.
Чочулоону алба такыр өзүңө,
Чындык сенден кетпеген соң башкага.

Кыйын күндөр түшпөгөн соң башыңа,
Кайыр сурап жашагандан не пайда.
Кызмат кимдин энчисине айланган,
Кеткен күндөр кайтпагандай артына.

Куттуу күндүн калбаган соң каарына,
Коркунучта жашагандан не пайда.
Кудай гана тескейт жакшы, жаманды,
Кылымдашым, туура жүр өз жолуңда.

## УБАКЫТТЫ ЧЕКТЕБЕ

Узап сенден алыстарга кетемин,
Уялаштай ысыгыңды сезбедим.
Утурумдун тириликтин айынан,
Убакыт таап кайрылууну билбедим.

Ууртап ичкен ашыбыз бир болбоду,
Улутунуп өткөрдүк көп болжолду.
Узун түндүн кучагында жашоонун,
Учкул кыял мээримдерге тойбоду.

Ушаланып кеткен өңдүү бүтүндүк,
Улууларга майда болуп көрүндүк.
Убакыттын өткөнүн да билбестен,
Учкан куштай өтүп жатат тирүүлүк.

## *АРУУЛУК БЕР*

Жаңы жыл – жааган кардай аппак болгун,
Шоктонгон жеткинчектер күндө ойносун.
Жаңы жыл, жаңы күндүн жарчысы бол,
Күлкүлөр жааган кардай үйгө толсун.

Жаңы жыл – жасанып кел, шаңданып кел,
Жолуңдан тосуп турат үмүткөрлөр.
Жалпыга бирдей жашоо берип дайым,
Жонуңа ырыскыңды артына кел.

Жаңы жыл – жашартып кел, тазарып кел,
Жаштарга жылдыздардай аруулук бер.
Жаңы жыл – кубат бергин жаңы ырларга,
Жаңыртып ырдаганда жазылсын чер.

## *АПАКАЙ АЙ КЕЛДИ*

Айланып дүйнөнү,
Апакай ай келди.
Ак тилек карлар жаайт,
Агартып жергемди.

Жаңы жыл келдиңби,
Жарашык бердиңби.
Жарданган балдардын,
Жайдары жүздөрү.

Бактылуу балалык,
Багына жарашып.

Быйылкы жааган кар,
Башкача агарып.

Жаңы жыл багың бар,
Жарашкан атың бар.
Жанында ёлканын,
Жүрүшөт жаш балдар.

## *БИЛГЕН ЖАКШЫ*

Бириңерден бириңер,
Бийик болуп кеттиңер.
Бийикте чоку ээлеген,
Булуттарды өптүңөр.

Күчтүүлөрдү күчтүүлөр,
Күчкө салып жеңдиңер.
Күркүрөп аккан дайрадан,
Көпүрө салып өттүңөр.

Өзүбүздү өзүбүз,
Өзүбүздөй көрбөйбүз.
Өрттөнүп дүйнө кетсе да,
Өчүрүүнү билбейбиз.

Баштууларга баштуулар,
Баш салганын сезбейбиз.
Баштаса бейиш төрлөргө,
Баш оорутпай кет дейбиз.

Жиндилерди жиндилер,
Жинин какса селт дейбиз.
Жинди болуп кеттиңер,
Жинге тийбей кет дейбиз.

## *КААЛОО*

Кут болсун өздүк майрамың,
Каалоо айтып турамын.
Каалаган ойго жеткирсин,
Кулачын жайган заманың.

Сүйүүдөн тапкан ырларды,
Сагынган элге чыгарчы.
Салкын төр жайлоо элестеп,
Сонуркап бүгүн жыргайлы.

Жашоо өзү керемет,
Жашоого бир берилет.
Туулган күнүң кут болсун,
Токсонго чыккын күлүңдөп.

## *ЧОЧУЛОО*

Чымын жандан түңүлткөн ар бир жанды,
Чындап келген ажалга айла барбы.
Чогуу болбой бир жерде жол талашып,
Чамынабыз алыска сактап жанды.

Байлары көп кичине айылданмын,
Байлыгы көп жерлерге кызыгамын.
Балапандай оозун ачкан жаным бар,
Барга тойбос ажалга багынбаймын.

* * *

Буйрубаса кантейин,
Бурулуп жолдон кетейин.
Балалыктын издерин,
Балдарымдан издейин.

Көрүнбөсө кантейин,
Кайрылып жолдон кетейин.
Кыз куракта издерди,
Кыздарымдан издейин.

Сулуулугум кечээги,
Сурабай менден кеттиби.
Сурагында кудайдын,
Сулууларга өттүбү.

Күлкү өмүр кечээги,
Кайрылбай менден кеттиби.
Колдоосунда кудайдын,
Көрктүүлөргө өттүбү.

## *ШАШТЫРБА*

Карайласа көңүлүм,
Кыскарбасын өмүрүм.
Көтөргүм жок эч качан,
Кусалыктын оор жүгүн.

Ыкка көнбөй ыйык жан,
Ылдыйлап эле баратам.
Ызы-чууну коё тур,
Ырды өтө жактырам

Чыр өмүргө кокустан,
Чырмалганда бутуман.
Чын өмүрдү каалабай,
Чын күлкүгө умтулам.

Сүйүндүргөн күнүмдү,
Сүйүп өбөм күлкүнү.
Сөздөрдөн эч калгым жок,
Сыздатпачы жүрөктү.

Шаштырбачы суранам,
Шашылганда не табам.
Шум дүйнөгө кетким жок,
Шоруma калба суранам.

## СӨЗ КУБАТЫ

Тарткылыгын кудай мага бербесин,
Тапканымды татымы жок дебесин.
Тагдыр мага жакшы күнүн кут кылсын,
Таарытпасын таалайымдын күлкүсүн.

Магдыратса денемди сөз кубаты,
Махабатка карт жүрөк маашырланды.
Максаты көп кыялдар улуу күндө,
Мээримине кемпирдин жол улады.

Жыргалды жашоомдогу баалап турам,
Жанымдан кетирбестен карап турам.
Жараткан тил эмизсе сезимиме,
Жакшы ырлар жаралышын самап турам.

## БИРИГЕЛИ ЭКӨӨБҮЗ

Мекениң сенин наркы өйүз,
Мекеним менин берки өйүз.
Бирикпейт дедиң эки өйүз,
Бирикпейт дедим эки өйүз.
Бирикпесе эки өйүз,
Биригели экөөбүз.

Дайранын эки жээги бар,
Көңүлүңө түйүп ал.
Терикпей баарын угуп ал,
Тескейи сенин мекениң.

Күңгөйү менин мекеним,
Тескей менен күңгөйдү.
Бирикпейт деп билемин,
Бирикпесе эки бет.
Биригүүгө өзүңө,
Көпүрө салып өтөмүн.
Тескейдин жолу тетири,
Күңгөйгө алып кетемин!..

## *БАЛАЛУУ ҮЙ – БАЗАР*

Айылыма келбедиң,
Абалымды билбедиң.
Алты жыл күтүп өзүңдү,
Алыбайга тийгемин.

Өңүң серт деп келбедиң,
Өзүңдү такыр билбедиң.
Өзгөчөлөп бир жолу,
Өөп беттен кетпедиң.

Өнөрүмдү билгенде,
Өзүң келип көргөндө.
Өкүнбөйт элең жашооңдо,
Өлчөөсү жок сүйүүмө.

Байдын кызын алыпсың,
Борборго үй салыпсың.
Балалуу болбой берекем,
Бала багып алыпсың.

Балдар менин базарым,
Бактылуу күндө жашаймын.
Бакырааң көз он бала,
Бактысы жаман чалымдын.

## *ТААП АЛДЫМ*

Өзүңдү түшүмдө издеп жүрүптүрмүн,
Сүйүктүүм мынча неге күйүктүрдүң?
Карабай нөшөрлөгөн жамгырга да,
Табылгам табылса деп тилеп жүрдүм.

Сүйүнүп көлгө бардым көрүнбөдүң,
Жээгинде суроо салып көпкө жүрдүм.
Толкундар колдон тартып кеттиби деп,
Кабыргам кайышканын кайдан билдиң.

Табалбадым тоолорумдан сурадым,
Тоолуктардын үйүн бирден аңтардым.
Адырлардан аруу издеп өзүмө,
Аккан суулар алышына дүң салдым.

Жылдызы көп асманымды карадым,
Булуттарды бириндетип кыйналдым.
Жакшы ырдын кучагында жүрүпсүң,
Таңды аттырбай кыялымдан таап алдым.

## *ТООДОЙ БОЛОЛУ*

Ыйласаң да, ыйлатсаң да күн өтөт,
Ырга тойбой ыйга тойбой баары өтөт.
Толкун боюн урган өңдүү толкунга,
Кылымдарга шыбырт салып күн өтөт.

Жакшылыктар, жамандыктар жарышат,
Жол талашып жерге батпай чабышат.
Ойлор ойго ороо казат күнүгө,
Бирок ойлор өлбөй тирүү калышат.

Нөшөрлөгөн жамгыр жерди сергитет,
Күлкү болсо жашообузга жан кирет.

Максаты жок жашагандан пайда жок,
Максат гана каалаганга жеткирет.

Күлкүсү жок өмүрүбүз курусун,
Сүйүүсү жок жүрөк оору тымызын.
Жашообузга бийик тоодой бололу,
Күлүмсүрөп чачсын бизге күн нурун.

## *ЧЫН*

Айланам сенден,
Абалды сезген.
Айттырбай сөздү,
Алдыртан билген.

Кагылам сенден,
Кадырды билген.
Калтырбай көңүл,
Кырдаалды сезген.

Чарчабас иштен,
Чыдамдуум элең.
Чектөөгө болбос,
Чырайлуум элең.

Жайлоосу кенен,
Жайытым белең.
Жардамга муктаж,
Жайымды сезген.

## *ТАРЫХТЫ ЭЛИМ САКТАЙЛЫ*

Бирди көрбөй миң дедик,
Билимге маани бербедик.
Бийиктеп улам даража,
Бактылуу мансап эңседик.

Урунттуу иш болгондой,
Укугу ырдын корголбой.
Узаттык маркум күндөрдү,
Улуулугун ойлонбой.

Бармак басты болгондо,
Байлыкты берип чоңдорго.
Базар ачтык жер-жерге,
Биримдик күчөп ортодо.

Сениби сени болбоду,
Сырдуу тынчтык орноду.
Суудай сөздөр агылып,
Сыйлангандар көп болду.

Туура эмес жолду тандадык,
Тарыхты даңктап айтпадык.
Талаганга жол берип,
Теңирге жакпай кыйналдык.

Кыргыздын ыры ырдалбай,
Кыргыздар тарых сактабай.
Кыргыз болуу кыйын иш,
Кудаадан буйрук ушундай.

Алтын тилде ырдабай,
Алтын тарых сактабай.
Алтыным кыргыз болбойбуз,
Алладан буйрук ушундай.

Тарыхты элим сактайлы,
Табышмак сырын ачалы.
Таңдансын дүйнө кыргыз деп,
Тарыхтан өчүп калбайлы.

## ЖҮРӨК СЫРЫ

Жерден эмес жети кабат бийиктен,
Жылуу орун алганыңа сүйүнбөйм.
Жыландарды арбагандар жүрүшөт,
Желмаяндын ичирүүгө сүтүнөн.

Жалган жүйнө жалмап жутуп болгонду,
Жаңылануу, жаралуулар жок болду.
Жалган сүйлөп, ичип жеттиң бийикке,
Жалпы бийлик жалгыз сени колдоду.

Коркуп кетем, элимдин бул шорубу,
Кыраандардын жолу кырда тосулду.
Карыздардын баттык укмуш сазына,
Кырда жүргөн мас бийликтер ойлойбу.

О, Жараткан, жалпыбызга жар болгон,
Оттой күйүп, суудай толкуп ойлоном.
О дүйнөнүн жолу ачык ар кимге,
Ого жетпей кетпесек деп толгоном.

Эшигимди, терезэмди каккылап,
Эсеп-чотун так жүргүзүп чапкылап.
Ээси келсе карыздардын кантебиз,
Эшек таппай калабызбы алсырап.

Каны качкан убактылуу бийлигим,
Кармап турган куттуу болсун бийлигиң.
Көрүшөбүз күндөрдүн бир күнүндө,
Калп сөз эмес, сезип турат жүрөгүм.

## КУЧАГЫМА БАЛА ТОЛДУ

Телегейим тегиз болду,
Кучагыма бала толду.
Тандап алган жан шеригим,
Багыма кең ачты жолду.

Арча өмүрдү алалдым,
Арчадай кооз жашардым.
Ала-Тоонун кучагында,
Ашуулардан ашалдым.

Көлдөй толуп көлкүлдөп,
Кайгы-капа билбедим.
Көтөрсөм да оор жүктү,
Көңүлүмдө сүйүндүм.

Кайгырбадым, чөкпөдүм,
Колду шилтеп кетпедим.
Катарында пенделердин,
Кооз жашоо өткөрдүм.

## ЧЫРАЙЛУУ

Кысынып турам өзүмчө,
Керегим жокпу эч кимге.
Карыдың эми эс ал деп,
Камап салды үйүмө.

Чектелбеген өмүрдө,
Чектелбеген жүрүштө.
Чаң чыгарбай жолумдан,
Чыгарып салды чекеге.

Сууну эми бойлоюн,
Суудай агып тойлоюн.

Суудай тунук ыр жазып,
Суу өмүрдө болоюн.

Аба жиреп учайын,
Аппак ырды жазайын.
Артымда алдуу муунга,
Акылымды айтайын.

Карыганда менде эмне,
Катуу оорум бар беле.
Кочуштап эми ыр чачып,
Күн болоюн элиме.

Алтымыш бештен ашканда,
Айыкпас оорум бар беле.
Алышын ачып ырымдын,
Ай болоюн элиме.

## *БАЛАПАНЫМА*

Бала кыял ырларды,
Жазам аппак баракка.
Кечээгиден бүгүнүм,
Кызык болуп чынында.

Кардай аппак тилекти,
Кудай өзү бердиби.
Күлкүсүнө баламдын,
Күнүм нурун төктүбү.

Бала, бала, балакай,
Кыялдарга өтө бай.
Күлкү берген ырыма,
Неберем бар укмуштай.

## ЧАКЫРЫК

Көкүрөктө бышып бойго жетилген,
Ырларымды тартуу кылып четинен.
Адамдардын алгым келет көңүлүн,
Бул дүйнөдө тоодой бийик дем менен.

Кызыктарды ыр жибине тизейин,
Кызыкканга бирден алып берейин.
Канаттуулар канат кагып жетпеген,
Аралыктын азайтайын ченемин.

Ичирейин тунук суусун булактын,
Ыр өмүргө убай-чубай жол алсын.
Бул дүйнөнүн сулуулугун сезишсин,
Көздөрүнөн оттор жанып тымызын.

Эссиздерге ырдан салып көпүрө,
Жеткирейин кызыгы көп өлкөгө.
Кыйналгандар жардан боюн таштабай,
Кызыгышып келсин сулуу дүйнөгө.

## ТЕҢИҢДИ ТАП

Кыз бойдон эркем турбайсың,
Кызыккан эркек кындайсың.
Коночо таап күн көргөн,
Катарлаш учкан куштайсың.

Келин кез келет өзүңө,
Көрк берип нурдуу көркүңө.
Кызыгып жашоо улайсың,
Кол берип сындуу жигитке.

Жайылып анан кулачың,
Жашоону бирге улайсың.

Жараткан берээр бакытка,
Жетүүгө күндө чуркайсың.

Жаштыгың өтөт кылчайбай,
Жашынмак ойноп таптырбай.
Жалынсаң келбейт өзүңө,
Жеткирбей учкан куштардай.

Сонун кез өтөт кылчайбай,
Сүйүүгө кумар кандырбай.
Сурансаң келбейт өзүңө,
Сыр ачпай учкан куштардай.

## *КЫЙЫШПАСЫМ*

Көргөн күнүм күлүңдөп ырга айланды,
Булак суусу шылдырап жылгамдагы.
Көз тайгылтат кызгалдактар талаада,
Каректерге тартуулап жашыл жазды.

Сүйүүмдү издеп таппагандай башкадан,
Күн кечирип убай тартып кыйналам.
Эч кимде жок аруулукту, наздыкты,
Сенден гана көргөнүмө таң калам.

Туулганда жаралгандай багыма,
Туура ойдон кетпей такыр башкага.
Бир мен үчүн жашоо улап жүргөндөй,
Туюласың кыйышпастай жанымда.

## *КЕҢЕШ*

Тартылып жаман адатка,
Тар жолдо тизгин талашпа.
Досуңдан калба ажырап,
Тагы көп ушул заманда.

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49539

Сурагың күчөп турса да,
Сокурдан жолду талашпа.
Көздүүдөн көрүп запкыны,
Кор болбогун башкага.

Ашууга жалгыз барбагын,
Аркалаар адам тандагын.
Сыздатып жанды байкабай,
Суугуна тоңуп калбагын.

Орундуу сөздү сүйлөсөң,
От жанып турсун көзүңдөн.
Ордоңдо болсун ынтымак,
От болуп күйбөй дүнүйөң.

## *ЖАШАРУУ*

Жаман ырдын ээси мына тирүү деп,
Жосунсуз бир жорук баштап күлбөгүн.
Капа кылып ачуу тилиң тийгизип,
Өздү жаттай сыйлай албай жүрбөгүн.

Тоодой бийик элге болгон зыйнатың,
Талкаланып тайыбасын урматың.
Онтоп турган ырды ташта өзүмө,
Көзү өткүчө көтөрмөлөп бакпайсың.

Сатып алып шириндиктин кымбатын,
Бул өмүрдө сыйлашалы тууганым.
Жакшы ырдын жетпей туруп баркына,
Неге мынча жаман ырга асылдың.

Ойго албай кыска өмүрдүн сапарын,
Катарыңда мен да келе жатамын.
Башкаларга тартуулап жүз ырымды,
Жазда онтоп кызыл гүлдөй ачылдым.

## ТИЛИҢЕ ШЕК КЕЛТИРБЕ

Тилиң бар үчүн улутсуң,
Тилиң жок тукум курутсуң.
Кыргыз деп тааныйт дүйнө эли,
Кудайым бизди колдосун.

Кылымга калаар тууң бар,
Кылымга агар сууң бар.
Көк чийген Ала-Тоого окшош,
Кыргызга таандык үйүң бар.

Тил азабын тартпагын,
Тилиңди бекем сактагын.
Тилиң бар үчүн кыргызым,
Түптүү эл деп аталдың.

Манас бар жерде кыргыз бар,
Кыргыз бар жерде Манас бар.
Кудайым өзү кош колдоп,
Көрктөндүргөн жерим бар.

Кыргызды кудай колдосун,
Келечеги кең болсун.
Талап жеген олжону,
Талоончулар оңбосун.

## АРЧА ЖАНА МЕН

Арчанын турам жанында,
Арстанбап тоонун боорунда.
Айланат көктө булуттар,
Алгандай багыт алыска.

Кылымга катып калгандай,
Көрүнөт таштар ар кандай.

Көйкөлөт чийе, карагат,
Ким бирөө эгип салгандай.

Чокума тийип асманың,
Чочутуп ийе жаздадың.
Чокудан тиктеп ылдыйды,
Чочубай канаат аламын.

Көрүшкөн күндө бүркүттү,
Кыргыздар сүйөт бийикти.
Күнчүлүк жолдо талбаган,
Күүлөнтүп минип күлүктү.

Кырда мейман күйүшөт,
Кырда кымыз ичишет.
Кырга жамбаш төшөшүп,
Кырда коркпой түнөшөт.

...Арчанын турам жанында,
Арстанбап тоонун боорунда.
Арчадан алып өмүрдү,
Арчадай сулуу болууга.

## *КАР ЖААДЫ*

Аппак кар жаап жатат,
Аппак кардай дүйнө ак.
Тоолор да ак, дарактар ак,
Көрүнгөндүн баары ак.

Көңүлүмдү оорутпагын,
Көңүлүм да бүгүн ак.
Угузбачы жамандыкты,
Улутунган дилим ак.

Өлгөнгө да ак оройбуз,
Жааган кардай апакай.

Аппак кар жаап жатат,
Аппактыгы укмуштай.

Сүйүүлөр ак, күйүүлөр ак,
Сууда сүзгөн балык да ак.
Жазып жаткан ырым ак,
Жазыла элек ырым да ак.

## *ЖАНДАНУУ*

Басарга бүткөн өңдүү жол ченеми,
Жактырбай калганыбы кудай мени.
Куйкамды куруштурбай суроо салам,
Кутулбас доктон кутул дегениби.

Тааныштар кулак салбайт сөздөрүмө,
Багынтып алган өңдүү башка дүйнө.
Базарым бүттүбү, же менин дагы,
Батырбай калыпсыңар келбей сөзгө.

Жашоонун батырбачы ызасына,
Ансыз да оору кыйнап турган чакта.
Билинбей өткүм келбейт бул дүйнөдөн,
Жарыгым эми тийди ырларыма.

## *ТОПУКТУУ БОЛ*

Белине тээп жардыны,
Байлар баштайт жаңжалды.
Ушунуку өттү дейт,
Уят кылып адамды.

Энчисин бөлүп санасам,
Эсебим жетпей адашам.

Ээлигин айтсам түгөнбөйт.
Ээленип калган кең аалам.

Барга такыр тойбоду,
Бүт дүйнөнү тойлоду.
Жүгүрүп жүрүп бир күнү,
О дүйнө безип жок болду.

Калды дүйнө артында,
Кайрадан эле калкыма.
Жегенге жетет бүтүн нан,
Жарымын бер жардыга.

Байлыгы жердин элдики,
Барды барктай билели.
Умтула бербей болбоско,
Артты кысып жүрөлү.

## *КЫЗ-БУРАК*

Кыргызымдын атагын,
Кыз-Бурак ырдан чыгаргын.
Картайбагын эч качан,
Кыз бойдон калгын ылайым.

Көз тийгизбей кудайым,
Кыз-Буракты сактагын.
Көргөндүн көзү сүйүнсүн,
Кылым уксун атагын.

Кыз-Бурак кыздай аталгын,
Кыз-Бурак көрктүү жасангын.
Колу тийбей эч кимдин,
Кудайга пери аталгын.

## КЫМЫЗ СУНГАН СУЛУУГА

Кымызыңды сулуу кыз күлүп сундуң,
Ашыкпастан алдынан ууртап сундуң.
Салтты кармап илгертен келе жаткан,
Үч нан койбой ортого төрт нан койдуң.

Акылыңдын толуп турган кези экен,
Арбап сени алдай албайм сөз менен.
Элесиңди тартып алдым карекке,
Күндө көрүп туруш үчүн өзүмдөн.

Оң колумду сыпаа сунуп алдыга,
Ак чыныны алаар кезде колума.
Сезим козгоп тиктеп койдуң өзүмдү,
Сенин сүйүүң мен дегендей жылмая.

Ак чыныда үйлөбөстөн кымызды,
Аппак тартып кайра сундум чыныны.
Тиктешүүдө түшүндүрдүм сулууга,
Ак сүйүмдүн аныктыгын мен дагы.

## АКЧАНЫН БАРКЫ

Акча үчүн жашап жүрөбүз,
Акча берсе күлөбүз.
Ажалды акча тосот деп,
Акчалууну сүйөбүз.

Ажал жетсе өлөбүз,
Алдынан айла көрбөйбүз.
Акылга такыр толо албай,
Акылсыз бойдон өтөбүз.

Жаман айтпай жакшы жок,
Жаабаса жамгыр тамчы жок.

Жарды жүрөт жыңайлак,
Жаакташкан менен пайда жок.

Жаштыгын сайган уйкуга,
Жалкоонун жаны уйкуда.
Жамбашын төшөйт сыз жерге,
Жонунан кайыш тилсең да.

Акчаң жок болсо өлүксүң,
Акчаң көп болсо тирүүсүң.
Акчаң жок болсо күлкүсүң,
Акчаң көп болсо күн-түнсүң.

## КАРЫЛЫКТЫН КЕЛИШИ

Жыйырма жаш жүзүңдү жашырбачы,
Жийиркенип качкыдай жарам барбы.
Жаштыгымды жоготуп издеп жүрөм,
Жакын, алыс жерлерден көргөн барбы.

Кырчын курак кырк жашым кайда кеттиң,
Кыйла болду өзүңө кездешпедим.
Көңүл чөгүп жалгыз жүрөм көчөдө,
Көтөрө албай оор жүгүн күйүттүн.

Эл ортону элүү жашты жоготтум,
Ээндедим элдин таппай колдоосун.
Этегимден кармап алган карылык,
Ээ-жаа бербей алга айдады жоргосун.

Жокту издеп жаным жаман кыйналды,
Жолоочудай жоолуктурбай сыздатты.
Жамгыр өңдүү көз жашыма жуулган,
Жаратканым сакалымды сылатты.

## КЛАССТАШЫМ ЗЫМЫРАТ

Жашасыңды ким көрбөдү ким көрдү,
Көк-Артымдын көзгө сүртөөр дүйнөсү.
Жаратканым күн чыгыштан нур берсе,
Тунук суусу тазартат ак дилиңди.

Ыйык жердин жери да бай, эли бай.
Жайын, кышын сулуулугу укмуштай.
Ааламда бир керемет жер чынында,
Адамдары өтө сылык, сөзгө бай.

Периштедей солкулдаган кыздары,
Баары тегиз баары бирдей ыр жандуу.
Жигиттери ат жалында ойношот,
Эр көкүрөк бүркүт мүнөз, далылуу.

Күндөр өтсө айлар өтсө зымырап,
Класстешым эске түшүп Зымырат.
Ай нуруна окшогон ак баракка,
Сагынгандан жаздым төрт сап ыр курап.

Калыбектин чыкпай такыр жанынан,
Күндө түркүн даам таттырып колунан.
Жашасыңдын ыйыктыгы колдосун,
Оорубай жүр, класстешым, суранам.

## УЛУТУНУУ

Айтарга арман кеп болуп,
Турса да күндө козголуп.
Улутунуп алабыз,
Угарга адам жок болуп.

Учса да сөздөр ок болуп,
Ачууну жеңип токтоолук.

Ак үйдө сырдуу карайбыз,
Өктөм дароо жат болуп.

Кыргызга кыргыз жат болуп,
Желкеге минип жалкоолук.
Жок болуп бара жатабыз.
Үйүбүзгө жок толуп.

## *СУУНУ СҮЙӨМ*

Албууттанып аккан суу көрсөм,
Албууттанып кетет жүрөгүм.
Мен жашоомдо канча суу көрсөм,
Ошончолук сууну сүйөмүн.

Жолукканда көлгө кокустан,
Жети күнгө суудай кошулам.
Толкундардай толкуп күнүгө,
Көлдөй ырды суудан жаратам.

## *ЭССИЗДЕРГЕ*

Билинбеген бириндеген,
Башкаларга көрүнбөгөн.
Бирөө жүрөт айлыбызда,
Боюн керип мен деген.
Башкарат бүт дүнүйөнү,
Бөтөлкөнүн ичинен.

Сүйүнбөгөн сүзөктөгөн,
Сөзгө такыр келбеген.
Сыртын салат акылдууга,
Сенден кыйын мен деген.
Сулуулайт бүт дүнүйөнү,
Стакандын ичинен.

Тарынбаган тарытпаган,
Түртсө ишти аткарган.
Телегейи тегиз болбой,
Турмушунан бузулган.
Түпсүз жүрөт арак ичип,
Тууганынан айрылган.

## ЫРЛАРЫМ МЕНИН ҮМҮТҮМ

Көзгө сайса көрүнгүс,
Караңгыда калдымбы.
Боздогон бороон бетке уруп,
Алааматын салдымбы?

Чалыштап буттар басалбай,
Далымы салып алдыга.
Ичимден келме келтирип,
Жалынып улам кудаага.
Жанчыгы жок түн жиреп,
Жөнөдүм үйүм тарапка,

Өзүм менен үйүмдүн,
Ортолугу узарып.
Өлбө жаным өлбө деп,
Бара жатам кыйналып.
Кызыталак өкүмзар,
Бороон боздойт мынчалык.
Оозуман түшүп ыр саптар,
Тургансыйт мага көз салып.

Бурулуп колдон тарталбай,
Бугумду менин жазалбай.
Буйгоодо турат ырларым,
Буйдалып жакшы басалбай.

Намысына келгенби,
Жандырып үмүт жарыгын.
Ырларым түндөн коркпостон,
Арбытып улам кадамын.
Үйүмө көздөй жөнөдү,
Жолотпой мага кыш каарын.

## *БИР БОЛБОДУК*

Бир жолку жамандыкты бетке тутуп,
Миң жолку жакшылыкты унуттуңбу.
Оозуңда түкүрүктү кайра жуттуң,
Илдеттен оору чалды бүт боюңду.

Жашооңо жакшылыкты алып келген,
Термелткен денеңдеги оюң элем.
Билдирбей күлкү берген сезимиңе,
Көксөгөн көңүлдөгү нуруң элем.

Оорусаң шыпаа берээр дубаң элем,
Жоолуксаң жаз жыттанып турар элем.
Бой керген мүнөзүңө капа болбой,
Боор ооруп сага дайым турар элем.

Билинди ичте каткан жаман оюң,
Багыма башың жөлөп жар болбодуң.
Белгисиз тараптарга сапар алдың,
Билбедим кимге барып токтолосуң.

## *ЖАЙЛООДО*

Жергеме берип шаттыкты,
Жааган жамгыр басылды.
Жайлоо, тоолор өзөндөр,
Жамандыктан арылды.

Тездеткен улам агышын,
Көркөмүн тиктейм дайранын.
Күүлөнүп алга умтулат,
Калтырып тоого дабышын.

Сулуулук каптап жергемди,
Сүйүндүрөт жүрөктү.
Саамайдан сылайт салкын жел,
Ичиркентип денени.

Желеде бээлер кишенейт,
Кулундарын түрткүлөйт.
Жамгырга берип туруштук,
Очокто от булбулдайт.

Балдар ойнойт сүйүнүп,
Көпөлөк кууп жүгүрүп.
Байчечекей теришет,
Апаларын сүйүнтүп.

Жаздын күнү жаш бала,
Жайлоону көргөн адамга.
Бээ сааганы жөнөдү,
Бели бекем жаш апа.

## ИШЕНГИН

Барым, жогум дале жүрөт өзүңдө,
Билинбеген жылуулугуң денемде.
Бизден жашоо өтүп жатат токтобой,
Булут көчүн улагандай чексизге.

Өлбөөчүдөй бийиктерди карайбыз,
Өбөк болоор өмүр шерик табабыз.
Өзгөлөрдү кайра-кайра урматтап,
Өзүбүзгө сыртыбызды салабыз.

Тоо суусуна үмүт издеп агылган,
Тамчы болуп агымына кошулам.
Тилектерге теңир берет ырыскы,
Тоодон аккан суудан эркем ууртасаң.

Тоо тиктеген тоолуктардай мүнөзүм,
Тоо таянган тоолуктарды сүйөмүн.
Турпатыма таң калгандай тиктебе,
Тураарыма тоодой болуп ишенген.

## *КАНТЕЙИН*

Сырдашым жок, муңдашым жок кантейин,
Сыйлап турар кыйбасым жок кантейин.
Сыр дүйнөнүн сылап турар чачынан,
Сезимимде шык болбосо кантейин.

Көңүл бурбай талантыма анчейин,
Карыганда ырлар жаздым кантейин.
Колтугумдан жөлөр анык болбоду,
Көрүнбөсөм башкаларга кантейин.

Күлүк чыкма акындарга жетпедим,
Күлүк болуп туулбасам кантейин.
Кадырларым, сыйларым да өзүммүн,
Калк ичинде кадыр таппай кантейин.

## *БУЛБУЛ БОЛГУН*

Жеңиш эмне, башкалардан кемсиңби,
Жорго ырларың жолдо кенен жүрбөдү.
Жар кырында турган байкуш адамдай,
Жалдырайсың тиктеп өткөн-кеткенди.

Адамдардын бирисиң сен миңдеген,
Аттиң менен арман менен күн көргөн.

Алтымыштан жашым өттү дебегин,
Алыстарды чарпыш кыйын сөз менен.

Тулпар минип туура жолдо жүрбөдүң,
Тагай берген жерде эле жүрөсүң.
Тирүүлүктүн түрткүнчүгү өңдөнүп,
Теңтуштардын акырында күлөсүң.

Көл толкунун ырга айлантып кылган кул,
Кыркка жетпей өттү ааламдан Алыкул.
Көп жылдарды кык тебелеп өткөрдүң,
Кырдана албай өзүңө-өзүң болуп кул.

Мактай албай алакандай жериңди,
Мээден чарчап мээрими жок жүрдүңбү.
Манас атаң бата берген кезинде,
Муну дагы ашка кошуп жедиңби.

Болбосторго көкүрөктү көтөрүп,
Багып жүргөн он коюңа сүйүнүп.
Баары мага баш ийет деп ойлобо,
Байлыгың да, миң коюң да күнүмдүк.

Багып жүргөн байлыкты бер элиңе,
Биригишсин башкалардан кемитпе.
Барпы акындын урпактары болобуз,
Булбул болгун бүгүнүңдү кетирбе.

* * *

Айылдан сыртка чыкпаган,
Адаммын акын аталган.
Турмуш деген айлампанын,
Максаттуу бир көчүндөмүн.
Карабай эч ден соолукка,
Шум өмүргө жетелендим.

Издеп келген жакшы ырларды,
Өпкүлөймүн, сүйүнөмүн.
Айдай сулуу жасап алып,
Көрүнгөнгө көрсөтөмүн.

Жаман ырдан качамын,
Тыйылбай эч аягым.
Көзгө күчтү келтирбестен,
Жүрөгүмдү сактаймын.

Өмүрүмө өмүр берген,
Өлчөөсү жок күлкү берген.
Издеп келген жакшы ырларды,
Мактай берем, даңктай берем.

Турмуш деген айлампанын,
Жолунда ойлуу басамын.
Көргөнүмдү көзүм менен,
Жүрөгүмө жазамын.

Бир көргөндөр чочуп кетет,
Иреңимден, жашымдан.
Жалгыз көздүү кандай жан деп,
Сылтыйт не деп бутунан.

Издеп келген ырлар менен,
Убактымды өткөрөм.
Шыбырынан жараткандын,
Шыбырынан күн көрөм.

Аялыма көрсөтпөстөн,
Жылуу алып жатамын.
Жакшы үмүттүн, тилектердин,
Жыргалына батамын.

Айылдаштар ырга жандуу,
Акын деп мени аташат.

Айтылган сөздөр чырайлуу,
Акылыма чоң кубат.

Айылдан сыртка чыкпаган,
Адаммын акын аталган.
Армандуу ырлар менде көп,
Айылдаштар укпаган.

## *ОЛЖОМ АРБЫП БАЙЫДЫ*

Көчүн улап бир кеменгер адамдын,
Көрктүү жерден жайды кенен табалдым.
Күн бузулуп суук түшпөй жайлоомо,
Күндөн-күнгө олжом арбып байыдым.

Кыялдарды канатыма мингизип,
Көөдөнүмдүн тереңинде үндөтүп.
Кайкып учуп жүрөм жакшы жерлерде,
Караан үзбөй ыр майданда түрлөнүп.

Ачы болду ардактар жер асылым,
Ален болду гүл бакчамда багбаным.
Алла болду жалпы элге тааныткан,
Аябаган алтын нурдуу ырларын.

## *КУДАЙЫМДАН СУРАНАМ*

Калк ичинде кадыр алып турганда,
Кудай мени кусалыкка туш кылба.
Кандан бүткөн жандан бүткөн ырларым,
Калсын дайым окурмандар жанында.

Ыйлай берип туурулбасын беттерим,
Ырлар учсун болуп дайым кептерим.
Ырыс чачып келген шаңдуу күндөрдүн,
Ырын ырдап ырлар жазып өтөйүн.

Көктөм менен кошо мага келгендей,
Көктөм гүлүн ырларыма бергендей.
Кудай мага салып күндө назарын,
Кызып жашоо тартууласын ченебей.

## *АЯН БЕРГЕН ЖЕТИ АТАҢ*

Алтымыш беш жашка жашым жетсе да,
Ырларыма бала бойдон экемин.
Ойноок кезим боз чаңдардай чыгалбай,
Чыбык атты дале минип жүрөмүн.

Карылыктын күүгө келбей чамасы,
Алыстарды бутакка албай калабы.
Ый артынан күлкү тапкан баладай,
Чыккан күндөн издейм жандуу ырларды.

Карылыгың келди Жеңиш башыңа,
Куру кыял ой кучактап ыйлаба.
Түркүк болоор атасы жок жетимсиң,
Атаң Тагай болсун дайым ырыңда.

Арбагына куран оку, ыр оку,
Ачык айткын күндө эмне болгонду.
Аян берген уктаганда түшүңө,
Жети атаңдын айтпай калган ойлору.

## *ТАГДЫРЛАШТАР*

Кыялдарым көп жерлерди чабыттайт,
Кызыктырып көргөндөрүн табыштайт.
Көз мончоктой чачырабай ар жерде,
Күндөрүмө ырларымды тартуулайт.

Кыргызымдын көрөңгөсү кылымда,

Көп тарыхты сактап келген кылымга.
Кыргын күнгө туш келсе да тагдыры,
Күлкү менен жеткен улуу чындыкка.

Кыргызымды сактап келди кылымдар,
Кылымдарды сактап келди кыргыздар.
Кудай күбө тагдыры бир тарыхка,
Канды каны, жанды жанды жактыраар.

## КАЙРЫЛУУ

Мээден чарчап мээге муктаж болгондо,
Мүмкүндүктү берчи менин олжомо.
Манас ичкен суудан жардам сурайын,
Манас көргөн сыйынайын тоолорго.

Көз карайлап көзгө муктаж кезимде,
Көздешүүнү берчи менин өзүмө.
Курманжандай көсөмдөрдүн дилинен,
Кубат алып сиңирейин денеме.

Тилим кургап тилге муктаж кезегим,
Тааныштарды өзүм издеп көрөйүн.
Тамыры көп Токтогулдай ырчынын,
Тузун татып, тунук суусун ичейин.

Берчи мага мүмкүндүктү кудайым,
Бул жашоодо керегимди табайын.
Биригишсин безген менден тил, мээ, көз,
Бөлүнбөстөн бүтүн болуп алайын.

## АЗ ДЕБЕЙЛИ

Жан аябай жазам күндө ырымды,
Жалган дүйнө ачып улам сырымды.
Жылжып аккан булак көзүн тиктеймин,
Жаратты деп тоо койнунда дайраны.

Ар бир адам өз алдынча кең аалам,
Ачып ойду ар кыл ишти жараткан.
Арбыта албай ырга болгон ышкымды,
Акындардын акырында баратам.

Аруу тилек үмүттөр орундалсын,
Арзыганын табууга жол уласын.
Алла берген насипти аз дебейли,
Арасында элдердин байыр алсын.

Үмүтүм бар жакшы ырды жазам деген,
Үлгү ойлорду жыйнайын бириндеген.
Үзүлбөгөн үмүттү көрүп турам,
Үзөңгүлөш достордун күлкүсүнөн.

## КИМ КӨРӨТ?

Жаш кезимде жалынса да жакшы ырлар,
Карабадым жүрөгүмө жазбадым.
Жылдыз санап жүргөнүмө кубанып,
Сулуу ырды карегиме тартпадым.

Азабына калып ошол күндөрдүн,
Кайра-кайра кудайымдан сурандым.
Сыйкыр ырды табылбаган эч жерден,
Карыганда керек болуп кыйналдым.

Жазылбаган маңдайыма жакшы ырлар,
Жашоо көрбөй дүйнө салып кеттиңер.

Карыганда дүрбөп каны тамырдын,
Ошол ырга издөө салат сезимдер.

Жаштыгым ай, жалындаган, коркпогон,
Кайратымды кайда алып кеттиңер?
Отуз оору тооруганда өзүмдү,
Аксай басып издөө салып келдиңер.

Жеңил-желпи ойлор менде дүрт этет,
Жетимишке жетээримди ким билет?
Жетелесе жакшы ырлар колумдан,
Жүздөн ашып кеткенимди ким көрөт?

## *ТҮНКҮ ОЙ*

Күлүңдөгөн күлкү нуру төгүлгөн,
Мен да күлүп карап турдум көктө айды.
Караңгыны сүрүп чыгып күч менен,
Кең ааламды бүт өзүнө багынтты.

Сүттөй аппак сүрү күчтүү тоолорум,
Адырлар да ак көйнөгүн кийинген.
Турат дарак жасап күздө өз боюн,
Музыка угуп суунун сыйкыр үнүнөн.

Жел да бүгүн сылап саамай башкача,
Уктап жаткан сулуу кызга кызыгат.
Айдай жүзү көрүнсө ай нуруна,
Жел да кошо уктагандай туюлат.

Жолго кенен жогорлотуп оюмду,
Жазайынчы ырларымды сен деген.
Көктө айым жарык кылса жолумду,
Жарыктанып мен да сага ээленем.

## ҮМҮТ БЕРЧИ

Табышмактуу түндүн тартып азабын,
Түгөй издеп жолукпадым, таппадым.
Таттуу кыял так сүрүлсө келет деп,
Таалайыма күндүн күтөм атышын.

Өткөн өмүр кайра келбейт билемин,
Өткөн күнгө кайыл болуп жүрөмүн.
Өкүндүргөн коюу түнгө өчөшүп,
Өзүмдү-өзүм өргө тартып келемин.

Азгырган сезимимди кайра-кайра,
Ал күндөр алтын доорду көрбөйт кайра.
Агылган көз жашымды арчый албай,
Алтыным күтөм сени таң алдында,

Күн менен күйүттү айдап күлүп келчи,
Көрүнгөн коолдукту сүйүп келчи.
Кайгырткан түн азабын унутайын,
Каралдым күн кучактап үмүт берчи.

## ТОЛКУНДАНГАНДА

Жеңил ойдун кучагынан чыгалбай,
Күндө күчөп кара жанды кыйнамай.
Үмүт күчөп, көктү тиктейт көздөрүм,
Булуттардан суу сураган адамдай.

Арбалгандай алыстарга кыялым,
Арзуу издеп багыттаса чабытын.
Жылуу үйдүн төрүн ээлеп оттурбай,
Жол талашып мен да басып барамын.

Жакшы ырды Жараткандан алгандай,
Ооруп, күлүп ушул күнгө келдим жай.

Кыйын болбос жорго минген ойлордон,
Кылым үнүн кылымдарга угузмай.

Каар күнгө кыйналсам да чыдайын,
Көксөгөнгө көгүм кармап барайын.
Кучагыңды кенен аччы эртеңим.
Бар дүйнөгө байлыгымды чачайын.

## КОРКОМ

Өзгө эмес, мен өзүмдөн өзүм корком,
Өмүр берген өлчөөсүз күндөн корком.
Өлгөндөрдүн кабарын уккан кезде,
Өлбөй жүргөн бактылуу жандан корком.

Конбой калган сүйүүгө жардан корком,
Көңүлүнө суу каткан жардан корком.
Көргөн көзгө ишенич арттырбаган,
Коркунучу жүзүндө чоңдон корком.

Кара булут каптаган таңдан корком,
Кыйын күндө баш каткан байдан корком.
Капчыктагы доллардын кусуру урсун,
Канын соргон калкымдын тардан корком.

## АЛЫСТОО

Тирүүлүк тарттырса да оор жүгүн,
Төрөлгөн жан көрбөдүм азап үчүн.
Тартуулап кетпесе дейм кызганычтар,
Табыштап тарынычтын илдеттерин.

Кыйналганда кыйкырып ыйлабадым,
Көргөнүмдү көбүртүп жыйнабадым.
Көтөрсөм да башкалардын милдетин,
Кабыргамдан бөлүнүп сыздабадым.

Кыйбас өмүр улам менден алыстап,
Карылыктын айылына жол баштайт.
Колдоосунда жүрсөм дагы күлкүнүн,
Кайрат-күчүм азайгансып баратат.

## *БАГЫП АЛ*

Толкун урган жээкке окшоп,
Толкундан тоодой күч топтоп.
Токтогул үнүн угамын,
Түпкүрдөн терең сыр козгоп,

Жактырып жааган жаанга окшоп,
Жамгырдан жаркын ыр топтоп.
Жоомарттын үнүн угамын,
Жайлоодо кенен сыр козгоп.

Байлыгы күчтүү байга окшоп,
Байлыкты чачып ыр топтоп.
Баратам Барпы тарапка,
Булуттан чыккан айга окшоп,

Сайдагы аккан сууга окшоп,
Суусунан тунук ыр топтоп.
Самидинге жөнөймүн,
Сагынткан элди жазга окшоп.

Өлбө деп сүйгөн өнөрүм,
Өргө көздөй жөнөдүм.
Өзүмдүк кылып багып ал,
Өлбөсөм тийээр керегим.

## ЫРЫМДА МЕНИН АПАКЕМ

Апама азыр барайын,
Ак батасын алайын.
Ай көрүнгөн жүзүнөн,
Аппак ырды жазайын.

Күнүмө күлкү салайын,
Күн апама барайын.
Күлкүсүнөн апамдын,
Күлүк ырды жазайын.

Ападай сонун жан барбы,
Ай, күндөй уул-кыз жаратты.
Алланын кенен пейилиндей,
Ааламга тынчтык жаратты.

Күн апамдай жан барбы,
Кайраттуу уул-кыз жаратты.
Кудайдын кенен пейилиндей,
Көөнөрбөс тынчтык таратты.

## ЖАЙЛООДО

Өз ишине ант бергендей сүйүнүп,
Минген атын ары-бери жүгүртүп.
Койчу жүрөт бир короо кой четинде,
Кең жайлоодо барын көздөн өткөрүп.

Беттен сылап тоонун муздак шамалы,
Тартуу кылат бир өмүрдө жыргалды.
Адам сугун арттырып өз көркүнө,
Сан миң гүлдөр тиктейт кенен ааламды.

Жайлоодо кеч, койчу батат кыялга,
Тынч заманда ою ишке ашканга.

Кой артынан бүлө багып, эл багып,
Тирүүлүктүн кош тизгинин тартканга.

Күлө карап келген күнгө шашылбай,
Өз түнөгүн таап алып байырлай.
Жайлоодо кеч жүргөнүнө ыраазы,
Жолоочудан жолду күндө талашпай.

## ТООЛУКТАРДАЙ ТОЛОРМУН

Топтолбой чөлдө болжолум,
Тоого жетсе обонум.
Толук кылып барына,
Тоолуктардай толормун.

Жыйналбай чөлдө болжолум,
Жайлоого жетсе обонум.
Жайыты кенен бул төрдө,
Жылдызым жанып толормун.

Канатым кагып болжолум,
Көккө жетсе обонум.
Кудайым берген бейиште,
Көк куштай кайкып толормун.

Алдастабай болжолум,
Алыска кетсе обонум.
Алла берген бейиште,
Ак куштай кайкып толормун.

## ЗАМАН

Акчалууга бар заман,
Акчасызга тар заман.
Акылды арбап жок кылды,
Атың өчкүр бул заман.

Таныштууга бар заман,
Танышсызга тар заман.
Түгөтмөй болду баарысын,
Түбүң түшкүр бул заман.

Ак үйдүн ичи во заман,
Ак үйдүн сырты о заман.
Айдай жанып турсаң да,
Ак дебейт сени бул заман.

Көк үйдүн ичи шаң заман,
Көк үйдүн сырты каңк заман.
Карайып күндө турсаң да,
Күнгө теңейт бул заман.

## *ЫРЛАРЫМ ЫРЫСКЫҢДАН АЛЫСТАБА*

Кеберсип эриндерим тилим катып,
Турганда сүйлөй албай туталанып.
Ыр досум ошондо да көрүнбөдүң,
Ышкыман ушунчалык алысталып.

Капкара көздөрүңдү көргүм келген,
Сүттөй ак жүзүңдү өпкүм келген.
Өрөөпкөп турганыма карабастан,
Өзүңдү өздүк кылып алгым келген.

Жаныңа жакыныраак баргым келген,
Түбөлүк сендик болуп калгым келген.
Сүйүүмдүн сыр сандыгын сага ачтыра,
Сырыңа сырдаш болуп калгым келген.

Көчөңө өз атымды коюп алып,
Карекке элесиңди тартып алып.

Коюндаш болгум келген сени менен,
Коңшудай бир төшөккө жатып алып!

Ырларым ырыскыңдан алыстаба,
Бул күндөр келе бербейт кайра-кайра.
Күтөт сени алтымыштын алты жазы,
Бал даамын сүртүп улам таңдайына.

## *СУРАНУУ*

Көшөгөсүн ак сүйүүнүн ачтыңбы,
Көңүлүнө туура келип калдымбы.
Көп ичинен тандап алып өзүмдү,
Кубандырып атадың го атымды.

Көз карашың мынча бүгүн мээримдүү,
Кытыгылап ойготуп тур сезимди.
Кудай кошкон түгөй болуп түбөлүк,
Кош жылдыздай жарык берип өтөлү.

Бүт денемди ээлеп алып махабат,
Бүгүн сага эмнегедир шаштырат.
Болбосун ээ экөөбүздө кечигүү,
Бакыт үйүн ээлейли эми батыраак.

## *ТИЛЕК*

Эрте туруп энтелеп,
Табийгатка эркелеп.
Ыр саптарды сураймын,
Кудайымдан берчи деп.
Тилек кылам кудайдан,
Ыр саптарын берсе деп.

Талпынып куштай тилегим,
Таң атышын күтөмүн.

Үзүлбөй жакшы үмүтүм,
Элим аман болсо деп.

Толкундай толуп дүнүйөм,
Неге мынча сүйүнөм.
Дүйнөгө түркүн болчудай,
От чачырап көзүмдөн.

Таң агарып атса дейм,
Ааламга нурун чачса дейм.
Токчулук болуп жергемди,
Жокчулук бизден кетсе дейм.

## ТАҢ АТЫРАМ КҮНҮГӨ

Муздады жүрөк дебегин,
Муңканып ыйлай бербегин.
Маанисин сөздүн түшүнбөс,
Маңкурттар көп билемин.

Көбөйтүп көңүл өктөмүн,
Көзүңдүн жашын төкпөгүн.
Какшансаң да түшүнбөс,
Катуулар көп билесиң.

Уйкусуз күндөр көп болуп,
Уучума кээде кут конуп.
Улгайган кезде баладай,
Умтулган ырга дос болуп.

Көрөгөч көздү талдырган,
Карылык кыйнап бул жаштан.
Каарына мени алдыбы,
Кетирип сени оюмдан.

Өзүмө өзүм түшүнбөй,
Өйдөлөй албай түтүндөй.

Өнөрдүн жүзүн көрсөтпөй,
Өкүттө жүрөм бул күндө.

Табылгамды табалбай,
Тамшантып ыр жазалбай.
Таарынымыш боломун,
Таланттка чочун адамдай.

Тыным албай үйүмдө,
Тынчым кетип күнүгө.
Түн уйкумду үч бөлүп,
Таң аттырам күнүгө.

## *ЫКТУУ БОЛСУН ЖӨЛӨГҮҢ*

Өзүмө өзүм дем болуп,
Өзүмө өзүм шарт коюп.
Өнөрдүн жүрөм артында,
Өзүмө өзүм дос болуп.

Өзгөлөргө көрүнбөй,
Өтсө да күнүм билинбей.
Өзгөчө ырды жазсам дейм,
Өлүмдү такыр эстебей.

Өлүм келсе башыма,
Өзгөрүлбөй анда да.
Өнөрдү мактап турмакмын,
Өмүрдү берчи ырыма.

Ырым барда баары бар,
Ыр менен мени таанып ал.
Ырларым кокус жакпаса,
Ыргылжың болбой отко сал.

Ырда болуп көңүлүм,
Ыр жазып жашап келемин.

Ырдын пири акындар,
Ыктуу болсун жөлөгүң.

Уу-чуу салып башыма,
Убара сөздү чубаба.
Ушунуку өттү деп,
Улгайганда кыйнаба.

## ПОЭЗИЯ ААЛАМЫНДА НУРДАНУУ

Элесиңди жүрөгүмө катып алып,
Өзүмдөн өзүм бүгүн буйрук алып.
Көчөсүндө ыр дүйнөнүн баратам,
Поэзия – ааламында нурданып.

Көрөйүн деп бүгүн башка келгенин,
Бул жашоого жетпесе да эсебим.
Катарында бараткандай туюлам,
Поэзия – сенден болбой бөлүнүүм.

Болбосом да ырлар менен коюндаш,
Жүрсөм дагы араңарда боюм пас.
Шүгүрлүктү айтам күндө миң жолу,
Поэзия – болгонума ымаалаш.

Жүгүрүктү салбай алга карап кой,
Мага деле араңарда болсун той.
Бийигимсиң жашоодогу пир туткан,
Поэзия – болбойт сага жаман ой.

## КЫЗЫК ОЙ

Ой чаптырбай болбоско,
Оргуштап аккан болсо.
Отурам барып жээгине,
Отуз жаш түшүп олжомо.

Кыялданбай болбоско,
Көркөмү анда көл болсо.
Көз жиберсем жээгинде,
Кырк жашым түшүп олжомо.

Ээлене бербей болбоско,
Этеги жайык тоо болсо.
Эптүү кармап иш кылсам,
Элүү жаш түшүп олжомо.

Алдастабай болбоско,
Ашуусу жанга бел болсо.
Аш, тойдо жүрсөм кыдырып,
Алтымыш жаш түшүп олжомо.

Жел өпкө болбой болбоско,
Жайыты жакшы жер болсо.
Жумалап сайран курмакмын,
Жетимиш жаш түшсө олжомо.

Селкиге чуркап чыгалбай,
Секирип суудан өтө албай.
Сагызган болуп колтукташ,
Сексен жаш толо албай.

## *УГУЗУП ЭЛЕ ДАҢКТАЙЫН*

Уруксат берчи кудайым,
Убадама турайын.
Укпаган тилди ырларды,
Урушуп жолго салайын.

Бириң эмес баарың ук,
Билермандар дагы ук.
Бийиктесин даражаң,
Буйтоого башты катпай ук.

Алыста болсоң келип ук,
Айыбың болсо сезип ук.
Асманда учпай жер бойлоп,
Аллададан актык тилеп ук.

Чаңкасаң суудан ууртап ук,
Чаалыксаң гүлдөн жыттап ук.
Чыдамың кетип турса да,
Чыр чыгарбай чыдап ук.

Кызылдан көйнөк кийип кел,
Кызыккан жанды билип кел.
Кыраңда өскөн гүлгө окшоп,
Кумарын элдин жазып кел.

Жашылдан көйнөк кийип кел,
Жактырган жанды билип кел.
Жылгада өскөн гүлгө окшоп,
Жыргалды элге берип кел.

Убакыт берчи кудайым,
Улуулар жолун тандайын.
Уяты бар ыр үнүн,
Угузуп элге даңктайын.

## *ЖЭЭРИБЕ МЕНИ ЫРЛАРЫМ*

Ышкыга түшүп ашынган,
Ыр жазбадым жашымдан.
Ынтаа коюп укчу элем,
Ырларды акын окуган.

Сөздөрдү билбей ашынган,
Сылабай ырдын чачынан.
Соолуп күндөр кетиптир,
Сыйкырын ичке жашырган.

Орду толбос дүнүйө,
Оодарылып кеттиң ээ.
Отурам азыр үйүмдө,
От жагалбай сезимге.

Карылык ээлеп дүйнөмдү,
Кусадар кылган кезеги.
Күрмөөгө тилим жарабай,
Көзүмдөн жашым төгүлдү.

Жаш кезимде келбедиң,
Жанымда басып жүрбөдүң.
Жоомартка теңеп өзүмдү,
Жылдыздуу оомат бербедиң.

Билинбей өтүп эсебиң,
Бир кайрылып келбедиң.
Барпыга жетип өзүмдү,
Баарлашып жүрбөдүң.

Калгандай күндөн көңүлүм,
Көлөкө издеп жүгүрдүм.
Карыган кезде капырай,
Кабарың айтпай не келдиң?

Жамбаштай албай болгонду,
Жаштыгым менин мокоду.
Жээрибей жаман ырымды,
Жанымда жүрсөң болгону.

## ТЕРЕЗЕМДЕН КҮЛӨТ АЙ

Терезедмен күлүп турат тышта ай,
Түн уйкусун кечип менден уктабай.
Тагдырыма тартуу кылып ырларды,
Таамай сөзүн кулагыма айтып ай.

Көтөрүлөм бийиктерге сый менен,
Кызыктарга күбө болуп миңдеген.
Көңүлүмдө кыял күүсүн чертемин,
Кайрыгында кылым көчү бүтпөгөн.

Улам-улам оңдоп сөздүн саптарын,
Угузууга өз ырымды шашамын.
Уйку жүзүн көрбөсөм да түнкүсүн,
Улап өмүр мээримине канамын.

Тиктебечи жүрөгүмдү эзбечи,
Терезени тешип өтүп кел бери.
Түндүн ээси уйкумду да кечейин,
Тартуу кылып сага бүгүн өзүмдү.

## ЖАЗБАЙ ЭЛЕ КОЙСОМБУ?

Чымын канат болбосту,
Айта берсем болобу.
Ыр жазыш колдон келбесе,
Жазбай эле койсомбу?

Бороондоп кээде кыялым,
Барпыны келет туурагым.
Өз богун өзү мыкчыган,
Ырымды сактап ар дайым.

Тоокчо толбос акылы,
Көбөйдү ырдын саптары.
Жар салгандан коркомун,
Чочутат деп жакшы ырларды.

Жеменин жеген келтегин,
Ырларды жазбай жүрөйүн.
Бүгүндөн баштап болду эми,
Башка ишке тез өтөйүн.

## АКЧАНЫН КҮЧҮ КЕРЕМЕТ

Азгырып турган өзүнө,
Аманат экен бул дүнүйө.
Алды артына карабай,
Ашыгып жүрөт күнүгө.

Бууданды минип топ барып,
Бактысы жүрөт кубанып.
Бийликти ээлеп барбады,
Башаламан башкарып.

Белине белбоо байланып,
Байкуштар жүрөт жалданып.
Беде эгилген талаада,
Бар байлыгын сугарып.

Тексиз жерден жөн эле,
Тил эмизип дүйнөгө.
Ташбака жүрүп пил кайда,
Тарыхта калат бир күндө.

Акчанын күчү керемет,
Ак үйгө чейин секиртет.
Ак булуттай кийинип,
Айла-амалын үйрөтөт.

Күмүштүн күчү керемет,
Көк үйгө чейин секиртет.
Кийбегенди кийгизип,
Көңүлүңдү көтөрөт.

Баягы эле баягы,
Байлардын артып салмагы.
Булуттай аппак ак үйдө,
Байып алган убагы.

Башкарган күчтөр баягы,
Байкушка тийип таягы.
Булутту топтоп көктөгү,
Батышка сата баштады.

Өлбөгөн жанга кан керек,
Өлгөндөргө жай керек.
Өбөгүн салган жөөттөргө
Өгүздөй күчтүү эл керек.

Өзүн-өзү билеби,
Өтүгүн төргө илеби –
Өйдөрөөк акча төлөсө,
Өзүн да сатып ийеби?..

## *УМТУЛДУ*

Шашып жүргөн шамал менен жарышып,
Көп жер кезип канатымды талытып.
Ээн калган ордумду издейм жаныңдан,
Күлкүнү улап, кайгыны эстен чыгарып.

Түйшүктөн арыла албай түн ээрчиткен,
Уйку бетин көрбөй сени изденем.
Түшүмө бир кирээр деген үмүттө,
Ырларыма сырымды ачып сүйүнөм.

Сенсиз жылдыз сүйүү тиктеп өзүмө,
Ааламдан жол тапкандай сүйүүмө.
Сен тарапка чачат улам шооласын,
Бир мен үчүн жаралгандай бул дүйнө.

Бул жашоого келген өңдүү аманат,
Неге мени түйшүк ойлор азгырат.
Сага бараар жолум бирөө билесиң,
Жетейинчи шамал менен жол улап.

## ТАЛПЫНЫП ЫРДАП БЕРЕЙИН

Жүгүрүк ойду капырай,
Жүгөндөй албай шаштымбы.
Жараткан берген жазмайдын,
Жайытын эми таптымбы.

Кудайым берген жазмайдын,
Көңүлүн эми таптымбы.
Күлүк ойду капырай,
Кармай албай шаштымбы.

Теңирим берген жазмайдын,
Тилмечин эми таптымбы.
Түгөнбөс ойду капырай,
Түгөлдөй албай шаштымбы.

Алла берген жазмайды,
Ачкычын эми таптымбы.
Ашыккан ойду капырай,
Алдай албай шаштымбы.

Жаным жакын келгиле,
Жардамды элим бергиле.
Жар салайын силерге,
Жазмайдын ишин улантып.

Колумдан кармап жүргүлө,
Кыйбастарым келгиле.
Кубанып айтып берейин,
Күлүк ойду силерге.

## БЕРГИМ КЕЛЕТ

Эшик, төрү кенен болуп ырымдын,
Эл ичинде кадыр алып кубандым.
Эсеп-чотум туура чыгып дайыма,
Ээндиктин ээси болуп чыйралдым.

Өзгөрүлбөс оомат түнөп багыма,
Өргө көздөй ташым кулап турганда.
Өлбө жаным, өлбө жаным дебестен,
Өмүр улап умтулайын алдыга.

Кыялдарды кызыктарга жетелеп,
Күндө кайкып учкум келет көкөлөп.
Канатыма катып албай ырларды,
Кыйбастарга бергим келет энчилеп.

## ТҮГӨНБӨГӨН КАЗЫНАМ

Алаканга салып алып ааламды,
Ар ким ишке буйруп алуу чамамды.
Ала-Тоомо айткан жанды үстүнөн,
Ак дилимден жазгым келди ырларды.

Эстүүлөрдүн эсебинен чыкпастан,
Эркеликтин бал сөздөрүн айтпастан.
Ээндиктен эсеп ачып өзүмө,
Энчимди ээлеп алып келди ырларда.

Жазды, кышты билбей алга умтулган,
Жүрөгүмдө түгөнбөгөн казынам.
Жолдо кенен жорголотчу ырымды.
Жүз үйрүбөй тиктеп турсун кең аалам.

## *КӨРГӨНҮМДҮ ЫРГА АЙЛАНТЫП БЕРЕРМИН*

Өзгөлөргө жардам сурап барбаймын,
Өз үйүмдөн көрүнөм кең ааламым.
Өлгөндөргө куран окуп күнүгө,
Өлбөстүктү ырларымдан даңктаймын.

## *КОЛДОП ТУРСА КУДАЙЫМ*

Ырымда жаздын жыты бар,
Ырымда сансыз жылдыздар.
Ырдалып бүтпөс бир өмүр,
Ырымда назик сүйүү бар.

Ырымда келээр эртеңим,
Ырымда келген бүгүнүм.
Ыр болуп калды жүрөктө,
Ыр ырдап өткөн кечээгим.

Ырымда менин жаштыгым,
Ырымда менин ааламым.
Ыр менен кошо бир жатып,
Ыр менен кошо турамын.

Ырымда менин айылым,
Ырымда билгин дайыным.
Ырдагың келсе жаттап ал,
Ыр ырдап жүрсүн айылың.

Айылдан сыртка чыкпадым,
Ашыгып канат какпадым.
Акыны болуп мундуздун,
Айылыма даңкталдым.

Колдоор адам болбоду,
Кокуй күн күндө көп болду.
Карыганда жөн жүр деп,
Курдаштар канча жол тосту.

Көбөйүп кайра ырларым,
Келтирип жаза баштадым.
Карыныкы каймакта,
Колдоп турса кудайым.

## КӨРӨҢГӨМДҮ ТОЛУКТАЙМ

Көтөрүп жүрөм чоң башты,
Көркөмдүккө жөн эле.
Кыялга келбей эч нерсе,
Күч келтирип желкеме.

Кудайым берген баш экен,
Көрүнөө жери таз экен.
Кыймылдайт элдин башындай,
Көзөгөсү бар бекен.

Агарып чачым бул күндө,
Аппак кардай болду ээ.
Акылдан кемип жүрөмбү,
Ажалым жетип өлгүчө.

Кош кулактын үстүндө,
Көрүнөт көзгө чоң нерсе.
Көрөңгөмдү толуктайм,
Кыймылды берген денеме.

## *КӨБӨЙҮҮДӨ УБАРАМ*

Теңир берген күчкө ишенип укмуштай,
Тентек ойдун кучагынан чыгалбай.
Таруу сымал чачыламын дептерге,
Таңда туруп иш бүтүргөн дыйкандай.

Кежирлигим такыр менин калбады.
Карысам да адат кылып жазмайды.
Күндүзү иштеп, түнкүсүн ыр изденем.
Кыялымда ойлорду өбөм чырайлуу.

Ышкы деген жаман оору артынан,
Ызам кайнап улам алга умтулам.
Ырыскыны үйдөй кылып үйсөм да,
Ырга тойбой көбөйүүдө убарам.

## *КӨК-АРТ ДАЙРА СУУСУНДАЙ*

Көргөнүмдү карегиме түнөтүп,
Укканымды сөзүм менен бүрдөнтүп.
Аппак таңын көрүп келем жашоонун,
Элим менен тынчтык туусун көтөрүп.

Кулак учун көрсөтпөй аз ырымды,
Кургак сөздү аздектебей койнумда.
Ойдон укмуш шоола болуп төгүлгөн,
Айдыңына айылымдын дайыма.

Кереметтин мага берген кудайдын,
Кыргыз жандуу кыргыз ырын жараттым.
Көөдөнүмө батырып кең ааламды,
Күч алууда кылымдарга улануум.

Көрсөм дагы бул жашоонун жыргалын,
Ыр жазуунун тартып келем азабын.

Жетимишке жашым барып калса да,
Жаш баладай жетине албай чуркаймын.

Кең өрөөндө аккан Көк-Арт дайранын,
Жүрөктү эзген сыйкыр үнүн угамын.
Сүйүнгөндө жаш калтырып көзүмө,
Ырларыма суу жуткуруп жыргаймын.

Өмүр бою акса деймин соолубай,
Жазган ырым Көк-Арт дайра суусундай.
Ар бир үйдө турса кана тамчылап,
Кубанычты тартуу кылып укмуштай.

## ЖАМГЫР

Сырта жамгыр нөшөрлөгөн,
Жаап жатат тынымсыз.
Басыш алга мүмкүн эмес,
Чыйрыккандан сабыр суз.

Суу болушкан бак-дарактар.,
Адыр, түздөр тоо, таштар.
Оттой албай туруп калган,
Талаада мал, жылкылар.

Кыялданып кырда калган,
Ырга ышкы мен да суу.
Ак денемди калкалаган,
Үстүмдөгү кийим суу.

Көмкөрүлгөн асман суу,
Көгүш тарткан аба суу.
Кытыгыны тез келтирген,
Керек болсо суу да суу.

## БИЙИКТИКТИ СҮЙӨБҮЗ

Бийигин тоонун сезебиз,
Бийикте жашап жүрөбүз.
Булутту сүрүп тоодогу,
Бейиштин суусун ичебиз.

Көңүлгө шаттык келтирген,
Көркүнө көлдүн берилем.
Кыргызга таандык кылымдын,
Көлү эмес, көзү деп билем.

Топтогон жандуу тарыхты,
Тоолорум кыргыз тарыхы.
Тоолордой сүрдүү көрүнөт,
Тоолордун тоодой балдары.

Бийиктеп улам чамабыз,
Бийиктен дүйнө карайбыз.
Бийик того жеткирген,
Баатыр Манас атабыз.

* * *

Ай көрүнсө көзүмө,
Бата тилеп өзүмчө.
Алладан тынчтык суранам,
Ай тиктеген элиме.

Күн көрүнсө көзүмө,
Бата тилеп өзүмчө.
Кудаадан тынчтык суранам,
Күн тиктеген элиме.

Тоо көрүнсө көзүмө,
Бата тилеп өзүмчө.
Теңирден тынчтык суранам,
Тоо тиктеген элиме.

Атаңдын көрү дүнүйө,
Айтылаар дагы көп нерсе…
Арманда кылбай көп элди,
Акыйкат күнгө жеткирсе!

## КҮЗҮНДӨ

Адырлар сары, чөп сары,
Акындар жазган ыр сары.
Айылда түтүн булаткан,
Айылдыктар бүт сары.

Сонуркап жаткан жүз сары,
Суугуна алган күз сары.
Сезимге седеп тактырган,
Сурма көз сулуу күн сары.

Балык жон, балтыр кыз сары,
Балтыркан жыттуу уул сары.
Былк этпей жашоо өткөргөн,
Бактыбыз биздин чал сары.

Агып жаткан суу сары,
Апам саган уй сары.
Айылга нурун тараткан,
Аптабы күчтүү күн сары.

## ЭЛДИК ЫРГА ЭНДИК ЫР

Сай сагызган келдиби,
Санаалаш жарым билдиби.
Санаалаш жарым билбесе,
Сары кызга кетсемби.

Көк көгүчкөн келдиби,
Көңүлдөш жарым билдиби.

Көңүлдөш жарым билбесе,
Кара кызга кетсемби.

Сай боюнда эрмен жок,
Сагызган аткан мерген жок.
Сактыгыман өлбөйм деп,
Сагызган учуп келген жок.

Көл боюнда эрмен жок,
Көгүчкөн аткан мерген жок.
Көлдү жаман көрөм деп,
Көгүчкөн учуп келген жок.

Отурам азыр ойлонбой,
Ошол мерген мен болбой.
Орус мылтык колго алып,
Оң колум менен октобой.

Кыйын чыктым ойлонбой,
Көзгө атар мерген мен болбой.
Кош ооз мылтык колго алып,
Кош колум менен октобой.

Жарга аскан жасаатын,
Жарганат менен сырдаштым.
Жанымда дейт көгүчкөн,
Жасап алып уясын.

## *ТОЙДУН КАМЫН КӨРГҮЛӨ*

Ыр дүйнө менен ымдашып,
Ырларды жаздым жарашык.
Жолумдан тосум күнүнгө,
Жол азык берет кубантып.

Сыр дүйнө мага көз артып,
Сүйүүсүн айтса түн катып.

Өзгөгө өпкө чабалбай,
Өзүмдү бердим кубантып.

Силерди келди ырдаткым,
Сүйүнүп турган убагым.
Тойдун камын көргүлө,
Тоюнуп элим жыргасын.

## *КАРЫЛЫКТЫН КЕЛИШИ*

Суу куюп казан астырып,
Түбүнө өттү жактырып.
Кыйнады мени карылык,
Шорподой шорду сапырып.

Түшүмүн үйлөп көзүмө,
Калемпир сүртүп тилиме.
Калтыратты буттарды,
Түшүрүп бырыш жүзүмө.

Карылык какса эсебин,
Көбөйүп түрү келмемдин.
Небере жүгүн көтөргөн,
Жоорубас жону эшекмин.

## *КЫЗЫГЫ ТҮНДҮН БАШКАЧА*

Көзгө сайса көрүнгүс,
Караңгыда турдук биз.
Кыялга келет түркүн ой,
Коркунуч келсе эсепсиз.

Күткөндөн кетип чыдамым,
Колуңдан бекем кармадым.
Кызыгып жүргөн бирөөлөр,
Кыйнайбы деп ардагым.

Көп ойду берген бир башка,
Кызыгы түндүн башкача.
Кыялдар кайда козутпайт,
Караңгы түндүн койнунда.

Колуңдун жылуу илеби,
Кызытып улам денени.
Көзүнөн бастым түнүмдүн,
Койнума тартып өзүңдү.

## ӨКСҮК

Чертилбеген залкар күү комузда өксүк,
Чайпалбаган бороонго деңизде өксүк.
Чал куракта ыр жазган элди туурап,
Чаңкап жүргөн ырларга Жеңиште да өксүк.

Сүйгөнүнө жетпеген жарда өксүк,
Суу деп өткөн өмүрү чөлдө өксүк.
Сымбатынан айрылган он сегиз жаш,
Сыртта калган түртүлүп карыда өксүк.

Тынчы кеткен элинин канында өксүк,
Тамырынан кыйылган даракта өксүк.
Теңиримдин каргышына кабылган,
Таныбаган баласын атада өксүк.

Эгин өспөй куураган белдерде өксүк,
Элге жакпай куулган бектерде өксүк.
Этегине күнөөнү үйүп алган,
Эси кеткен эселек кыздарда өксүк…

## ЧЫНДЫКТЫН БИЙИКТИГИ

Эркелетип келген таңкы мейманды,
Энчиме көп бөлүп жакшы ырларды.
Элдер менен ачык асман астында,
Эркекмин деп басып жүрөм мен дагы.

Тартуу кылган таалайыма жазайын,
Теңиримден көп нерсени сураймын.
Тынчтык туусу желбиресин жергемди,
Түптүү элдин түпкүлүгү сакталсын.

Чыңгызымдай калемим курч болбоду,
Чамам жетпей бардык жолдор тосулду.
Чыдабады тоого, түзгө, сууларга,
Чымын канат ойлорумдун болжолу.

Чагылгандай чарк бийлеген дүйнөнү,
Чыңгыз хандай боло албадым бир тилдүү.
Чеңгелинде турса дагы душмандар,
Чындык сөзгө болбоптур эч кекенүү.

Ачып элге акылдын көшөгөсүн,
Айткым келди чындыктын бийиктигин.
Ай нуруна ак мөңгүлөр нур чалса,
Ак тилектер максатына жетерин.

## КЫРГЫЗ АТА БАЛДАРЫ

Аткан таңдын да батар күнү болгондой,
Төрт мезгилди жылга айлантып ойлонбой.
Кылым көчүн улап келет кыргыздар,
Күн илебин, кыш суугун тоготпой.

Чыгыш менен батышты ээлеп күн көргөн,
Жер шаарына кыргыз доорун түптөгөн.

Таза кандуу тукумубуз Манастын,
Айта берсе санжырасы бүтпөгөн.

Куру жер жок кыргыз буту баспаган,
Ыйык суу көп кыргыз канып ууртаган.
Кылыч менен ээлеген бүт ааламды,
Кыргыз гана дүйнөнү кең башкарган

Буга күбө дүйнө элинин тарыхы,
Улуу улут кыргыздар деп аталды.
Кыргыздардын мыйзамына баш ийип,
Кыргызча ырдап, кыргызча ыр жазышты.

Баткан күндүн эртең анык атышы,
Түндөн чыкпай терең ордо калбайлы.
Өз бийлигин жүргүзсүнчү дүйнөгө,
Түрк ата» эмес, Кыргыз ата балдары.

## *ЖАРАТСА ДЕЙМ ЖАКШЫ ЫРЛАРДЫ ЖҮРӨГҮМ*

Карыганда кайнап отко казаным,
Муз тосмону жалыныма багынттым.
Катып калган эки жаагым ачылып,
Эки сап ыр жазганыма кубандым.

Ойлор ойго оордугун салбады,
Кыялдарым канат кагып талпынды.
Сезимдерим сергек өмүр улашып,
Сүйүүлөрүм сүйүү шаарын жаратты.

Онтободум күч келтирип тиземе,
Отуз жаштын кирген өңдүү үйүнө.
Жүзүн ачып күлүп турду жаштыгым,
Жаз келбетин тартып сыпаа өңүнө.

Жалгызсырайт жазган ырым неликтен,
Жай мезгили өттүбү же өмүрдөн.
Жаш көрүнүп турат мага ырларым,
Мен аларга атасындай көрүнөм.

Ачыктоого тунгуюк ой себебин,
Ыр дүйнөдө ырлар жазып келемин.
Сансыз гүлгө жыпар жытын себелеп,
Жаратса дейм жакшы ырларды жүрөгүм.

## *АРЧА ӨМҮРДҮ ЖАРАТУУ*

Ыр дүйнөгө ыраа көрбөй жамандык,
Ыр дүйнөгө тилеп дайым жакшылык.
Сүрү күчтүү тоолорду ашып келдим мен,
Кең ааламды булуттардан тазартып.

Таамай сөздүн тыңшап улам дүбүртүн,
Тартып ойго таң каларлык сүрөтүн.
Тайкы кылбай бешенемден тагдырды,
Теңир коштоп табылгандай жүрөсүң.

Жакшы күндөр бирин-бири ызаттап,
Жаштыгымдан кеткен сайын ыраактап.
Жаккан отун жан дүйнөмө ыр саптар,
Жараткандай арча өмүрдү туюлат.

Бермет сөздөр келген кезде бетме-бет,
Бир өмүргө бүлүк салбай түрткүлөп.
Бар дүйнөнүн баркын баалап өткүм бар,
Бар дүйнөмдү баарыңарга энчилеп.

## КАМ КӨРҮҮ

Кошулууга акындардын сабына,
Күлүк чыкма ырларымды жыйнадым.
Күздө болор жетпей түшүм жыйынга,
Күчү жетпей каларын эч туйбапмын.

Байлар жүрөт байлыгына дуулдап,
Башкача бир сезимдерге эреркеп.
Билинбеген күндөр өтсө зуулдап,
Берекеси күздүн быйыл жакшы деп.

Артта калды алып учкан жаштыгым,
Айтканда эмне мунун баарын силерге.
Өтүп кетти көрсөтпөй эс караанын,
Табалбастан жүрөм дале күйүттө.

Акындарга сөз берметин чубурткан,
Ыйбаа кылып турам жолдун боюнда.
Чогуу басып, алып кубат ырынан,
Барсамбы деп болор эмки жыйынга.

## ӨЗҮҢ БИЛ

Каякадыр кеттиң сен жер которуп,
Чымын канат болбос иш шылтоо болуп.
Башкалардан бийиктеп учкуң келди,
Түздүн баркын түзүктөп билбей туруп.

Жөө тумандын кадырын жөндөй албай,
Жорго минген кыялды жолго салбай.
Күндүн нурун кучактап тургуң келди,
Көч улаган көктөгү булуттардай.

Кенендигин дүйнөнүн көрүп шаштың,
Узак жолдо ойлонбой сөз талаштын.

Кыскалыгын өмүрдүн билсең дагы,
Күндөрүңдү күлкүлүү жолго каттың.

Оолакталып жакының мени чандың,
Оокат бербес ойсоке жарды таптың.
Оодарылып кетчүдөй асман бүгүн,
Ооздугу жок атыңды мине качтың.

Барса келбес жолуңда бара бергин,
Бакыт тилеп жарыңа жашай бергин.
Сулуулардын жылма экенин билип ал,
Керек болсо аябайт өз денесин.

## *ТООЛУКТАР ТОЛКУП ЫРДАШАТ*

Жаманы болбой эл болбойт,
Жакшыны дайым эл колдойт.
Жараткан берген жандууну,
Жылдырбай жалмап жер тойбойт.

Сууларды аккан суу колдойт,
Суу сыйлаган кор болбойт.
Суу – өмүрдүн азыгы,
Суусуз жашоо оңолбойт.

Көөдөнү көңдөй адамдар,
Кадалуу салтты бузгандар.
Көөдөнү толо адамдар,
Каадалуу салтты844 кургандар.

Туяры күмөн адамдар,
Түптүү элди бузгандар.
Турары бузук адамдар,
Түптүү элден качкандар.

Туяры тунук адамдар,
Түптүү элди чогултар.

Турары жакшы адамдар,
Түптүү элди чакырар.

Суук сөздөн, суук көздөн,
Сактагын кудай сактагын.
Суратпай келген өлүмдү,
Суроксыз атып таштагын.

Тоолор таштан куралат,
Тоолорго тоолор уланат.
Тоолорго тоодой дем менен,
Тоолуктар толкуп ырдашат.

## *ИЧКИ СЕЗИМ*

Сезим күчөп, көбөт күрөө тамырым,
Эсетегенде кыска өмүрдүн сапарын.
Жүгүн тартып тирүүлүктүн келемин,
Арабага артып буюм кымбатын.

Ченеми оор жүк күчүн чендей албай,
Чаташкан түрдүү ойду жандай албай.
Кереметин билбей келген ак таңдын,
Күүлөнөмүн кыска өмүргө ар кандай.

Көп караба менин жайдак боюма,
Күнү кеткен ээлеп турган тактыма.
Карыганда ак баракты тиктедим,
Кыйбас ойлор жан киргизип багыма.

Карылыгым жетсе дагы түбүмө,
Өмүр түнөп бир бактылуу күнүмө.
Көкөй кескен ойдун баарын талкалап,
Өлбөс бир ыр берсе болду элиме.

## БЕРГИМ КЕЛЕТ БААРЫҢА

Бул дүйнөдө бардыгыма кулүңдөй,
Өмүр улап күндө оттун жагамын.
Бороону көп кээ бир күнгө өчөшпөй,
Өзүмдү да, очокту да сактаймын.

Өчөшүүнүн унуткарып кезегин,
Жакшы күндүн үмүт үзбөй бүгүнкү.
Жайлуу жерде болсо экен деп түнөгүм,
Жамгыр сымал сээп жүрөм күлкүмдү.

Жолдун алыс, жакынына карабай,
Күлүк минип жетсем деймин баарына.
Ырыскыны чоочун, өздү ылгабай,
Бергим келет, бергим келет заматта.

## ТҮПТҮҮ, ДАҢКТУУ ЭЛДЕНБИЗ

Түз жүрөлү, көп күлөлү,
Башы жок балапандай.
Көзү жок көгөндөй болбой –
Күнөөсүздү күнөөлөп,
Кабыргадан түрткүлөп,
Керектүү көзүн ойбой.

Жыландай сойлобой,
Карышкырдай тойлобой.
Жети дубан жеринде,
Жетесиздей тойлобой,
Доллар берсе колуңа,
Жериңди сатпа ойлонбой.

Ачкын көздү жетесиз,
Америка эмеспиз.

Кыргызча жашап илгертен,
Кылымга таандык элденбиз.
Түптүү, даңктуу тарыхтын,
Тамырын улап келебиз.

## ЖАЗ КЕЛГЕНДЕ

Булактайт көңүл ырлары,
Бу дагы жаздын кылганы.
Балапан куштай талпынат,
Бийикке салып уяны.

Толкуну күчтүү деңиздей,
Толкуган жериң билгизбей.
Талпынат улам жээкке,
Таалайлуу жаздын күнүндөй.

Айттырбай баарын туябы,
Алыска барат сыягы.
Атайы жүздөн сылаган,
Анарлуу жаздын шамалы.

Кызыкты көңүл туябы,
Көкөлөйт көккө сыягы.
Кубантып жүздөн сылаган,
Кылыктуу жаздын шамалы.

Жазым келсе кубанам,
Жолумду ачып жараткан.
Жердин бетин ыр каптап,
Жазууга күчөп убарам.

## *БИЛДИРҮҮ*

Кыйналбай сөздү сүйлөгөн,
Кытмырлык жайды билбеген.
Күлгүндөй жапжаш өмүрүн,
Күлкү менен өткөргөн.
Коңшум бар менин кара көз,
Кадырлап жүрөм ичимден.

Башкага ыраа көрбөймүн,
Багына бакыт тилеймин.
Бийлиги күчтүү сүйүүнүн,
Билигин жагып жүрөмүн.
Биримди улар миңиме,
Билгиле коңшум экенин.

## *ООРУГАНДА*

Өзүмдөн-өзүм бөлүнүп,
Өйдөлөй албай чөгүнүп.
Өлтүрсөң оору өлтүр деп,
Өмүрдү турдум жекирип.

Сүзөктөп кабак ачылбай,
Суугуна күндүн калгандай.
Сулайып жатам төшөктө,
Сунулган бутту тарталбай.

Чагылган жанып өткөндөй,
Чыдамым кетсе билинбей.
Чочутам алсыз жүрөктү,
Чачырап азыр кетчүүдөй.

Ооруну келген өзүмө,
Обдулам күндө жеңүүгө.

Орун алып калгандай,
Отурат ээлеп төрүмдө.

Өпкөлөп ыйлап жатпайын,
Өлүмгө тике карайын.
Өзүмө кошуп ооруну,
Өлтүрүп эле салайын.

## *ООМАТТУУМ*

Барды барга улаган,
Бармактайым садагам.
Бетке тутпай билгенин,
Баарына бирдей караган.

Санды санга улаган,
Сакадайым садагам.
Сөз кылбай такыр билгенин,
Сүйүндүрүп иш кылганын.

Ойду-ойго улантып,
Ойчулдарды кубантып.
Ооматтуу күндүн койнунда,
Ооматтум жүрөт жылмайып.

* * *

Кокусунан кармап жаман адатым,
Чоктун кызыл жерин басып албайын.
Сабырдуу бол учурга эч наалыбай,
Сенин баскан жолуңду анан басайын.

Жашыл өмүр жээгинде кылактап,
Күлкү менен тосуп алгын ызаттап.
Каңырыгым түтөбөсүн болбоско,
Кыял менен чыктым сени чабыттап.

## *ТИЛ ЖАНА МЕН*

Билбей туруп бүгүн эмне болорун,
Кечээгиге кечиримди беребиз.
Аңдабастан бир күндү алып койгонун,
Баатырларча тирүүлүктү эстейбиз.

Аз өмүргө бүлүк салса кыямат,
Көзү өткөнгө намыстанып ыйлайбыз.
Тирүүсүндө пенде эле деп азамат,
Казы, карта, этке тоюп жыргайбыз.

Талаа, түздө калып чындык бечара,
Күүсүн чертсе кош канаттуу жалгандын.
Суулар акпай калган өңдүү нугунда,
Бир заматта кайталанат адашуум...

Бир кайрылып жакшы күндүн келерин,
Чын дүйнөгө барганда эле билбесем.
Күндөн-күнгө жашартып өз өмүрүн,
Кайратты алып бийлеп алды тил деген.

## *ИЗДЕНҮҮ*

Ишене бер баарын өзүм билемин,
Ишеничтен кайтып калдың дебегин.
Ийилбеген адатым бар бирөөгө,
Ийиндеги жыланды да жеңемин.

Ыр дүйнөнүн издеп күндө жылдызын,
Ышкы отунун жарыгында тымызын.
Ырга айланган түндү бекем кучактап,
Ырын ырдап жүрөм сулуу ышкынын.

Эсебиңден эрте өчүрүп салбагын,
Элге жакшы ырлар жазуу талабым.

Эреркеген эрке акын өңдөнүп,
Эрким жетпей жарым жолдо калбайын.

Жазган ырын жакшы көрөм бирөөнүн,
Жан дүйнөмө жаздын алам илебин.
Жамгырлуу түн кучагында бой салып,
Жакшы ырды тамчылардан издеймин.

## ЖАЛГЫЗДЫКТАН БОШОНУУ

Ээн калган ордуң сенин жоктолуп,
Жан дүйнөмдү жалгыздыктан бошотуп.
Поэзия аралына аттандым,
Ырлар менен өйдөлөп журт которуп.

Келбесе да ошол кымбат жылдарым,
Кек алууга келбейт эми аттангым.
Оомат сугу тартса дагы өзүнө,
Барга бардай, жокко жоктой чыдаймын.

Оолактатып жамандыктан өзүмдү,
Ойсоктогон журтка тартпай өмүрдү.
Бактылуулар базарына умтулдум,
Ыр сабына кошуп болгон мүлкүмдү.

## КҮЛКҮ ӨМҮР

Жашооңо бир өмүргө калайынбы,
Жолуңа жол жоргомду салайынбы?
Жытымды жан дүйнөңдү арбап турган,
Жыргатып жан дүйнөңө чачайынбы?

Жалгыз тоспой жаздын аткан ак таңын,
Жазбай тиктеп от көздөрүн жаштыктын.
Жолоочудай сиңип кетпей чексизге,
Жалбыртатып жалынымды жагайын.

Күн чыкканда сенин айлың тараптан,
Күлө карап чыкканына кубанам.
Келбесе да жомок өмүр күндөрүм,
Кудайымдан күлкү өмүрдү суранам.

## ААЛАМ МАГА ТАБЫШМАК

Айыкпас оору болдуң мага келген ,
Алсыратып жүрөгүмдү күндө эзген.
Алтын күндүн нуру болдуң тийбедиң,
Айда аяп көңүлүмдү көтөргөн.

Кызык өмүр даамын эми татарда,
Келбетиңди карегиме тартарда.
Кадырымдын колдо жокто түшүнбөй,
Кайып болуп учуп кеттиң башкага.

Таза десем сенин сезгич жүрөгүң,
Тар дүйнөнүн бир шордуусу экенсиң.
Түн ээрчиткен түтөк белден ашалбай,
Тынчың кетип карайланар бекенсиң.

Айтыш кыйын мунун баарын аныктап,
Ак булуттар көктө барат алыстап.
Аалам тиктейт көзүн албай өзүмдөн,
Аалам мага сөз айтчуудай табышмак.

## ЖАРЫК ДҮЙНӨ

Эссиздердин тартып улам этегин,
Эркеликке берип улам кечирим.
Эсеби жок карыздарды көбөйтүп,
Ыр дүйнөнүн эми ачтым эшигин.

Жер көтөрөт жакшыны, жаманды да,
Шек келтирип сүйлөбөйм Жаратканга.

Өлбөс болуп жашоого мүмкүн эмес,
Өлбөс болуп төрөлүү көп чынында.

Жарык дүйнө жашоонун жарчысыбы,
Жазам ырды билидирип бардыгымды.
Жалган дүйнө тартылат көңз алдыма,
Жараткандын сезилип ыйыктыгы.

## *УМТУЛУУ*

Колуму колго тийгизбей,
Колдоого алып күлүңдөй.
Бутума күч келтирбей,
Бооруна кысып күлүңдөй.
Жардам берди кудайым,
Жаадырып ырды нөшөрдөй.

Акылын кошуп акылга,
Алыкул жүрдү жанымда.
Багытты берип башыма,
Барпы акын жүрдү жанымда.
Жолотпой жаман адатка,
Жоомартым жүрдү жанымда.
Толтуруп мээмди сырларга,
Токтогул жүрдү жанымды.

Таазим кылып кез-кезде,
Таирбектей акынга.
Аалам кезип эс алам,
Арзыбектин ырына.

Сактасын кудай сактасын,
Самидиндин сынынан.
Секирип өтүп тосмодон,
Сынынан кайра чыңалам.

Багыт берип кудайым,
Барымды ырга жазамын.
Бармакты тиштеп отурбай,
Байлыгымды ачамын.

Кудаадан өкүм чыккыча,
Калкыма көп карызым.
Толкуган деңиз ырына,
Тамчы ырымды атадым.
Карыдың деп жолотпой,
Катардан бөлүп салбагын.

## *ЧАТКАЛЫҢА БАРАЙЫН*

Топтоп ырды айдабай,
Топ жыйынды сайрабай.
Томсоруп үйдө отурам,
Токомдой ырды ырдабай.

Жел менен кошо жебедим,
Жер кыдырып күлбөдүм.
Жоомарттай сыйлап ырларым,
Жаныма алып жүрбөдүм.

Бирди экиге улабай,
Булутту жаздап уктабай.
Булактан тунук суу ичпей,
Буулугуп ырды айталбай.
Бечара болуп өтөмбү,
Барпыдай барктуу аталбай.

Ачылбай такыр жолдорум,
Арзыбектей болбодум.
Аралай чаап элдерди,
Акылга эч толбодум.

Акимдей башты алтыга,
Ажыратып койбодум.

Чаткалыңа барайын,
Чер жазып көңүл ачайын.
Чапчымада чаалыкпай,
Чаңкоомо суудан ууртайын.
Тосуп ал мени Самидин,
Тоо томкороор убагың.

## *АЛСЫЗДАНУУ*

Жүз ырдын алып кубатын,
Бир ырдан барып жыгылдым.
Муңканып турдум өзүмчө,
Белине жетпей кулачым.

Көзүнөн көзүм жалтанып,
Тиктей албай апкарып.
Турпатына сыйындым,
Акылдан улам адашып.

Тоодой болгон дүнүйө,
Томуктай болуп көрүнсө.
Өзүмдү-өзүм жемелеп,
Жөнөдүм жалгыз үйүмө.

## *ТҮН ЖАНА АЙЫЛЫМ*

Кайсыл жерде күйүп турса жарыктар,
Ошол жерде оту өчпөгөн жарык бар.
Жашоо үчүн аябаган күнү-түн,
Жанын жанга урат ар кыл адамдар.

Кыялында кыдырып көп жерлерди,
Желге учуруп ээ бербеген тилекти.

Балким акын турса керек бир жерде,
Жазган ырдан жаратып ак сүйүүнү.

Түнүм күбө ыйлаганга-күлгөнгө,
Таңга жетпей кыйылган көп өмүргө.
Муз тосмону жарып өткөн дайрадай,
Көп үйлөргө келди канча наристе.

Өтүп жатат мага өчөшкөн күн-түндөр,
Арманым көп бирок аппак тилектер.
Көкөй кескен жамандыкты көп көрдүм,
Жүрөгүмө көзүмө күч келтирээр.

Жылдыздарды тиктеп турат айылым,
Жылдыздарга чачып түнкү жарыгын.
Ал уйкуда жатат азыр адамдар,
Жылдыздардан коюп түнкү сакчысын.

## ЧЫНЫ-БУЛАК

Чыны-Булак алтын бешигим,
Чыны-Булак ырыс кешигим.
Экөөбүздү теңир колдосун,
Чыны-Булак бүгүн, эртеңим.

Карегиңде нуруң өчпөсүн,
Каргашалуу күндү көрбөгүн.
Көрө албаган ичи каралар,
Жүргүзбөсүн сага өктөмүн.

Ийгиликтер сенде жаралсын,
Чыны-Булак талбас канатым.
Жалгыз кудай алсын колдоого,
Жардамыңа сенин муктажмын.

Чыны-Булак менин турагым,
Уулумун мен Тагай balaңдын.

Улгайганда мына өзүңө,
Ырлар жазып арнап турамын.

Он эки бала төрөгөн,
Ак бешикке бөлөгөн.
Апам менин Шарапат,
Ай нуру тамат жүзүнөн.

Атадай Чыны-Булагым,
Акыл айтып турарым.
Адырындай аптаптуу,
Ааламга ойду бурарым.

Көп болсо жүзгө барармын,
Көрүнбөй көзгө көп кылым.
Көтөргүн элдин көп жүгүн,
Көөнөрбөс Чыны-Булагым.

Ооматтуу Чыны-Булагым,
Оожала бергин ылайым.
Ордуңдан кетпе козголуп,
От болуп жанар убагың.

## *ЖҮРӨКТӨРДҮ ТАЗАРТЫП*

Кайраттуу жүрөк таш жарат,
Кылымга тайбай баш багат.
Катуу шамал болсо да,
Кайратына багынтат.

Ой менен максат ойгонот,
Ооматтуу иштер козголот.
От болуп жанган жаштыгым,
Ободо жүрөт сыр козгоп.

Узун өмүр кыйырында,
Уучум толуп ырыскы.
Узакты тиктеп баратам,
Убакты болжоп чындыкка.

Жакшылыктар келе бер,
Жакшылыгың бере бер.
Жүрөктөрдү тазарып,
Жазгы жаандай жазгын чер .

## *ШУМ АЖАЛ*

Ач карышкыр өңдөнүп,
Алууга эчен кам көрүп.
Аңдып турат шум ажал,
Алдууну жаман көргөнсүп.

Жол азыгы түгөнүп,
Жондо жортуп жүгүрүп.
Жаланып турат шум ажал,
Жакшыны жаман көргөнсүп.

Түн-күндөп уйку албаган,
Тынымсыз өмүр уурдаган.
Түгөнгүр бул шум ажал,
Түшкөнбү тирүү артынан.

## *ӨМҮР – ДАЙРА*

Жамандыктын орду толбос ай экен,
Жеп, ичкенден башканы эч билбеген.
Жашты дагы, карыны да кош колдоп,
Жатагына сурагы жок сүйрөгөн.

Жакшылыктын орду толгон сый экен,
Жыргал доорду тартуулаган ыр менен.

Жашыл өзөн тунук суунун жээгинде,
Жайнап турган түркүн жемиш жедирген.

Убайымга түртүп күндө аябай,
Уурулардай башка ишке жаратпай.
Учур эмне башка салды кыйындык,
Улар үнүн уларына угузбай.

Өктөм мезгил өжөрлүгүн тартуулап,
Өмүр – дайра бизден кетти ыраактап.
Өткөн өмүр кайрылбасын билсек да,
Өксүбөскө жол издейбиз жан кыйнап.

## САНАА ТАРТПА

Көрүнүшүң көөдөнүмө сыйбай турат,
Курук сөздүн кулусуң атаганат.
Көз жашырып өтпөйсүң бул дүйнөдөн,
Көздүүлөрдүн баарысы көрүп турат.

Баштаган иш бүгүн бүтүп кетчүдөй,
Башты оорутуп сүйлөйсүң билимчдүүдөй.
Барда бардай, жокту жонуп жашагын,
Бар дүйнөңдүн көрөңгөсүн түгөтпөй.

Сыйың барда сыйлай билгин баарысын,
Сыр сандыктын жоготпогун ачкычын.
Сагызган да сактыгынан өлбөгөн,
Санаа тартып үшүк алба жаныңдын.

## *СУЛУУ КҮЗ*

Кучактап суук сабаны,
Күз күчүндө карачы.
Каарынан коркуп бул күндө,
Келгин куштар калбады.

Айлана тынч мемиреп,
Ар кыл ойду келтирет.
Ашыгып айтат саламын,
Аалам кезип келдим деп.

Күчүнөн күздүн коркпогон,
Каргалар жүрөт коштогон.
Кызыктын доорун көргөндөй,
Кызыгып күндө топтолгон.

Ашуу ашып чарчабай,
Ааламга суугун аябай.
Атайы келди сулуу күз,
Алды, артына карабай.

Сездирбей сезим козголуп,
Сабырга күчтүү токтолуп.
Сүйүнүп тосом суук күздү,
Сыныма чындап толгонсуп.

## *КАРДЫ ЭСКЕ САЛДЫҢАР*

«Ка» дейби, же «кар-р» дейби,
Катуу чыгып үндөрү.
Каргалар каптап айлымды,
Калкымды жаман жүдөттү.

Ысык өтүп кеткендей,
Ыдырап ою бирикпей.

Ыгы жок эле бир сөздү,
Ырдабай күндө түшүнбөй.

Өлгүдөй жаман үнү бар,
Өлүккө окшош түрү бар.
Өңгүрөп турса даракта,
Өлтүргөнгө болом зар.

Аңгыраган үнү бар,
Азыткыдай түрү бар.
Асылып турса даракта,
Атканга аны болом зар.

...«Кар-р-каррр» каргалар,
Кайдан келип калдыңар.
Кыштын келери жакынбы,
Карды эске салдыңар...

## *АЙЫЛЫМА*

Камынып элдер намазга,
Каш карайып калганда.
Короого койду имерип,
Көз салып турдум айылга.

Тирилик жүрөт жүгүрүп,
Тирүүнүн күнүн өткөрүп.
Тартуулап элге сүйүнүч,
Таңзаардан кечке кам көрүп.

Шоктонуп балдар күнүгө,
Шоокумун салат көчөгө.
Шашылыш чыгып мектептен,
Шамалдай сызат үйүнө.

Суу алса сулуу булактан,
Суу сурап ичип чакадан.

Сөз салып турат жаш жигит,
Суктанып кетпей жанынан.

Көркөмү сонун айылым,
Күнүгө мактап ырдаймын.
Кут кетпесин өзүңдөн,
Күлүңдөп турсун маанайың.

## *БАТА БЕРИП ТУРАЙЫН*

Кайберендей кайып болбо ырларым,
Катуу айтып убалыңа калбайын.
Кыяматтын кыл көпүрө жолунда,
Кыйналбай өт бата берип турайын.

Көздөн эмес жүрөктөн жаш агызып,
Көр болбогун аса таяк таянып.
Катуу экен келечектин сурагы,
Курчтугуңдан ташыркаба кыйналып.

Абалыңды арман коштоп боздобо,
Арсар жолдо калып ырым кор болбо.
«Ажал жетип кетти» сөздү укпайын,
Алың барда моюн сунба болбоско.

## *КЫЙЫН БОЛДУ КЕЧИРҮҮМ*

Сөздөр агат сезимиме батпаган,
Жүрөктү эзип ээ бербей кыйнаган.
Тунуктукту маңдайымдан кетирип,
Туман болуп жан дүйнөмө чалкыган.

Тураарыма тоскоол болуп күнүгө,
Тартып колдон ээлик бербей күчүнө.
Күйүтүмдү тартып ичтен дүүлүгүп,
Жүрөм азыр ээ боло албай өзүмө.

Ишенбеске калбай менин арманым,
Оолак болуп калганымды туйбадым.
Жалган жеңип, чындык четке сүртүлдү,
Көз ачкыча кара болуп ак таңым.

Бийигим деп баян кылып жүрчүмүн,
Деңизим деп ак кемени көрчүмүн.
Бүт дүйнөмдү, байлыгымды, ырымды,
Эсебимде сеники деп сезчүмүн.

Шайтан айдап ордоңо сел жүргүздүң,
Уят жапкан этегиңди көтөрдүң.
Өзүмө-өзүм тоодой күчтү берсем да,
Өмүр бою кыйын болду кечирүүм.

## ОЙЛОН

Кыргыз болсун мени дайым колдоорум,
Кыргыз болсун менин дайым колдоорум.
Кулу болбой башка улуттун жашоодо,
Каны болуп ишке ашсын ойлорум.

Башка улуттар түртсө дагы тереңге,
Бөлүнбөстөн айланып бир зор күчкө.
Байыркы элдин түпкүлүгү билинди,
Боз үйлөрүн буздурбады бирөөгө.

Ыйлатам деп өзүлөрү ыйлады,
Ыркка келбей тунук суусу булганды.
Ыйманы жок элге айланды түбөлүк,
Ырысы жок канкор, душман аталды.

Төшөгүндө жөн жат сартым түшүнгүн,
Талкаланды көзүңчө үч үмүтүң.
Топтолом деп төртүнчү ирет согушка,
Тукум курут болуп калып жүрбөгүн.

## *ЖАЛГЫЗ ТОРГОЙ*

Жалгыз калган өрөөндүн торгоюндай,
Коркунучта калдымбы көккө учалбай.
Безеленген үнүмдү угар жан жок,
Буулугуп улутунам чыдай албай.

Шамалы да кудайдын бүгүн башка,
Учурат кез келгенин туш тарапка.
Калкып жүрөт чаңдар көктө жол кезип,
Миң алаамат түшкөн өңдүү башына.

Ыйык жерим бараткандай тонолуп,
Боз чаңдарга өң келбетин жоготуп.
Жүрөк түшүп ыйлап турам кайгыдан,
Жалгыз калган өрөөндө торгой болуп.

## *ТЕҢ КЕЛБЕЙТ*

Жыттасамбы тоо гүлүн,
Жыттасамбы чөл гүлүн.
Чыгалбай турам жанынан,
Жыттуу болуп үй гүлүм.

Балкытып ойду башкача,
Барсамбы тоо тарапка.
Кылыгы кымбат кырк кыздан,
Калсамбы чөл тарапта.

Баарынан кымбат сезилет,
Көргөндө жүрөк эзилет.
Кайнатамдын кызына,
Бириксе миңи тең келбейт.

## *САМИДИНГЕ ЧЫНДЫК СӨЗ*

Чоочун адам чочутуп сөз сүйлөсө,
Чок чачырап кеткен өңдүү денеме.
Чыдай албай кыйкырамын Алла деп,
Чымын жаным айланып көпөлөккө.
Чаткал жайлоо көрүп келгем жер кенен,
Чындык сөзүм «Ыдырысты» көрбөгөм.
Чуулганды сала берсе өзүңө,
Чындыкты иним көрүп турам көзүңөн.
Чыдаш керек буйругуна тагдырдын,
Чынардын бир бутагыбыз эгилген.

Суулар тунук – көздөрүндөй кыздардын,
Гүлдөр жыттуу жыттарындай кыздардын.
«Ыдырыска» эрте али барышка,
Көпөлөктөй жайнап учсун ырларың.
Чапчымадай бийикти ээлеп жашай бер,
Белеги бул сага берген кудайдын.
Жашооң дайым элиң менен улансын,
Адам санын азайтпастан улагын.

Көпөлөктөр уча берсин көкөлөп,
Кудай аны жаратты эптеп бөпөлөп.
Дагы сага кайталаймын сөзүмдү,
«Ыдырыска» баруу сага эртерээк.

## *ӨЗГӨРТӨМҮН МЫЙЗАМДЫ*

Күндүзү ичкен чайымдын,
Азабын түндө тартамын.
Карабай чилде суугуна,
Тынымсыз сыртка чыгамын.

Көтөрбөй жерден жамбашты,
Ууртап ичкен көк чайды.
Карызга берип жаткансып,
Кудайым неге кыйнады?

Сенибичы көк чай шашылба,
Азабың батты жаныма.
Карыганда чуркаттың,
Темир тор салам бутуңа.

Кыйнаган мени көк чайбы,
Жүгүрүп жаным тынбады.
Өңгө эмес өзгө жакпаган,
Өзгөртөмүн мыйзамды.

## *АЙЫЛЧЫ АЯЛ*

Кан сарайдай үйүндө,
Бир аял бар бойтойгон.
Ооруп калса кокустан,
Намазы каза болсо да.
Айылы каза болбогон.

Ачылып багы дайыма,
Кубат кирип жанына.
Колдору деле шыпылдайт,
Буттары деле шыпылдайт.
Жаралгандай айылга.

Айлыгы күчтүү жанга окшоп,
Кырк айылды бир коштоп.
Күч келтирип өзүнө,
Күч келтирип көзүнө.
План түзөт үн коштоп.

Жер бетинде калбады,
Бойтойгон аял айылы.
Айда айыл барбы деп,
Күндө айыл барбы деп.
Самап жүргөн убагы.

## *КЕЛЧИ ЭРТЕ*

Жайлоодо кең булак көзүн ачкандай,
Дартка дабаа дары сууну тапкандай.
Толкунданып турам күтүп өзүңдү,
Жакшы иштин көрүндүгүн алчуудай.

Сансыз ойлор бүлүк салбай сезимге,
Көп кечикпей келет деген үмүттө.
Аркы өйүздү карай мулам элеңдеп,
Кызганычтын оту жанып жүрөктө.

Дары суудан ууртап эркем ичели,
Жаратканды жоомарттыгын билели.
Тирүүлүктүн аппак таңын бир күтүп,
Бул жалганда өлбөөчүдөй жүрөлү.

Кулак түрөм улам тоонун желине,
Кабар айтып өтөөр деген үмүттө.
Карегимди талдырбачы татынам,
Күлкү топтоп келчи эрте өзүмө.

## ЖАШОО УЛАП КЕЛЕМИН

Күлүк ойдон күлүп тураар,
Күлүк ырлар жаралаар.
Келгенинен кеткени тез,
Күлүк күндөр жол баштаар.

Кашаң ырлар кечеңдеген,
Күйүтүн эч билдирбестен.
Казганактап келет жолдо,
Катарынан кемибестен.

Жакшы ырга сүйүнүп,
Жаман ырга күйүнүп.
Жашоо улап келемин,
Жазмай ишке жүгүрүп.

Жакшы болсо ырларым,
Жарык болуп маанайым.
Жайлоодо кең жүргөндөй,
Жашарып бир аламын.

Жаман болсо ырларым,
Жазылбай такыр кабагым.
Жайлоого кең батпастан,
Жашарып бир жатпадым.

## ЫДЫРАТЫП САЛБАЙЛЫ

Ишти аткарып күндө болгон көнүмүш,
Бирде жеңил бирде оорлоп көнүгүш.
Көз жаздымдан калтырбай эч нерсени,
Жүрсөм дагы кыйын болду кезигиш.

Көп ой, санаа көтөрбөдү көңүлдү,

Күлкүмдү ээлеп бийлеп алды жүрөктү.
Ным жыттанган үңкүр болуп мекени,
Кыямат күн келген өңдүү сезилди.

Таалай нурун чачыратып багына,
Өзгөлөрдөн өзгөчөлөп башкача.
Өзүм ачка болсом дагы жашоодо,
Жан азыкты таап берем ырларга.

Ырым жакшы ыр аркылуу сен жакшы,
Ышкы отунун алоосунда калбачы.
Эске албастан ушул жалган дүйнөнү,
Келген күндү ыдыратып салбайлы.

## *ЖАЗ ЖЫТТАНГАН ЫРЫМА*

Жаш баланын кыялындай күлкүлүү,
Жазды жакшы көрөөрүмдү сездиңби.
Жашыл өзөн Көк-Арт дайра жээгинде,
Жакшы адамдар жай аларын билдиңби.

Күн илеби кыштын суугун кетирип,
Кутман жерге килем төшөп түрлөнтүп.
Кубандырды бүгүн Мундуз айлымды,
Кыз баладай жапжаш аалам төрөлүп.

Өр таянган өмүр көчүн колдогон,
Өткүрлүктү алып күндө оң солдон.
Өзүң менен барам мен да алдыга,
Өзгөлөрдүн суук сөзүнөн коркпостон.

Бала болуп балапан жыт башкача,
Бааланасың күндө менин багыма.
Балкып денем сүйүнөмүн өзүмчө,
Бийлеп турган жаз жыттанган ырыма.

## ЖАЗ КЕЛДИ

Жаз келди элим сүйүнчү,
Жакшы сөз айтып сүйүнтчү.
Жомоктой жашоо берсин ээ,
Жаадырып жаандай күлкүнү.

Бийлигин алган колуна,
Башкарып жазым турганда.
Баткактуу жолдон арылып,
Басалы жакшы тарапка.

Айлананды карачы,
Ала-Тоом укмуш жасанды.
Ааламды арбап башкарат,
Ай, күнгө жетсин чамасы.

Жазга жаздай бололу,
Жаз майрамын тойлойлу.
Жарышып иштеп талаада,
Жыл азыгын ойнойлу.

Этегин жаткан жергеме,
Эскилик бизден кетсин ээ.
Эсебин ачкан жаз айы,
Элиме оомат берсин ээ.

## ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТ

Асмандагы айды тиктеп ойлоном,
Алтын алкак нурун жиреп толгоном.
Көрүп туруп көчкү көчкөн кейпимди,
Ашыгыма кабар айтып койбогон.

Түтүнү жок өзөгүмдөн өрттөндүм,
Гүлү үзүлүп гүлкайырдай көксөөмдүн.
Колдо барда кыйналганым эмнеси,

Булчуң эти үзүлгөндөй денемдин.

Ишенбеске калбадыбы арманым,
Билгениңди неге айтпадың көктө Айым.
Жанды өксүтүп, үштү алар кайгыдан,
Кантип табам сакаюунун айласын.

Бул жашоонун боорго кысып жыргалын,
Сүйүнүчтүн жашырбастан аныгын.
Кабар айтып келер деген ойдо элем,
Болдубу же мага сенин кызганууң.

Көктө айды тиктеп турган демейде,
Кызыктар көп Кызыл-Сеңир жеринде.
Жүрөм дале ишеничке от жагып,
Айым менен келер деген үмүттө.

## *ПОЭЗИЯГА*

Ааламыма жаңы жылдыз жаратып,
Кыялыма кылым көчүн улантып.
Таалай ырын таңшытып кең үйүмдө,
Бакыт бердиң балдарыма аталык.

Айттырбадың душмандын да күпүрүн,
Ачыктадың аз жашоодо сөз күчүн.
Өнөрүмө өмүр бердиң күнүгө,
Ырларыма эне сүтүн эмиздиң.

Эркедим жаш баладай өзүңө,
Тойбой такыр түбөлүктүү көркүңө.
Аралаттың кооз, көркөм жерлерди,
Адам сугун тартып турган өзүңө.

* * *

Кырманга кырда батырып,
Кызылдап ырды сапырып.
Акын-дыйкан кубанды,
Түшүмүн жонго артынып.

Курт, кумурска тоюнду,
Куштар да капа болбоду.
Жан-жаныбар талаада,
Олжого түндү укмуштуу.

## ӨЗҮҢ БОЛЧУ КОЛДООРУМ

Сыйкыр дүйнө неге мынча сулуусуң,
Сүйүнтөсүң өзүң болуп колдоорум.
Сурарым да, сүйөрүм башка жок,
Санагынан жаңылбасын болжолум.

Бул дүйнөдө кеми болбой дүнүйөм,
Сендик болуп калганыма сүйүнөм.
Сынап жатат деген ойдо боломун,
Жаман жорук баштасаң да күндө сен.

## КААЛОО

Башкалардан бир ат чабым алыста,
Бараткан да жорго минип алдыда.
Бар байлыкты башкалардан аябай,
Берип жаттың жолдо муктаж жандарга.

Алгыр куштай жүрүшүңдөн талбагын,
Алыска учуп өз элиңе баалангын.
Асмандагы жылдыздардай жайнасын,
Ар бир үйдөн байыр алып ырларың.

## *БИЗДИН АЙЫЛ*

Кудайыма шек келтирип койбоюн,
Эч ким билбейт эртең эмне болорун.
Кооз дүйнө, жашыл аалам жаратып,
Кыргыздарга тартуулаптыр сонунун.

Тунук суунун шылдыр үнүн укканда,
Кез келгендей сонун жаштык куракка.
Жүгүн арткан чарчоону да унутуп,
Жүгүрөбүз өмүр берер булакка.

Биздин айыл кыз баладай жасанып,
Күндөн күнгө, айдан айга жашарып.
Ыйбаа күтүп, көбөйүүдө эсеби,
Жаңы бүлө, жаңы конуш уланып.

* * *

Жыландын да баласы сүйкүм көзгө,
Энесинин жанында сойлоп жүрсө.
Үштү алган ачууну ичке жутуп,
Жеткирип койгуң келет ийинине.

## *БАЛА ТИЛЕГИ*

Эккен менин көчөтүм,
Куурабагын көгөргүн.
Көгөргүн да бүрдөгүн,
Бүрдөгүн да гүлдөгүн.
Гүлүң төгүп күзүндө,
Түшүмүңдү көп бергин.
Ушул менин тилегим,
Мөмөдөн жеп досторум.
Мага окшоп сүйүнсүн.

## ТАҢДАГЫ ОЙ

Ыйык таңдын алдында,
Унчукпай келип жаныма.
Ууртунан бир аз жылмайып,
Алдырып дале уйкуга.
Аялым турду жанымда,
Багымдат намаз окушка.

Ичиркентип денени,
Көк-Арттын салкын шамалы.
Уйкуну кетти кубалап,
Бийликте турган таңдагы.
Умачтай уйкум ачылып,
Сагынып турдум намазды.

Тынчтыгын тилеп бүлөмдүн,
Тынчтыгын тилеп өлкөмдүн.
Тунук таңдын алдында,
Толтуруп көөнүн мүдөөмдүн.
Толкундап намаз окуюн,
Теңирим жалгыз сен үчүн.

## ЧАГЫЛЫП ОТ

Колдоого алып көтөрмөлөп турсаң да,
Колдон келген мүмкүндүктү ачпадым.
Узун түндө көз ачпаган уйкуман,
Убакыт таап ойгонууга шашпадым.

Арманымды катып улам ичиме,
Катаал тагдыр маңдайына туш келип.
Ачпай сырды колдоого алган кишиме,
Өтөт окшойт бул дүйнөдөн үшкүрүп.

Жүрөгүңдү оорутпачы катама,
Арылаар кез келер бир күн азаптан.
Түн терметкен уйкусу көп чагыма,
Күн да келер тартып алар колуман.

Ыр дүйнөгө мерез болбос менчелик,
Кечир мени боорукер эл көзүнчө.
Таңым менен маңдайыма жарк этип,
Чагылып өт эстеп калар эңсөөмө.

## *ЖАШЫРБАЧЫ СЫРЫҢДЫ*

Билсем дагы өтө бийик узагын,
Ак мөңгүлүү тоонун тиктеп турпатын.
Уюп жаткан ырларымды кучактап,
Эл артында мен да бара жатамын.

Көөнүм толбой ачылбаган сырларга,
Жалган дүйнө бийлигинде турганда.
Тунук суудан бир уурттатып койбодуң,
Жан киргизип алар элем ырларга.

Жалган дүйнө жашырбачы сырыңды,
Чектөөгө алып койдуңбу же чамамды.
Жашыл жайлоо төргө эмес ылдыйлап,
Буруму жок бир буйгоодо калдымбы.

## *КЕЛЧИ МАГА*

Үмүт тилеп өзүң деп жүрөйүнчү,
Берчи мага ак таңым тилегимди.
Тирүүлүктө тартпай өмүр ызасын,
Ак кууң болуп көлүңдө сүзөйүнчү.

Кут төгүлүп сен жашаган айылдан,
Кутултар кез болсо кана азаптан.

Ак сүйүүмдү баян кылып өзүңө,
Жүрөр элем кетпей такыр жаныңдан.

Тирүүлүктө ырын ырдап биреөнүн,
Тирүү өлүк кезди жаман көрөмүн.
Деңиз толкуп көл чайпалып турса да,
Кызыгына батам өздүк дүйнөнүн.

Кызыктарга кызыл мончок тагып кел,
Куржунуңа ырыскыдан сала кел.
Камылгамды көрүп мен да күтөйүн,
Карегиңе кооздукту тарта кел.

Күндөр өтөт, ай эшигин каккылап,
Ааламдын кең этегинен тарткылап.
Кызыр колдоп келчи менин жаныма,
Таңым менен ыр жашоону тартуулап.

## ЧАГЫЛГАНДЫН КҮЧҮ

Асманды бөлгөн экиге,
Чагылгандын күчүнө.
Баш ийип үйдө отурам,
Коркунуч батпай денеме.

Унутуп жалган дүйнөнү,
Келтирип оозго келмени.
Алаканга калкалайм,
Ай өпкөн аппак жүзүмдү.

Алдасташкан заматта,
Коркунуч тооруп турганда.
Көрүнөт көзгө чын дүйнө,
Суратпай келип жаныма.

* * *

Ээ болуп жакшылардын колдоосуна,
Тирүүлүктүн таңын күндө тособуз.
Баш ийбей турмуштун шок алдоосуна,
Жардам берер жакшылыкты колдойбуз.

Сыйкырчылар койгон өңдүү дубалап,
Оор ойлор тооруса улам жолумду.
Тура бербей келген күндү кучактап,
Жорголотом жолго кенен оюмду.

Аясам да жерге койбой жанымды,
Чын дилимден жалгыз сени ойлодум.
Бошото албай торго түшкөн чамамды,
Суу жээгинде суугa чаңкап толгондум.

Азгырыктан күнү-түнү арбаган,
Ызам күчөйт кордугуна жазмыштын.
Арыла албай неге мынча кыйналам,
Жайсыз болуп күндө байкуш абалым.

## *СУРАНУУ*

Кызыл көйнөк кийген күндөр кылактап,
Колду булгап тээ кырда баратат.
Кызгалдактуу өрөөндөргө ээ кылбай,
Кырчын курак билбейм кайда шашылат.

Умтулбадым чачып дүйнө болбоско,
Урушпадым бирөө менен кан жолдо.
Убакытты урмат кылып бааладым,
Убарамды бурбай бөөдө оң, солго.

Келгенинен кеткени тез билинбей,
Көгүчкөн кез кайда учту көрүнбөй.
Келбетиңе көз тойгузуп тиктээрде,
Кара жерге көмүп салба тирүүлөй.

## *КУРЧТУГУНАН АЛАЙЫН*

Аңдып турган ажалдан да коркпогон,
Уйкудагы мээни кантип ойготом.
Басканга бут, кармарга кол жарабай.
Кан тамырым араң согот, толгоном.

Көздөрүмдөн жаш тамчылап өзүнчө,
Күйүт толуп көкүрөккө түрдүүчө.
Жүрөгүм да араң башын көтөрүп,
Кең ааламды сагынгандай демейде.

Көктү жарган чагылгандан коркпосом,
Анан кантип тирүү жанга кол созом.
Жата берип жамбашым да талыды,
Же жылаандай боло албадым сойлогон.

Катуу айтпай өзүмдү-өзүм алдайын,
Көөдөнүмө ыр өмүрдү салайын.
Күлүк минген акындарды жылоолоп,
Жүрөгүмө курчтугунан алайын.

## *АЙЫЛДАШТАР СҮЙҮНСҮН*

Ыр суу болуп идишиме толдубу,
Ичейинби магдыратып боюмду.
Кулагы уккан пенделерим сүйүнсүн,
Комуз коштоп чыгыптыр деп добушу.

Ай нуруна баары жакшы көрүнөт,
Түркүн ойлор түрмөк болуп өрүлөт.
Жылдыздарды жылдыз коштоп санатып,
Жарыктары жер бетине төгүлөт.

Тартуу кылып турпатымды ырыма,
Чыгайынбы ыр жарышта алдыга.
Тойго келген айылдаштар сүйүнсүн,
Акыныбыз жетти деп соң утушка.

## ЖАЙЛООДО

Ушул жерге канча адамдар келишкен,
Үй тигишип эс алышып жүрүшкөн.
Аппак сакал карыялар чогулуп,
Ушул жерде кымыз ичип күлүшкөн.

Жайдын жылуу керемети башкача,
Жайлоо сулуу жайлоо көрктүү чынында.
Жазып черди магдырашат денеңди,
Ичиркентип шамал кирсе койнуңа.

Тентек ойду тегеренип качпагын,
Таасын сөздүн төркүнүн дос байкагын.
Тамашалап сөз айтсам көп терикпе,
Сезбептирмин ырымдын ач калганын.

## КЕЧИРИМИ БИЛИНДИ

Кыйындыкты жеңе билип,
Кумурскадай иштедим.
Күн көрүнүп күн баткыча,
Эс алууну билбедим.

Узун, кыска ойлор келип,
Удургутса сезимди.
Түн кечирип таң аткыча,
Аябадым өзүмдү.

Жалпак тилге күч келтирип,
Жараттым көп сөздөрдү.
Талкаланды элге жетпей,
Кыска экен өмүрү.

Ыр жаратуу кыйын экен,
Болуп, болбой колдоору.
Тоодон коркуп, түздөн чочуп,
Бир максатта болбоду.

Аябадым ошондо да,
Кумурскадай өзүмдү.
Айдың көлгө бара жаткан,
Ак куулар көзгө көрүндү.

Ак баракка аппак ойдун,
Ачык болду түшүшү.
Ыйык түндүн ыйык күндүн,
Кечирими билинди.

## *БУЛУТТАР*

Көгүмдөгү ак булуттар,
Катаал жолдон кайт булуттар.
Көк тиктеген ашыгыма,
Кабарымды айт булуттар.

Ак булуттар, көк булуттар,
Ашуу ашкан алп булуттар.
Ашыгымды алыстагы,
Алып келип муңду унуткар.

Силерден көп алаарым,
Силерсиз жашай албаймын.
Силерди тиктеп ыр курап,
Сырымды ырга ачамын.

Ырларым менин булуттар,
Ырымда сырым угулар.
Ырыскы чачкын жергеме,
Ыр жандуулар угушаар.

## БЕКЕРГЕ БААРЫ БЕКЕРГЕ

Шамалдай сызган жаныбар,
Күлүктү минип күмүш жал.
Таң ата чыктым сапарга,
Артыңган оор жүгүм бар.

Куржундун бир көзүндө,
Ырларым бар кечеги.
Куржундун бир көзүндө,
Ырларым бар бүгүнкү.

Тартынбай келе бергиле,
Сатылбайт ырым эч кимге.
Каалашыңча ала бер,
Бекерге баары бекерге.

Минип алып желкеңе,
Жаңак чагат мээңе.
Жалганчы болсоң жашынып,
Жалкоо болсоң көрүнбө.

Сойкуга сокку берилет,
Балтыр эти тилинет.
Учурга тийген зыяны,
Уурунуп колу кесилет.

Көзсүздөргө көз берет,
Көргөзүп көп керемет.
Чаңкаганга суу берет,
Тартуулап ага көп тилек.

Билбегенди билдирет,
Бал тамактан жедирет.
Бар дүйнөнүн кызыгы,
Бала жытын эстетет.

Келгиле баарың келгиле,
Ыр белек алып кеткиле.
Саамга өмүр жашарсын,
Бир жылмайып күлгүлө.

## НУР БОЛУП

Калтырак басып денемди,
Коркунуч каптап жүрөктү.
Капкагын ырдын ачалбай,
Корунуп жүрүп өтөмбү.

Сездирбей келген миң ирет,
Санаам санга бөлүнөт.
Сайратып булбул багында,
Санаалаш болуп жүрсөм деп.

Түз жолунда тагдырдын,
Таба албай жолду кыйналдым.
Таалайыма нур болуп,
Талпынып келчи ырларым.

Булуттай жылып тоодогу,
Булактай ийип ойдогу.
Багыма менин ыр болуп,
Баш ийип келсең болгону.

## ТАҢЫ БОЛ

Көз өткөнчө сени менен сындуумун,
Кең өрөөндө толкуп аккан сууңмун.
Колдоруна карматып кооз гүлдөрдү,
Карегинде калгым келет сулуунун.

Кучактарым, колдоого алып сыйларым,
Көрбөгүн эч турмуштун каар ызгаарын.

Күтпөгөн бир тагдырларга туш келбе,
Көлөкөңө тушалбасын буттарың.

Жоомарт ырым жашай бергин күлүңдөй,
Жөпжөнөкөй көп ырлардын бириндей.
Жашоосунда окурмандын таңы бол,
Жарык нурун чачып турган түгөнбөй.

## ИШЕНБЕ

Күлүк ырды көөдөнүмдө тапталган,
Көпчүлүктүн ыр тоюнда чаптырам.
Кыялдарга кызыл шуру тактырып,
Көрүнбөгөн алыстыкты багынтам.

Тар дүйнөдө болсо дагы кол кыска,
Тарынычты айта бербей башкага.
Талантуулар таймашына ылайык,
Табылгамды бергим келет ырыма.

Арзуу ырым Ак үйгө эч ишенбе,
Ак үй сенин курт түшүрөт тишиңе.
Азууңду бүт жулуп алып кейибе,
Ачкалыкты артып салат желкеңе.

## МИНГЕНИМ ЭШЕК АРАБА

Теңдешсиз окуяны курап сөздөн,
Айларды жылга айлантып өзгөртпөстөн.
Сууруп чыгып түпкүрүнөн жашоонун,
Өлбөстүктү ырдар менин ыр дүйнөм.

Коломтодо күйгөн отту өчүрбөй,
Ат жалына казан асып күлүңдөй.
Тоо таянган кыргыз элим барында,
Тоо тарапка чуркайм күндө күлүктөй.

Туу көтөргөн тирүүлөрдүн биримин,
Таамай сөздүн ачкан күндө жүйөсүн.
Тайкы кылба бешенемди ырларым,
Араңарга кошту мени теңирим.

Абалыма, турпатыма караба,
Минип жүрөм азыр эшек араба.
Артып алгам актай барак дептерди,
Балким эртең жазылар көп табылга.

## *КОБУРАШЫП АЛАЛЫ*

Аргымактын тартып турчу тизгинин,
Айылдаштай кобурашып алалы.
Алла берген ушул жалган өмүрдө,
Аздектеген бала-чакаң аманбы?

Эч ким бербейт бизге күлкү өмүрдү,
Эл аралап жакшы өмүр сүрөлү.
Эркин аккан Көк-Арт дайра суусундай,
Эркиндиктин кадырына жетели.

Жанды жанга уруп досум экөөбүз,
Жашоо улап бир айылда жүрөбүз.
Уул үйлөп, келин алып, кыз бердик,
Уучубузга толуп турат дүйнөбүз.

Кызыл өңдүн күнү качып күнүгө,
Кырчын курак илинбей көз ирмемге.
Коргошундай ээрип туруп калдыкпы,
Колдонууга керектелбей бул күндө.

Өзүбүздү өзгөдөй дос сыйлайлы,
Өзүбүзгө кыянаттык кылбайлы.
Өнөрлүүнүн колун кармап көз кысып,
Өнөрлүүдөй өмүр улап жыргайлы.

Ачуу камчы урбачы ат жалына,
Алып учуп буйругунда турганда.
Арман дүйнө кармагына урунбай,
Араздашпай жүрөлү дос айылда.

* * *

Талпынып учкан турумтай,
Тууруна кетти бурулбай.
Талаада калдым томсоруп,
Түнөргөн кабак ачылбай.

Топчудай сөздүн мааниси,
Тоодой ишти бүтүрөр.
Толкуну күч дайралар,
Тамчы суудан түптөлөр.

Тарыхы жок эл болбойт,
Тоосу болбой кен болбойт.
Жайсыз жерди аздектеп,
Жабыла барып эл конбойт.

Караган менен канчалык,
Көзүмдөн ачуу жаш тамып.
Калтырак басты денемди,
Колумдан тартып карылык.

## ЫРГА АЙЛАНСЫН ЖҮРӨГҮМ

Күлүк экен өзүмдөн да ойлорум,
Күлүктүгүн көрүп туруп тоорулдум.
Күн көрүнбөс түн кучактап турса да,
Көркү болуп турат дайым болжолдун.

Теңиримдин буйругунда коштолгон,
Тагдыр жүзүн көрсөтүүдөн коркпостон.

Таалай кушун учурам эч ойлонбой,
Мунаранын төрүнө көк муз тоңгон.

Дервиш өңдүү жорткон күлүк оюмдун,
Дубуртүндө падыша да боломун.
Чексиз дүйнө чачсам дагы калкыма,
Чектей албай ырларды көп толгондум.

Күлүк ойлор ырга айланбай кыйнады,
Көрсө дагы күндө чексиз ааламды.
Кең өрөөнгө таштап коюп өзүмдү,
Кыя жолго кошо басып барбады.

Күлүк ойлор күлүктүгүң чын сенин,
Күүлөндүргөн кең ааламга өзүммүн.
Көңүлүмө ыр жамгырын сээп өт,
Кубат алып ырга айлансын жүрөгүм.

* * *

Кыялыма келбесе да эч нерсе,
Түндө уктабай түйшүк тарткан кишидей.
Ак кагазды карап турам жалдырап,
Күлүк ойду токтотууга үлгүрбөй.

Бороонго күч кабылгандай дүнүйөм,
Ичиркенип өзүмдү-өзүм жемелейм.
Көз ирмебей түн күзөткөн сакчыдай,
Ырларды көп кайтаргандай өңдөнөм.

* * *

Оңду сол деп, солду оң деп атаган,
Адамдардын мүнөзүнө таң калам.
Арбалгандай көп керемет сыйкырга,
Барга тойбой бардарларга көз артам.

Чөйчөктөгү ичип өмүр суусунан,
Түндү мактап көңүлүмдөн ыр сунам.
Алла мага өз шыбырын угузат.
Барга, жокко бирдей тегиз караган.

* * *

Алтымыш оору бир келсе,
Айлаң кетип качпагын.
Айыгар дары табам деп,
Алтымыш ашуу ашпагын.

Жетимиш оору бир келсе,
Желдирип жорго качпагын.
Жашоого дары табам деп,
Жетимиш ашуу ашпагын.

* * *

Коркунуч жаман турбайбы.
Калтыратып денемди,
Түшүрүп жүрөк кыйнады.

Сүйүнүч жакшы турбайбы.
Калтаарытып денемди,
Ууртума күлкү жаратты.

Өлүм жаман турбайбы.
Өзөккө кан кетирип,
Мээ токтотуп кыйнады.

Төрөлүү жакшы турбайбы.
Өзөккө жан киргизип,
Мээримимдин таңы атты.

* * *

Өтсө да өмүр мендеги,
Өтпөсүн өмүр сендеги.

Өчсө да жарык мендеги,
Өчпөсүн жарык сендеги.

Өтсө да жаштык мендеги,
Өтпөсүн жаштык сендеги.

Кетсе да кайрат мендеги,
Кетпесин кайрат сендеги.

Кетсе да курчтук мендеги,
Кетпесин курчтук сендеги.

Кетсе да оомат мендеги,
Кетпесин оомат сендеги...

## ТҮБӨЛҮГҮ ТҮЗ ЭЛИМ

Безилдей бербе жөн эле,
Безгек болгон кишиче.
Колуңа толбойт ырыскы,
Кудайым буйрук бербесе.

Суук болбосо жер тоңбойт,
Сүрүлүп барып эл конбойт.
Серүүндө жамгыр болбосо,
Себепсиз жерди сел ойбойт.

Туздуу көлдө муз тоңбойт,
Тегерегин тоо коргойт.
Таң калтырып дүйнөнү,
Теңирге жаккан эл тойлойт.

Жаннаттын төрүн ээлеген,
Жаркын жерде жашайм мен.
Жетимиш жашта ыр жазып,
Жаз күнүндөй күлүңдөйм.

Кайсы жерге барбайын,
Кимге салам айтпайын.
Көтөрүлөт көңүлүм,
Көргөндө элдин маанайын.

Тынчтык болсун жергемде,
Тынчтык болсун дүйнөдө.
Түбөлүгү түз элдин,
Тамыры кетсин тереңге.

## *КОРУНБА*

Сай боюнда салкын төр,
Салкын төргө көңүл бөл.
Суусунан ичип Көк-Арттын,
Сулуулап өмүр жазгын чер.

Жол боюнда салкын төр,
Жактырып ага көңүл бөл.
Жанында болуп түгөйүң,
Жылдызың жанып жазгын чер.

Ашуу ашып алыска,
Аргымак минип чабытта.
Ала-Тоо сенин мекениң,
Алдууларга алдырба.

Кошогун айтып көйгөйдүн,
Козутуп ишти ийбегин.
Колуңда барда ойноп кал,
Корунуп өмүр сүрбөгүн.

## СУЛУУ

Адашып келип калдымбы,
Алтымыш жаш айлыңа.
Эл ортону элүү жаш,
Калды анда каякта?

Сыр катпай чыны ичиме,
Суроо салам өзүмө.
Сөзүмдүн бүтпөй аягы,
Жетипмин алтымыш жетиге.

Көз ирмөөгө үлгүрбөй,
Көргөн күн өттү күлүңдөй.
Карылык келип калдыбы,
Жаштыгымды сүйлөтпөй.

Карыны көрсөм сүйүнүп,
Камылга көрүп күтүнүп.
Колунан кармап жүрчү элем,
Алдында үч бүктөлүп.

Сакалын көрүп агарган,
Суктанып көп караган.
Карылар жок алдымда,
Капа болуп баратам.

Карыларым мен көргөн,
Көрүнбөй кетти неликтен.
Кезек мага келдиби,
Көчөнү көркке бөлөгөн.

Көчөдө көптөр жүрүшөт,
Көңүлдүү өмүр сүрүшөт.
Алдымда үч бүктөлүп,
«Аба» деп салам беришет.

Күн өтсө бирден азайып,
Көзүмдөн ачуу жаш тамып.
Чыйырын улап баратам,
Аталар жолун улантып.

Кезеги келсе өлүмдүн,
Келмемди айтып кетермин.
Көрүнбөй калсам көчөдөн,
Жолумдан жаштар өтөрсүң.

Келме кезек дүнүйө,
Кереги кетет о дүйнө.
Корккон менен не пайда,
Корунбай тиктейм өлүмгө.

## *«КЫРГЫЗСТАН ОБОНДОРУ» РАДИОСУНА*

Божураган каралдым,
Билгизбей жолдун ыраагын.
Бир мүнөткө тынбастын,
Буулуккан черди жазалдың.

Чаңкооңо суу ичпедиң,
Чаалыгып жолдо түшпөдүң.
Чыкыроон кышта, жайда да,
Чамамды билип сүйлөдүң.

Жаздан беле өмүрүң,
Жазды мактап сүйлөйсүң.
Жайдан беле өмүрүң,
Жайды мактап сүйлөйсүң.

Күздөн беле өмүрүң,
Күздү мактап сүйлөйсүң.

Кыштан беле өмүрүң,
Кышты мактап сүйлөйсүң.

Суудан беле өмүрүң,
Сууну мактап сүйлөйсүң.
Таштан беле өмүрүң,
Тоону мактап сүйлөйсүң.

Абадан беле өмүрүң,
Ааламды мактап сүйлөйсүң.
Ырдан беле өмүрүң,
Ырды мактап сүйлөйсүң.

Күндөн беле өмүрүң,
Күндө тынбай сүйлөйсүң.
Айдан беле өмүрүң,
Айлап тынбай сүйлөйсүң.

Түндөн беле өмүрүң,
Түндө тынбай сүйлөйсүң.
Шамалдан беле өмүрүң,
Шоокумун ойдун бийлейсиң.

Элиңде сенин жүрөгүң,
Эл үчүн жашап жүрөсүң.
Элиң барда сен барсың,
Узун болсун өмүрүң.

Жараткан жолуңду ачсын,
Жашооңо нурун чачсын.
Баркыңа жеткен мендейдин,
Жүгүргөн жүрөк канысың.

## ТҮГӨТКӨ

Менденби, же элденби,
Мине качып күлүктү.
Из жашырып жок болдуң,
Ишиңди бүтпөй бүгүнкү.

Билбедиңби, билдиңби,
Бууданды минип элдеги.
Белди ашып жок болдуң,
Бүтүрбөй ишти бүгүнкү.

Сездиңби, сезбедиңби,
Сатып ийип күлүктү.
Сурагын тартып башка элдин,
Садагамдай келдиңби?

Көрбөдүңбү, көрдүңбү,
Кыйналып сатып күлүктү.
Кордугун көрүп башка элдин,
Кайырчы болуп келдиңби?

## КӨӨДӨНҮМӨ КЕЧИРИМДИ ТҮНӨТҮП

Суу кечпеген сөздөр калды ар жерде,
Өз таасирин тийгизе албай эч кимге.
Тамырымдын кан басымы көбөйдү,
Көрүнүштөр илинбей көз ирмемге.

Көзгө элестеп өткөн жакшы күндөрүм,
Кудайымдан ден соолукту тилендим.
Кыялдарды жакшылыкка жоорутуп,
Көөдөнүмө кечиримди түнөттүм.

Алым барда кур намыска чиренбей,
Өткүм келет бул жашоодо күлүңдөй.
Чыгаргым бар азаттыкка кайрадан,
Кечиримди коңшума да билдирбей.

## *БАРАЙЫНБЫ ӨЗҮҢӨ?*

Өмүрдүн өрттөй күйүп жалганына,
Өзүмө күйүт үйүп турган чакта.
Ызамды ырга айлантып жазгым келди,
Ырлардын тоо томкорор саптарына.

Кош тизгиңди кармай албай койдумбу,
Коштошуунун себепкери болдумбу.
Календердей туура сөздү айталбай,
Көңүлүңө кайгы салып койдумбу.

Жандан бүткөн кандан бүткөн ырларды,
Жан дүйнөңө жамгырдай сээп барсамбы.
Жашыл жаздын булутундай жер кезип,
Жайлоодо кең дайра болуп аксамбы.

Турмак ойлор тынчтык бербей өзүмө,
Түн уйкумду бөлүп турган кезинде.
Тилегиңе нурун чачкан күн болуп,
Тагдырлашым барайынбы өзүңө.

## *МИҢДИН БИРИ ӨЗҮММҮН*

Колдоого алып күндүзү,
Коркутпай сактап түндөсү.
Колумдан жүрөт жетелеп,
Кудайым сактап өмүрдү.

Жоготпой жакшы тилекти,
Жаратып күндө үмүттү.

Жанымда жүрөт жетелеп,
Жараткан сактап өмүрдү.

Тарыныч катпай дилине,
Талапты коюп тилине.
Талантты берди ыр жазмай,
Таңуулап миңдин бирине.

Азыкты топтоп дилине,
Ачыктап ойду тилине.
Айтышты берди таңуулап,
Аймакта элдин бирине.

Түндүк менен түштүктүн,
Түбү бирге эл үчүн.
Түшүрбөй баштан калпакты,
Тазасын берди кийимдин.

Окшош аккан суулары,
Оргуштап чыккан булагы.
Орундуу сөздү сүйлөшөт.
Ооматтуу уул-кыздары.

Энелер кийип элечек,
Элинин даңкын көтөрөт.
Этектеп күлкү өмүрдү,
Энчисин тең бөлүшөт.

Асманы бар элденбиз,
Ачык көңүл пендебиз.
Аскасы бийик көк чийген,
Аскада өмүр сүрөбүз.

Сүйлөгөн сөзү максаттуу,
Санжырачы, тарыхчы.
Санаксыз элдин ичинен,
Саналат тура жакшысы.

Көрөгөч көздүү ой тизген,
Кылымды айткан сөз менен.
Кыйындар көп кыргызда,
Кызырлар менен беттешкен.

Маңдайга бүткөн күнү-түн,
Манасыбыз бир биздин.
Мамлекетти түптөөдө,
Максатыбыз бир биздин.

Колдогон жаш-карысын,
Кудайым берет барысын.
Кыргыздар дүйнө башкарды,
Кылымдын ачып тарыхын.

Сөз атасын жок кылбай,
Сөздү барктап ар кандай.
Суктандырды дүйнөнү,
Сымаптай калды агылбай.

Эш болуп бири-бирине,
Эркелеп сырдуу дүйнөгө.
Эл менен бирге жүрүшөт,
Эрендерим бул күндө.

Кол кезеп кайым айтышпай,
Колтукка суу чачышпай.
Көрүнөт көзгө сүйкүмдүү,
Көлдө сүзгөн ак куудай.

Элдерим өзү шайлаган,
Эргулдарга таң калам.
Эсеби жүздөн ашса да,
Эмгегин элге ачпаган.

Карабы, же алабы,
Кол башчынын таягы.

Көрсөтүп коёт кез-кезде,
Коркутуп оппозицияны.

Ак үйдө жаңжал башталды,
Аягы бүтпөй чамасы.
Арачалар эч ким жок,
Ак менен кандуу караны.

Көздүүлөр айтат көргөнүн,
Көңүлгө туура келгенин.
Кыймылсыз мүлктөр кыймылдап,
Кыйындарга өткөнүн.

Кум-Төрдүн бүтпөй чатагы,
Кыйла адамды кыйнады.
Колу-буту байланып,
Күнөөсүздөр кармалды.

Теңирим берген термени,
Тереңдетип кеттимби.
Тилдин сөөгү жок экен,
Тартайын эми тизгинди.

Убагында айтпасаң,
Угузуп элге турбасаң.
Уятсыздар көбөйдү,
Уурулук менен жан баккан.

Болжолдоп ойду айтканда,
Билинбеген башкага.
Багын ачкан кудайым,
Бактылуулар айылда.

Көркөмдөп ойду айтканда,
Көрүнбөгөн башкага.
Көзүн ачкан кудайым,
Кыйындар биздин айылда.

Ачыктап ойду айтканда,
Айтылбаган башкага.
Ак эмгек, чебер, колу уз,
Аялдар биздин айылда.

Сагынткан черди жазарга,
Сезилбеген башкага.
Сөз берметин жараткан,
Сулуулар биздин айылда.

Тойгонго топук кылбастан,
Табылга издеп ар жактан.
Толтуруп ырга чөйчөктү,
Таңшыгым бар кайрадан.

Миңдин бири өзүммүн,
Мээнетин тарткан тилинин.
Мөөнөтүм өтүп кеткиче,
Мисалдайын дегеним.

## *НЕ ПАЙДА?*

Тагдырым турган колунда,
Табийгат тилди албаса.
Талааны, түздү кыдырып,
Тарынган менен не пайда?

Өмүрүм турган колунда,
Өнөгүм тилди албаса.
Өйдө, төмөн жүгүрүп,
Өчөшкөн менен не пайда?

Жанында жүргөн дайыма,
Жолдошуң тилди албаса.
Жаныңды сабап бирөөгө,
Жалынган менен не пайда?

Ырыңды окуп турганда,
Ынагың келип укпаса.
Ыдыратып көңүлдү,
Ыр жазган менен не пайда?

## ЫРДААРГА БОЛСО КӨҢҮЛҮҢ

Сынына толгон адамдын,
Сүйлөгөн сөздүн каймагын.
Сыр катпаган эч кимден,
Сыртыман жакшы адаммын.

Талбай чуркаар күнү-түн,
Тапталган даяр күлүкмүн.
Топ жыйынга сала бер,
Тың чыкманын биримин.

Бакытка толуп кучагым.
Бактылуу күндө жашаймын.
Бешенеме бир берген,
Белеги бул Алланын.

Жарык берер жолума,
Жарык нурдан ала кел.
Жамандар уурдап кетпесин,
Жүрөгүңө сала кел.

Болжогон жерден жолуккан,
Бул дагы менин багыман.
Бирикпейт тагдыр бир жерге,
Болбосо буйрук кудайдан.

Ырга арнаган өмүрүн,
Ыр жазгандын биримин.
Ырымды ырдап жүрө бер,
Ырдаарга болсо көңүлүң.

## ТААЛАЙДЫН КУШУ БОЛОЮН

Улуу таң атса жарашкан,
Убайын көрбөй кысылам.
Укпайт деп ырлар үнүмдү,
Урушчак болуп баратам.

Аппак таң атса жарашкан,
Ачылбай багым кысылам.
Айтпайт деп ырлар сырларын,
Ачуулуу болуп баратам.

Азбы , же көппү ырларым,
Ачыгын билбей турамын.
Армандуу жанда не айып,
Алышын ойдун бурайын.

Көңүлүн албай бирөөнүн,
Күнөөлүү болуп өтпөйүн.
Көрүнүп турчу көзүмө,
Көркүңдү көзгө сүртөйүн.

Акылын укпай бирөөнүн,
Арманда өтүп кетпейин.
Айланып келчи жаныма,
Арууңду көзгө сүртөйүн.

Таңды таңдай тосоюн,
Тарыхын ырдын козгоюн.
Тагдырлаш болуп өзүңө,
Таалайдын кушу болоюн.

* * *

Бирибизге бирибиз,
Бир туугандай дем болуп.
Пансионатта бир жүрүп,
Бактыбызга кут толуп.
Урбай, Жусуп, Таирбек,
Зулумбек, Сардал, мен болуп.

Алыска ойду чаптырып,
Табышмак сырды таптырып.
Күмүш күлкү сөздөрдүн,
Кучагында азыгырып.
Бирге күлүп, бир жүрдүк,
Сулуу таңдай нурданып.

Ортодо акча чогултуп,
Уй мүйүз тартып отуруп,
Дасторкондун бетине,
Түркүн тамак толтуруп.
Даамды бирге татыштык,
Үч күндө бирден кой союп.

"Арстанбап" пансионатында,
Чогулуп жылда бир маалда.
Сайран куруп ойнойбуз,
Жылуу июль айында.
Бой салып чогуу басабыз,
Жыпар жыт калды боюнда.

Ышкырыга үшүп башкача,
Сүйүнүп дүрбөп канымда.
Бирге жүргөн досубузду,
Ырга айлантып заматта.
Эстелик болуп калсын деп,
"Арстанбап" пансионатында,
Ушул жашоо жалганда.

## ЫЙЛАТПА

Артына кайтпас учурду,
Аркалай турган учурбу.
Арыктап улам ырларым,
Ашуу ашпай жок болду.

Көбөйсө жолдун буруму,
Көрүнбөй кетер учурбу.
Кыш чилдеде ырларым,
Кырды ашалбай жок болду.

Кодулап жашы, карысы,
Кыр көрсөтүп калдыбы.
Күндүзү жазган ырлардын,
Күн батпай өчтү жарыгы.

Тууруна саптар тарыхты,
Туман каптап калдыбы.
Түнкүсүн жазган ырларым,
Таңга жетпей карыды.

Ортого салар билгенди,
Омоктуу ойлор кеттиби.
Оң колум менен жазган ыр,
Ооматсыз солго өттүбү.

Ырга ышкы абалым,
Ызаңды кимге айтасың.
Ыйлатпа мендей байкушту,
Ырдын пири Барпы акын.

## *ЭСЕН БОЛГУЛА*

Кызымдын болгон курдашы,
Кыздарым эсен болгула.
Кут болсун май айыңар,
Кабыл алып койгула.

Уулумдун болгон курдашы,
Уулдарым эсен болгула.
Улуулук айтар кеңешим,
Учурду урмат кылгыла.

Жаралган менин багыма,
Жоролор эсен болгула.
Жаз айы май кут болсун,
Жараткан берген табылга.

Аялымдын курдашы,
Аяштар эсен болгула.
Атайы келди май айы,
Ардактап тосуп алгыла.

## *ТИЗЕЙИНЧИ ШУРУДАЙ*

Ордунан жылалбаган аскалардай,
Оюмду жүрөктөшкө жеткире албай.
Отурам ыр дүйнөнүн көчөсүндө,
Оболоп уча албаган канаттуудай.

Өзүмө эрким жетпей кусаланып,
Өзгоргөн кубулушка туталынып.
Өмүр улап билинбей өткүм келет,
Өргө көздөй чаалыкпай канат кагып.

Кезегинде кенен адам тар болуп,
Кызганычтар кара өзгөйлүк бий болуп.
Көөдөнүмдүн тереңинде жүрчү эле,
Кудаадан да коркпогон бир аңкоолук.

Суулар аксын өз нугунда соолубай,
Суусагандар суу ичишсин суранбай.
Сактыгыма салып зирек ырларды,
Сууруп ойдон тизейинчи шурудай.

## *БИЙИКТИК*

Ыр жазылбай барактарым бош турат,
Берчи мага бийиктигим күч-кубат.
Жазайынчы жакшынакай ырларды,
Жылгаңдагы булагыңдан суу ууртап.

Көзгө сүйкүм көзгө назик көрүнгөн,
Алайынчы сулуулукту өзүңдөн.
Тартайынчы карегиме толтуруп,
Үйдөн-үйгө тириликти жүгүргөн.

Адыр өрдөп тоого чейин барайын,
Сууну жээктеп көлүңдү издеп табайын.
Жөө туманды сүрүп салып булуттун,
Жан сергиткен ак жаанынан алайын.

Жаш улгайса жаштын өтүп кадыры,
Көздөн жашты көп агызат турбайбы.
Соймоңдогон тилим эле болбосо,
Кеткен өңдүү денемдин бүт кайраты.
Бийиктигим берчи мага улуулук,
Денемдеги кетпесинчи жылуулук.
Байыр алып өзүңө жамынтайын,
Ак баракка ырлар жазып кылымдык.

## ЧАГЫЛГАНДАЙ ЧАГЫЛГАН

Көбөйткөн адам санын,
Мен дагы бир адаммын.
Жашоо улап жаныңарда,
Уул-кыздарга атамын

Айткан сөзгө кирбеген,
Канга салам бербеген.
Неберелерге чоң атамын.
Ачып ойдун булагын,
Жыйнап кыял байлыгын.
Сөздөрдү улап сөздөргө,
Акын боло баштадым.

Кылым көчүн улаган,
Кыргыздар үчүн чоң дастан,
Чалкып жаткан деңиздей,
Урпагымын Манастын.
Урпагымын акындардын,
Үнүн уккан ааламдын.

Жол жорго минип Ачыдан,
Жеңишмин акын аталган.
Поэзия көгүндө,
Жетимиш жашка жетерде,
Чагылгандай чагылган.

## *БАШ ИЙҮҮ*

Алла берген бул жашоодо бир ирет,
Араңарда жүргөнүмө каниет.
Алты сап ыр жараттым деп күнүгө,
Алтын башым сүйүнүчтөн элирет.

Күнүгө күн өптүрүп тилегине,
Көңүлү акындардын нурдан бүтсө.
Кыйындык неге менден кетпей койду,
Коюу түн түнөгүн таап жүрөгүмдө.

Билинип ырга болгон чабалдыгым.
Билсеңер уйку көрбөй көп кыйналдым.
Бул турмуш тартса дагы бийиктерге,
Базардан ырыскымды ала албадым.

Кетти менден бир ката эмес, миң ката,
Кекээрленбей башымды ийен баарыңа.
Кез келгенде кыйбас жерге жөнөөрмүн,
Калем сапты кармап алып колума.

## *ЭЛИМ ТЫНЧ*

Карлар эрип жазында,
Бөлөнөт жергем жашылга.
Келген куштар үн салып,
Учуп жүрөт айлымда.

Жааган жамгыр себелеп,
Көк муздарды ээритет.
Байчечекей баш багып,
Жаш балдарды сүйүнтөт.

Гүлдөн гүлдү тандаган,
Көпөлөк учат талбаган.

Булбулдар сайрайт гүл бакта,
Заманды тынч мактаган.

Айлана тынч, баары тынч,
Адырлар тынч, тоолор тынч.
Агып жаткан суулар тынч,
Ай, күнүм тынч, элим тынч.

## *СЫРДАШЫМ*

Буулуккан ойлор мендеги,
Берметим сени эстедим.
Жеткире албай сырымды,
Жашоодон муңдуу өтөмбү?

Алтыным сага жолуксам,
Акырын кармап колуңдан.
Келсе да айткым көп сөздү,
Кубатым жетпей кыйналам.

Күнөөгө койбо өзүмдү,
Күлүп өткөр өмүрдү.
Көрүнбөй калса караанын,
Көөнөрөт жашоо мендеги.

Жаадырып жакшы тилекти,
Жамгырың болуп өтсөмбү.
Жүрөгүм жаздай жашарсын,
Жылмайып көрсөт жүзүңдү.

Берилип сага сырдашым,
Берметим деп ыр жаздым.
Ичиңден жаман көрсөң да,
Сыртыңдан аяп турарсың...

## *БИЙЛИГИҢЕ БАГЫНДЫМ*

Токтото албай тоо өрдөгөн ойлорду,
Тоолуктардан жардам сурап жүрөмүн.
Жаз жытына магдыратып боюмду,
Жакшы адамдар катарында күлөмүн.

Коркуп кээде тоонун күчтүү сүрүнөн,
Тизе бүгүп сөз айта албай ийилем.
Болсом дагы өзүмө-өзүм салмактуу,
Жардам сурайм жалооруган көз менен.

Көп сүйлөбөй күлүмсүрөп акырын,
Тоолор мага айтса дагы акылын.
Чочулоодон көңүлүм эч тынчыбай,
Тоолуктардын бийлигине багындым.

Баш ийбеген ойго өчөшүп кечээги,
Жардам сурап келген элем атайы.
Тоолуктарым күйүттү айдап мендеги,
Жамандыкты кетиргиле жапайы.

## *ОҢОЛУУ*

Буйгоо таппай бетке сокхон шамалдан,
Бийлигинде өжөрлүктүн баратам.
Бул дүйнөнүн каргышына калгандай,
Барымды да, жогумду да унуткам.

Тооруп улам төбөң түшкөн азгырык,
Топтон бөлүп бийлеп мени басынтып.
Түн түшүрдү күлүп турган жашоомо,
Тагдырыма кайгы жүгүн арттырып.

Эси чыгып атын атай албаган,
Ээлик кылып чыкпай жүргөн жанымдан.

Элдин ыры боло албаган ырларды,
Эл алдында бүгүн эле аттырам.

Шашылбаган ырларымды шаштырып,
Шамал болуп көккө бөлүп сапырып.
Шыпшайдар тарткан жаанын жебесиндей,
Шуркуя ырлардын жүрөгүнө сайылам.

## *ЖАЗ КЕЛЕРИН БИЛЕМИН*

Келечектин эртеңкиси табышмак,
Берсе дагы жакшы күндү табыштап.
«Күч бирдикте» өкүмүнө баш ийип,
Жүрөлүчү ата салты жолду улап.

Айтылган сөз – атылган ок, билели,
Тизе бүкпөй туура сөздү сүйлөйлү.
Өргө тарткан өмүр жүгүн оорлотпой,
Түйшүгү аз даңгыр жолдо жүрөлү.

Биз баарыбыз тагдырга баш ийебиз,
Бийик, жапыз ашуулардан өтөбүз.
Боор этинен аккан ыйык тоолордун,
Булагынан өмүр суусун ичебиз.

Жүзгө жетип, жетпей кайран жашыбыз,
Кудай берген жашты барктап жашайбыз.
Жетимишке чыккан чалды жашсың деп,
Оозубузду куу чөп менен аарчыйбыз.

Бул жашоого топук кылып жүрөлү,
Келген күндү бешенеден көрөлү.
Күлкү өмүрдү күйүткө эч тоорутпай,
Кыштан кийин жаз келерин билели.

## *БАТА БЕРҮҮ*

Ачыктабай кыялдарым болжолум,
Туткунга алып туман ойдун бир тобун.
Жүрөт ырлар каны болуп жүрөктүн,
Окурманга күндө берип олжосун.

Жашоо улап жүрөм элдин ичинде,
Жашыл арча өстүрүп тоо өмүргө.
Нарктуу болуп, барктуу болуп өткүм бар,
Бул дүйнөдөн о дүйнөгө бейишке.

Ыйык болуп турган жердин турпагы,
Канча жашоо үмүттөрдү улады.
Курак түрүп турат дале түмөн эл,
Жаратса деп Жеңиш жакшы ырларды.

Жамандыкты түртүп өргө тереңге,
Жакшылыкты жолуктурбай кеселге.
Пенделерге мээрим төгүп аталык,
Ак батамды бергим келет тирүүмдө.

## *КЫТМЫРГА*

Чыгарып ачуу ызасын,
Чыдамым кетип турамын.
Чыр чыгарган чымпайды,
Чок бастырып кыйнайын.

Басканга көнбөй кадамым,
Башымды жерге саламын.
Бузук ооз, баңги, кемпайды,
Бөлүп-бөлүп салайын

Шыпшайдардай мергенчи,
Шайды оодарган сүрөөнчү.

Шыпылдап турат жанында,
Шылкымбайдын дал өзү.

Оодарып ойду карактайт,
Озунуп кайра сени актайт.
Колунан келсе бүтүн жейт,
Кыйынды мактап жан сактайт.

Кытмырдын кытмыр күлкүсү,
Кыйналбайт күндө күлкүчү.
Карабайт алыс, жакынга,
Кыялында бир өзү.

Белдешкенге бели бош,
Баарлашсаң мээси бош.
Бактысы такыр көрүнбөйт,
Бекитип салган аңга бош.

## *ЖЕТЕЙИНЧИ КҮНҮМӨ*

Кыйын болуп бүгүн таңдын атмагы,
Жаман түштөр жанды аябай кыйнады.
Нес болгондой жатам алсыз төшөктө,
Эркелетип күлдүрө албай кыялды.

Караңгы түн кучагында сүйлөбөй,
Санаа тартып сыгыламын тирүүлөй.
Алыс жолго сапарлаш боло албадым,
Жаман түштүн таасиринен көрүнбөй.

Жабыр тарткан ушул алсыз түнүмдө,
Жан жыргатып жете албадым өзүңө.
Түндөн эсен жетейин деп күнүмө,
Күндөн эсен жетейин деп түнүмө.

## *КАЛА АЛМАКМЫН*

Көңүлүм ооруганда ойго батып,
Күнөөсүз кагуу жесем ызаланып.
Кошулуп кетким келет алыстарга,
Күлкүнү жанымдагы колдон тартып.

Чырайлуу жолду улап улуу тоого,
Чыдамым кетип күндө болбосторго.
Чындыкты күндө издейм араңардан,
Чыдоого мүмкүн болбой ойлонгонго.

Асыл жер төккөн сайын берекесин,
Айлымдын түшүнөмүн ток экенин.
Асмандан нур төгүлүп турсун дайым,
Акындар жазсын ырдын кереметин.

Өчүрсөм да көзүмдү нурга толгон,
Өчөр эмес табитим ырга болгон.
Өлбөстүктүн булагы болуп тоодо,
Өлбөс болуп калмакмын акын бойдон.

* * *

Кел-келине келгенде,
Көөдөндө ырлар чубурат.
Канатын кагып кыялдар,
Көкөлөп учат зуулдап.

Бер-берине келгенде,
Береке толот үйүңө.
Барга барлар уланып,
Байлыгың артат күнүгө.

Ал-алына келгенде,
Айтырбай оозд тил катат.

«Алма быш оозго түш» - болбой,
Азыткы өмүр уланат.

Чын чыгына келгенде,
Чындык турат чыркырап.
Чымын жандан түңүлүп,
Чыдамы кетип зыркырап.

## БИЙИК ОЙ

Түбөлүктүү өчпөй жанган чырагы,
Тоолуктарым тоодон тиктейт ааламды.
Толгон айдай жүздөрүнөн нур тамат,
Турпаттары тоолорумдай чырайлуу.

Жылдыз санап жашоолорун өткөргөн,
Жаштыгына булак суусун ичирген.
Жоомарт мүнөз келечектүү элденбиз,
Жараткандын аппак үйүн ээлеген.

Күлө карап күндө келген таңына,
Кир көңүлдү түнөттүрбөй койнуна.
Кылымдардын ачып жаңы барагын,
Кызыктарды жазып жандуу тарыхка.

Тоолуктардын тоодой бийик ойлору,
Теңиримдин болуп дайым колдоосу.
Таңдандырып каратат бүт дүйнөнү,
Таза абасы көк бетеге жайлоосу.

## САЙ МААЛА

Калкыңда оомат бар маала,
Короодо кой мал көп маала.
Келмеси ооздон түшпөгөн,
Кудайга жакан Сай маала.

Коңшуга өтө март маала,
Коркунуч ишке жат маала.
Кезеги келген кезинде,
Көзсүзгө көзү бар маала.

Кылымга калар тарыхта,
Кыйышпас жерим Сай маала.
Көңүлдү турат көтөрүп,
Кулачын жайып дайыма.

Сай маала азыр бай маала,
Суусу мол, жашыл жай маала.
Сулуулайт күндө келбетин,
Сулуу аккан нур маала.

Жашоосун улап кылымга,
Жайкалат жерим Сай маала.
Жүгүңдү турат көтөрүп,
Жолуңдан тосуп дайыма.

## КАЙРЫЛУУ

Эстей жүргүн, окуучум, эстей жүргүн,
Эсиң кеткир жашоонун эркелигин.
Эки көздүн ортосун алыстатып,
Ээси башка жолдорго жетелерин.

Угуп алгын, окуучум, угуп алгын,
Улар үнү уларга угуларын.

Уулуң да, кызың да бул жашоого,
Утурумдук жашоодон жараларын.

Билген жакшы, окуучум, билген жакшы,
Бирдей бизге өмүрдүн өткөн таңы.
Башчысы жок, баатыры көп эл болдук,
Башка улуттар ырбаткан чырыбызды.

Абайлагын, окуучум, абайлагын.
Алыкулдун ырынан алыстадың.
Ат үстүндө жөө жомокту айтпастан,
Арымы күч интернетти аркаладың.

Катуу кетпе, окуучум, катуу кетпе,
Колго урунуп айланба эстеликке.
Көк-Арт дайра каның болуп агылып,
Карегинде Ысык-көлүм турсун ээ.

## *БАКТЫЛУУ КӨЗ ИРМЕМДЕР*

Бактылуу көз ирмемдер,
Багыма менин миң келер.
Бааланып кээде бааланбай,
Багыман кайра кетишер.

Күлкүлүү көз ирмемдер,
Күнүгө мага миң келер.
Көрүнүп кээде көрүнбөй,
Күлкү менен өтүшөр.

Ачыкка чыкпай бир себеп,
Адырлар тоого тигилет.
Ачылбай багы бийиктен,
Арманы ичте күйүгөт.

Суулардан дайра куралат,
Сулуу таң ага көз салат.

Сураксыз түшкөн туткунга,
Сүйүүдөн ырлар жаралат.

Багы ачылган пендени,
Бардык жандар билеби.
Баалай албай томсортуп,
Боорго түртүп өтөбү.

Баркына жетпей сезимдин,
Балы бар болсо сөзүмдүн.
Бактылуу жан деп биле бер,
Бул бир келген өмүрдүн.

* * *

Эй адам!
Артыңда жүрөт эки арман,
Тиригиңде жетпеген арман,
Өлгөнүңдө бүтпөгөн арман.
Барбы дарман,
Кутулушка бул дарттан.
Бүткүчө соодаң,
Көбөйүп коогаң,
Жакпайсың тууганыңа,
Жакпайсың балдарыңа...
Жети кабат жердин түбүн,
Казсаң да жетпеген арман.
Казынаны тапкыча да арман,
Казынаны тапсаң да арман.
Казынаны чачсаң да арман,
Казынаны баксаң да арман.

Ачылып турса көзүң,
Угулуп турса сөзүң,
Үстүңдө шибердей болуп турса,

Кызыл-тазыл кийген бөзүң.
Болсо амалың,
Болсо байлыгың,
Баарынан сен жакшысың.
Болбосо бакшысың,
Бечара адамсың.
Билиги түтөгөн,
Бүлбүлдөк чыраксың.
Баарынан узаксың,
Көрүндөсүң тузактын.
Бардыкы бардай арман,
Жоктуку жоктой арман.
Жегенге болбогон
Жыттаганга болбогон
Боктой арман.

Эркеги өлсө аялы,
Балдарынан бекинет.
Аялы өлсө эркеги,
Ак жоолук издеп элирет.
Аттигинин дүнүйө,
Айтылып арман күнүгө.
Азапка салат турбайбы,
Аябай минип желкеңе.

Жетпеген арман Жеңижок,
Жетелешкен Жеңижок.
Ансыз калган турбайбы,
Астында жердин колоктоп

Бул дүйнөдөн өткөндө,
О дүйнөгө жеткенде,
Ачылат дейт сурагың,
Тозокко же бейишке.

Тиригинде жебеген,
Жылкыны жейсиң өлгөндө.
Тиригинде укпаган,
Сөз айтылыт түрдүүчө.
Үч бейшемби, анан кырк,
Союлат койлор санаксыз.
Үч айттыгың бүткүчө.
Анан келет жылдыгың,
Бүткөндөй бардык сурагың.
Ашың дагы берилет,
Намыска чыдайт балдарың.
Бүтпөгөн арман башталат,
Өлгөн күнүң нурданат.
Ушул күнү өлгөн деп,
Кой союп куран окушат.

* * *

Жанында турам карачы,
Жаратып жакшы ыңгайды.
Жаз келгендей сүйүндүм,
Жашоомо алып кубатты.

Бирикпей ойлор калбасын,
Биринчи менин сырдашым.
Бурул чач болгон кезимде,
Бурулуп келип турамын.

Ырымда болгун дайыма,
Ыр-дүйнө берип багыма.
Ырыскым турсун бөксөрбөй,
Ынагым Көк-Арт жанымда.

Көк-Артым – өчпөс тарыхым,
Көк-Артым – күрөө тамырым

Кунназар баатыр түптөгөн,
Күнөстүү Ачы аймагын.

Толкуган дайра кең экен,
Төш, түптөн агып турчу экен,
Топ-топко элим бөлүнүп,
Тирилигин кылчу экен.

Агымың сенин башкача,
Акактай тунук таптаза.
Агасың күндө бузулбай,
Арбытып күндү кылымга.

Айтпасаң да сырыңды,
Ачыктай алам чындыкты.
Ачы элинин багысың,
Айттырбай берген ырыскы.

Кылымдын келген көчүндө,
Көк-Артым бар билгиле.
Курманбектей батырың,
Колдоп жүрөт бул күндө.

Ачынын ачкан ажарын,
Акыны менмин Көк-Арттын.
Аркалап келдим өзүңдү,
Агымың күндө арбысын.

Тамчы сууңду аяба,
Тамызып кой таңдайга.
Таланттын өөрчүп тамыры,
Таанылайын далайга.

Жаштыгымда келбедим,
Жыялбай ойду жүдөдүм.
Жетимиш жашка жетерде,
Жер кезип сага кеч келдим.

Көк-Артым сенин жээгиңе,
Кырк беш жыл толду келгенге.
Кырма сакал кез кетти,
Карыдың деп жекирбе.

Айтылуу Ачы жеринен,
Акылдуу Мундуз элинен.
Алендин топтоп ырларын,
Ашыгып келдим элим мен.

Көкүрөк жайып тосуп ал,
Кулдугум бар, зарым бар.
Кубалаба жээгиңден,
Кошулуп агар ырым бар.

Жөнү жок сага келбеймин,
Жар салам ырдын түрлөрүн.
Жолдо жүрсө талбаган,
Жоргомду минип келгенмин.

Колдоо таппай келбеймин,
Көк-Артым сенсиң тилегим.
Каалаган жерге жеткирер,
Күлүктү минип келгенмин.

Бутума тушоо салбагын,
Буйгоодо калат арманым.
Бурулуп сага келгиче,
Багыңдан өчүп калбайын.

Сыр сурайын өзүңдөн,
Сырыңды катпа өзүмдөн.
Сырдашып бирге жүрбөсөк,
Сыр бойдон калат бүт дүйнөм.

Айтылбай элге атагың,
Ай, жылдап неге агасың.

Актыгың барбы сөз жеткис,
Ачылчы мага Көк-Артым.

Кубанып айтып азаңды,
Көк-Арт деп ким атады?
Кимдер көрду пайдаңды,
Кимдер тартты зыянды?

Кимдерге жаза тагылды,
Кимдердин каны агылды?
Кимдер душман, кимдер дос,
Кабар берчи макулбу?

Табыштабай оюңду,
Ташка уруп боюңду.
Түнөрүп неге агасың,
Тарынтып же койдумбу?

Сүйлөбө, мейли сүйлөбө,
Сырыңды катып ичиңе.
Сынап жатат окшойсуң,
Сыртымдан карап жүзүмө.

Урматы кенен Ачынын,
Уулу болом Тагайдын.
Учурап Ален абама,
Улгайган кезде ыр жаздым.

Жоргосун минип абамдын,
Жаш өткөн кезде ыр жаздым.
Жакшы ырлар жөндөп айтылбай,
Жарышка түшпөй калбасын.

Агымы катып тымызын,
Аленди неге жашырдың?
Айтып койсоң болбойбу,
Алты жүз ырдан бир ырын.

Жеңиштен катып тымызын,
Жашырып сырды агасың.
Жарыя кылсаң болбойбу,
Жети жүз ырдан бир ырын.

Жалбарган менен элине,
Жар салып Көк-Арт элине.
Жүзүмдөн бербей койду го,
Жүзүмзардын четинде.

Ага бер, Көк-Арт ага бер,
Агымың күчөп жазгын чер.
Алендин ырын жашырсаң,
Акындыгын мага бер.

Жашай бер, Көк-Арт, жашай бер,
Жаштыктыгың өтөй жазган чер.
Жазган ырын бербесең,
Жаз ачыгын мага бер

Ичи тардык кылбагын,
Ийилип сага турамын.
Ичирип кой сууңдан,
Ийип көңүл ууртайын.

Жүз жылдын жүзүн көрөмбү,
Жүзгө жетпей өлөмбү?
Жараткан билет баарысын,
Жалмап тойбос өмүрдү.

Мендейдин көрдүң нечени,
Мен дагы сенден кетермин.
Мезгилдин угуп күүлөрүн,
Мелмилдеп ага берерсиң.

Кылымдын кыркып ченемин,
Кырк жашка такыр жетпедим.

Кыйкырткан бойдон кетемби,
Кырк ырдын албай көңүлүн.

Кызылы болбой бөз болбойт,
Кызыгы болбой сөз болбойт.
Кыйыны болбой эл болбойт,
Кыйыры болбой түз болбойт.

Көк-Арттын атын өчүрбөй,
Көп кылым актың билинбей.
Калмак-Кырчын эл калды,
Кырылып калмак билинбей.

Сөздүн нугун бурайын,
Сөзүмө бекем турайын.
Сүйлөй бербей жээгинде,
Суундан алып кайтайын.

## *ИЧКИ КАЙРЫК*

Жогумда желкеме тээп кекерлендиң,
Кумайык итиңе да теңебедим.
Бир айылдык болсок дагы экөөбүз,
Бүтүндөй бир кылымга кемсиң дедиң.

Темир тулпар минип турдуң жыл санап,
Туягына така какпай жаңылап.
Майда акчалар түшүп кетсе колуңдан,
Маани бербей кетер элең алаңдап.

Атала ичип, жоро болуп бир жүрдүк,
Бара-бара кой союуга жетиштик.
Сырты сулуу сыр жашырган түлкүдөй,
Сага барып өтпөй калптар бөлүндүк.

Сенин гана очогуңа жагылуу,
Кара түтүн каптабады айылды.

Быкıшып барып өчүп калды жалының,
Бир кылымга тартып артка багындың.

Кас душмандай үндөбөстөн жерди тээп,
Үйдү сатып кеттиң тоого түн жиреп.
Көздөн курчу, белден каруу кетерде,
Көчүп келдиң кайра айылга бак тилеп.

Баягы эле пенделербиз баягы,
Сакал, мойлоо, чачыбыз да агарды.
Жетимиштин кең эшигин каккылап,
Жараткандын күнү болдуң ыймандуу.

Жетим болуп ата-энеңден бөлүндүң,
Кең ааламга батпай кээде күйүндүң.
Бирок, досум, жүрөт азыр чекеде,
Өзү теңдүү теңтуштардан бөлүнүп.

## КАРАЙ БЕРЕМ

Аппак таңда булуттанып көңүлүң,
Арга таппай өйдө-төмөн жүгүрдүм.
Акындардан алыстаган күнүгө,
Абалыма ачууланып күйүндүм.

Кыйгач карап өтүп кеткен алдыман,
Күлүк ырдын караанына көз салам.
Кең ааламдын кичине бир жолунда,
Курдаш таппай каламбы деп убарам.

Айылымдын көз жиберип көркүнө,
Аалам кезип чуркабасам мейли эле.
Ален ырчы келсе кайра тирилип,
Айткандарын жазар элем жүрөккө.

Көрүшпөсөк адаммын бир аманат,
Кыйындардан жүргөн өтө алыстап.

Кайра-кайра карай берем өзүмдү,
Көлчүктөгү суугa карап таңуулап.

Ыр жазууга жетпесе да кубатым,
Ырга шерик болгонума кубандым.
Ыйдыйлатпай өргө тартат кыялдар,
Ыкшоолуктун келген түртүп ызасын.

## УБАЛ ЖОК

Карылыкты токтотууга тузак жок,
Калың бетти аябаган убал жок.
Коркок адам кол сала албайт жолборско,
Күндө сага кадырлашар куда жок.

Өзү жебей, өзгөгө да бербеген,
Өлүмүштөр өлсө дагы кейибейм.
Өлбөс жан жок ушул жалган жашоодо,
Өмүрүмдүн көптүгүнө ишенбейм.

Келин-кыздын керемети көркүндө,
Карылардын кала берет сөзүндө.
Кырк жашыңды жетимишке чыкканда,
Кыйкырсаң да бербейт куда бир күнгө.

Карылык ай калтыраткан тизеңди,
Кантип анан унутасың жаш кезди.
Карыш жерге жетпейсиң эч умтулуп,
Көркү бузук жетелеп карт өгүздү.

* * *

Жалынына бир колтук отундун,
Тамак бышты, чай кайнады карачы.
Тамак берип чай ичирген биздерге,
Көлдүк кыздын жүзү жайнап жайдары

Күн илеби күйүп турат лапылдап,
Кызыл чокко коркпой улам жакындап.
Эки оттун ортосунда турам мен,
Үчүнчү бир күйгөн отко кылчактап.

Очоктогу чок айланат күл дөбөгө,
Көктөгү күн жүз жашырат эми эле.
Жалыны өчпөс, чогу өчпөс бирөө бар,
Ал бизди сыйлап, чай ичирген кыз эле.

## *КЫЯЛЫМА КАТСАМБЫ?*

Калыстык кылып жаңылбай,
Кырк жигитке барсамбы.
Көөнөрбөс салкын жерлерде,
Кырк тойду катар өткөрүп,
Кызыгына батсамбы.

Айылдагы кыздарды,
Акылыма салсамбы.
Аркы айылда балдарга,
Атайы өзүм барсамбы.
Алмалуу бактын ичинде,
Айылдаш тойду өткөрүп,
Акылымды айтсамбы.

* * *

Сымбатына көз жиберип карачы,
Суктандырат буудай ыраң жамалы.
Сай мааланын багына бир келгендей,
Сындуу жигит Ашимбайдын ак таңы.

Жан дүйнөңдү көкөлөтсө бийикке,

Жаш ак кууну элестетип көзүмө.
Жаштык кезим кайра мага келгендей,
Жаным жыргап жүргөнсүймүн бейиште.

Куру сөзгө көтөрүлүп көңүлүм,
Курап ырды Сай маалада жүрөмүн.
Көрсөм дагы көп перини сулууну,
Кайып көздөр сендейди эч көрбөдүм.

Кыргый мүчө кырдач мурун келиним,
Катуу кетсем акыныңды кечиргин.
Колдо жасап алалбаймын эч качан,
Колдоого да жетпейт менин өмүрүм.

Барпы акындын Мөлмөлүсүн билгенге,
Бул бир келген жалган дүйнө өмүргө.
Багын ачып Ашимбайдын жүрөсүң,
Бай-манаптык эндик коюп жүзүнө.

Алла берген атың сенин Айчүрөк,
Айылыңда жүрөм сага бак тилеп.
Ай көрүнгөн кең ааламды карап кой,
Агаң сага берди баарын энчилеп.

Кудай берген сенин атың Айчүрөк,
Катарыңда турам сага бак тилеп.
Күн көрүнгөн кең ааламды карап кой,
Кызганбастан бердим баарын энчилеп.

Жүрөгүмдөн оргуп чыккан ырлырым,
Жан дүйнөңө жарык берер чырагым.
Жолуна чаң жугузбастан Ашимдин,
Жаш чынардай көгөрө бер ылайым!..

## *АЛЛА БЕРГЕН КЕСИБИМ*

Аркалаган боштук койбой мээңди,
Акырындан таанылып эл ичинде –
Арымы тез ырларыңды жетелеп,
Акындардын кирдиң эми тилине.

Ачуусу тез Жеңишпи деп баягы,
Айгай сөздүн үзүлө элек аягы.
Алтымыштын жашын өтүп кетти деп,
Аялыңа берген дешти каламды.

Алла берген аянычтуу кесибим,
Акылымды ырга жумшап келемин.
Аңдыбачы жолдо жүргөн жолоочу,
Ачынын бир акын уулу экемин.

Сөз оролу келген кезде өзүмө,
Сокур көзүм ашык болуп бирөөгө.
Сындыра чаап койгусу бар сөз менен,
Сүйүндүргөн оң көзүмдү көрбөсө.

Жалгыз көздүн кубатында жүрөмүн,
Жакшылыктын теше тиктеп жүрөгүн.
Жарыбаган жалпак тилдүү достор көп,
Жамандыгын ураалаган бирөөнүн.

Карыганда кыйын ишке арбалдым,
Күндөп-түндөп ырлар жазып кыйналдым.
Күнүм бүтүп көз жумулса бир күнү,
Көзүм болуп турар жазган ырларым.

## ЫР ЧЕНЕМИН АЗАЙТПАЙ

Арык аттап суу кечпеген сөздөр көп,
Айласызга опаа кылбас бөздөр көп.
Атаганат жашоо кечип кеткиң бар,
Айрым кезде абийирсизден кагуу жеп.

Күнүн көрүп жашай берет өлбөгөн,
Көөдөнүнөн сыр чыгарып миңдеген.
Канчалык көп болсо дагы досторуң,
Касиетти таба аласың өзүңдөн.

Ыраа көрбөй жамандыкты башкага,
Ыр дүйнөнүн кучагында турсам да –
Ырысына уюткулуу досторум,
Ыр жазууну оңой көрөт турмушта.

Жалган дүйнө туш тарабым таланат,
Жарык сезбей калганыма карабай.
Жер түгөнөр чектен кудай сакта деп,
Жазып келем ыр ченемин азайтпай.

## ТИРҮҮЛҮКТҮ БАРКТАЙЛЫ

Кечээги күнүң бүгүн жок,
Уланат жашоо ыр коштоп.
Армандуу дүйнө түгөнбөйт,
Айтыла берет күйдүм чок.

Баары өтөт дүйнөдөн,
Өлүмгө кимдер тең келген.
Чиркейдей эле экенбиз,
Көз ирмем жашоо издеген.

Карачы бүтсө биягы,
Көрүнүп калат тиягы.
Бүтүрбөсө оо дүйнө,
Бүтпөйт окшойт сыягы.

Кылымдан бери кебелбей,
Кара жер жатат үндөбөй.
Карыны жашты оп этип,
Кайгырбай же сүйүнбөй.

Өткөнгө дабаа жок тура,
Өкүмү күчтүү заманда.
Шаа мүйүз шактар дирилдейт,
Шашылыш соккон шамалга.

Бири кем болсо бул дүйнө,
Белгисиз болсо о дүйнө.
Барабар коштоп жүрө албай,
Бүгүлөбүз биз неге?

Түйшүккө батып ар кандай,
Тирүүлүктү барктабай.
Түгөнүп анан өлөбүз,
Түбүң түшкүр заман ай...

* * *

Алганың да чыгат эстен,
Алы күчтүү ээ пендем.
Бергениң да чыгат эстен,
Бели күчтүү ээ пендем.
Жегениң да чыгат эстен,
Желим ооз ээ пендем.

Арман калат арылбаган,
Алмустактан жашаган.

Өнүп-өспөй баш ийесиң,
Өлүм тартса колуңдан.

Жер үстүндө жегениңди,
Жерге кайра бересиң.
Жетим калсаң ата-энеңден,
Жалдыратып балдарыңды,
Жетим кылып өлөсүң.

Тиригиңде жокту гана сүйлөйсүң,
Тооба кылып жүрбөйсүң.
Ыйманыңды сактабастан,
Ыйга айлантып ийесиң.

Тиригиңде түркүнсүң,
Тоодо учкан бүркүтсүң.
Томолонсоң тайып буттан,
Тоолуктарга күлкүсүң.

Жүз жашың да чыгат эстен,
Жүзүм болуп эзилесиң.
Жарабайсың жок дегенде,
Жакшы сөзгө ээ пендем.

## *ЫР БОЛУП СУУДАЙ АГЫЛАМ*

Тирүүлөр жутуп бүтпөгөн,
Ыр болуп суудай агылам.
Чыт жаздыкты жазданбай,
Ыр жаздыкты жазданам.

Тирүүлөр такыр жетпеген,
Ыр жол болуп төшөлөм.
Онтотсо да көп оору,
Ырды оозанып жөтөлөм.

Ыргытылган ташка окшоп,
Ыраңым өчөт кубарып.

Чочулоо кетпей оюмдан,
Чок баскандай обдулам.
Чын эле чөлдө калдымбы,
Чаңкоомо суу таппастан.

Көрүнбөй көзгө кооз дүйнөм,
Көзсүздөй неге элирем.
Кудайым берген таланты,
Көркөмдөй албай ыр менен.

Сулуу болбой кооз дүйнөм,
Сөз таппай неге элирем.
Сагынтып келген таланты,
Сүйүнтө албай ыр менен.

## *ЫРЫСКЫМДАН АЖЫРАТПА, КУДАЙЫМ*

Ааламга кең ажарлуу нурун чачкан,
Айды тиктеп көктөгү ойго батам.
Аяп мени карап турат карачы,
Абалыма таш жолдо ташыркаган.

Айыптуудай алтымыш үч жашымда,
Айкын жолду салгының деп ырларга.
Ак кийинген аксакалдар жетелеп,
Алып келген сырдуу булак жанына.

Жакшы өнөрдү бергениңе сүйүнөм,
Жакшылыгың билинсин деп тил менен.
Жүрөктөштөр түшүнүшсө болду эле,
Жазмай иштин берилерин теңирден.

Тоодо-түздө жүрөмүн эл аралап,
Толгон айдай жакшы ырларды акмалап.
Тилектештер түшүнүшсө болду эле,
Теңирден ыр берилерин атайлап.

Ыктуулар көп ырга өмүрүн арнаган,
Ылдыйлатпай башын ырды жазышкан.
Ыймандуулар түшүнүшсө болду эле,
Ыр өмүрү берилерин Алладан

Сырын катып сураштырса айтпаган,
Сыр дүйнөнүн сырын ачып ыр жазам.
Сырдаштарым түшүнүшсө болду эле,
Сулуу ырдын берилерин Алладан.

Ыр дүйнөгө артып күндө таалайым,
Ыр дүйнөнүн кең жолунда барамын
Ыйлатсаң да, ырдатсаң да кайылмын,
Ырыскымдан ажыратпа кудайым!

## *ЖАЙ МЕНИН ЖАРКЫН ҮМҮТҮМ*

Алтымыш жети жашымда,
Ачык асман астында.
Аркалап ырды жүрөмүн,
«Арстанбап» пансионатында.

Жай менин жаркын үмүтүм,
Жаратып ырды күнү-түн.
Жакшы адамдар жанымда,
Жашоо улап келемин.

Оюнга тойбос чак кетти,
Оодарып бүт дүйнөмдү.
Отуруп калдым карачы,
Оозанып күндө келмемди.

Колумдан түшпөй калемим,
Кызыгып ырга жүрөмүн.
Карыган кезде кагуу жеп,
Кетирдим ырдын нечении.

Өмүрлөр жашыл жай болуп,
Өткөрсө күнүн шоктонуп –
Өзүбүзгө өзүбүз,
Өлбөйбүз дейбиз ойлонуп.

Кызыталак кырк баштуу,
Карылык келсе айбаттуу.
Кырк тамырды кылга бууп,
Кетирет туура айланды.

Керемет жайдын күнүндө,
Куш кондуруп дилдерге.
Карылар жүрдүк чогулуп,
Күлкүнү улап күлкүгө.

## *ЖАРАТКАНДАН СУРАНУУ*

Жергеме атса сулуу таң,
Жүзүнө анын кызыгам.
Жалпы элге тынчтык берсин деп,
Жараткандан суранам.

Агарып атса сулуу таң,
Ашыгып ага кызыгам.
Айылыма тынчтык берсин деп,
Алладан күндө суранам.

Агарып аткан таң мына,
Атайы келди жаныма.

Алдынан тосуп чыгайын,
Ашыглык жанып турганда.

## *АЯБАДЫҢ ӨЗҮҢДҮ*

Бет келгенде турмуштун оор ызгаары,
Канча өмүрлөр чыдай албай сыздады.
Жалгыз гана сага болгон ишеним,
Алаксытып жылуулугун ыйгарды.

Ишенемин алдуулардын күчүнө,
Коркпостугу кудуреттүү күчүндө.
Сыр жашырат көрбөгөндөй баарысын,
Жылуулукту тартып улам өзүнө.

Ачып көңүл ак жаандай төгүлбөй,
Алыстадың улам мага көрүнбөй.
Эрте кечип, качкың келди өзүмдөн,
Бийлик кылган сүйүүңө да эрк бербей.

Көз ачырбай суук шамал бетке уруп,
Ач кыйкырык турду кулак тундуруп.
Аябадың мени эмес өзүңдү,
Ачып төштү бороондорго бой уруп.

Азабыңан бошоно албай кыйналам,
Алсыз жанга келген сүйүү табынан.
Ай-ааламда болсо дагы сүйүүлөр,
Анда неге алсызданып баратам.

## *КӨЗҮМДҮ АЛБАЙ ӨЗҮМДҮ АЛ*

Көзүмдү албай өзүмдү ал,
Оорутпастан кудайым,
Кемпиримден мурда ал.
Керек болсом эрте ал,
Ширин болсом ширин ал.
Барктуу болсом барктап ал,
Даңктуу болсом даңктап ал.
Акыныңмын кудайым,
Алты ооз ырды угуп ал.

Көпчүлүктүн көңүлүн,
Көтөргөндөрдүн биримин.
Оозуман келме түшүрбөй,
Окуймун куран түрлөрүн.
Жамандыгым көп менин
Жакшылык канча билбеймин.
Жабык эшик ичинде
Жаңылып да жүрөмүн.

Жалган менен чындыктын,
Суратпай чертем күүлөрүн.
Күнөөмдү алам мойнума,
Касамга такап турсаң да.

Кылычыңды шилтей бер,
Кара булут багыма.
Жүгүртүп жүрүп кудайым,
Мүдүрүлтүп алгыла.

Калем менен күн көргөн,
Акындардын биримин.
Угуп тур кудай сөзүм бар,
Көзүмдү албай өзүмдү ал.
Оорутпастан суранам,
Кемпиримден мурда ал.

## МАЗМУНУ

Кызык . . . . . . . . . . . . . . 3
Кылым жана мүнөт . . . . . . 3
Моюн сунуу. . . . . . . . . . . 4
Акбермет . . . . . . . . . . . . 5
Сакайтып ал оорудан . . . . . 6
Эми мени эстебе . . . . . . . . 6
Куплеттер. . . . . . . . . . . . 7
Көпөлөктөр. . . . . . . . . . . 11
Жаратканга . . . . . . . . . . 11
Сурануу . . . . . . . . . . . . . 12
Пейилибиз оңолсо . . . . . . 13
Турбайбы . . . . . . . . . . . . 14
Сак бол . . . . . . . . . . . . . 14
Теңим бар . . . . . . . . . . . 15
Бала тилеги. . . . . . . . . . . 16
Дүйнө . . . . . . . . . . . . . . 16
Кудай де. . . . . . . . . . . . . 17
Убакытты чектебе . . . . . . 17
Аруулук бер . . . . . . . . . . 18
Апакай ай келди . . . . . . . 18
Билген жакшы. . . . . . . . . 19
Каалоо. . . . . . . . . . . . . . 20
Чочулоо . . . . . . . . . . . . . 20
Шаштырба . . . . . . . . . . . 21
Сөз кубаты . . . . . . . . . . . 22
Биригели экөөбүз . . . . . . . 22
Балалуу үй – базар. . . . . . 23
Таап алдым . . . . . . . . . . . 24
Тоодой бололу . . . . . . . . . 24
Чын . . . . . . . . . . . . . . . . 25
Тарыхты элим сактайлы . . . 25
Жүрөк сыры . . . . . . . . . . 27
Кучагыма бала толду . . . . 28
Чырайлуу . . . . . . . . . . . . 28
Балапаныма . . . . . . . . . . 29
Чакырык . . . . . . . . . . . . 30
Теңиңди тап . . . . . . . . . . 30
Кыйышпасым . . . . . . . . . 31
Кеңеш . . . . . . . . . . . . . . 31
Жашаруу . . . . . . . . . . . . 32
Тилиңе шек келтирбе . . . . 33
Арча жана мен . . . . . . . . 33
Кар жаады . . . . . . . . . . . 34
Жандануу. . . . . . . . . . . . 35
Топуктуу бол . . . . . . . . . 35
Кыз-Бурак . . . . . . . . . . . 36
Кымыз сунган сулууга . . . 37
Акчанын баркы . . . . . . . . 37
Карылыктын келиши . . . . 38
Класссташым Зымырат . . . 39
Улутунуу . . . . . . . . . . . . 39
Сууну сүйөм . . . . . . . . . . 40
Эссиздерге . . . . . . . . . . . 40
Ырларым менин үмүтүм . . 41
Бир болбодук. . . . . . . . . . 42
Жайлоодо. . . . . . . . . . . . 42
Ишенгин . . . . . . . . . . . . 43
Кантейин . . . . . . . . . . . . 44
Булбул болгун . . . . . . . . . 44
Олжом арбып байыды . . . . 47
Кудайымдан суранам . . . . 47
Аян берген жети атаң . . . . 48
Тагдырлаштар . . . . . . . . . 48
Кайрылуу. . . . . . . . . . . . 49
Аз дебейли . . . . . . . . . . . 50
Ким көрөт? . . . . . . . . . . . 50

Түнкү ой . . . . . . . . . . . . . 51
Үмүт берчи . . . . . . . . . . . . 52
Толкунданганда . . . . . . . . . 52
Корком . . . . . . . . . . . . . . . 53
Алыстоо . . . . . . . . . . . . . . 53
Багып ал . . . . . . . . . . . . . . 54
Ырымда менин апакем . . . 55
Жайлоодо . . . . . . . . . . . . . 55
Тоолуктардай толормун . . . 56
Заман . . . . . . . . . . . . . . . . 56
Ырларым ырыскыңдан алыстаба . . . . . . . . . . . . 57
Сурануу . . . . . . . . . . . . . . 58
Тилек . . . . . . . . . . . . . . . . 58
Таң атырам күнүгө . . . . . 59
Ыктуу болсун жолоңүн . . . 60
Поэзия ааламында нурдануу . . . . . . . . . . . . 61
Кызык ой . . . . . . . . . . . . . 61
Угузуп эле даңктайын . . . . 62
Жээрибе мени ырларым . . 63
Терезeмден күлөт ай . . . . . 64
Жазбай эле койсомбу? . . . 65
Акчанын күчү керемет . . . 66
Умтулду . . . . . . . . . . . . . . 67
Талпынып ырдап берейин . . . . . . . . . 68
Бергим келет . . . . . . . . . . 69
Түгөнбөгөн казынам . . . . . . . . . . . . . 69
Көргөнүмдү ырга айлантып бермин . . . . . 70
Колдоп турса кудайым . . . 70
Көрөңгөмдү толуктайм . . . 71
Көбөйүүдө убарам . . . . . . 72
Көк-Арт дайра суусундай . . 72
Жамгыр . . . . . . . . . . . . . . 73
Бийиктикти сүйөбүз . . . . 74
Дүнүйө . . . . . . . . . . . . . . . 75
Күзүндө . . . . . . . . . . . . . . 76
Элдик ырга эндик ыр . . . . 76
Тойдун камын көргүлө . . . 77
Карылыктын келиши . . . . 78
Кызыгы түндүн башкача . . 78
Өксүп . . . . . . . . . . . . . . . . 79
Чындыктын бийиктиги . . . 80
Кыргыз ата балдары . . . . . 80
Жаратса дейм жакшы ырларды жүрөгүм . . . . . . 81
Арча өмүрдү жаратуу . . . . 82
Кам көрүү . . . . . . . . . . . . . 83
Өзүң бил . . . . . . . . . . . . . 83
Тоолуктар толкуп ырдашат . . . . . . . . . . . 84
Ички сезим . . . . . . . . . . . . 85
Бергим келет баарыңа . . . . 86
Түптүү, даңктуу элденбиз . . . . . . 86
Жаз келгенде . . . . . . . . . . 87
Билдирүү . . . . . . . . . . . . . 88
Ооруганда . . . . . . . . . . . . 88
Ооматтуум . . . . . . . . . . . . 89
Тил жана мен . . . . . . . . . . 90
Изденүү . . . . . . . . . . . . . . 90
Жалгыздыктан бошонуу . . 91
Күлкү өмүр . . . . . . . . . . . . 91
Аалам мага табышмак . . . 92
Жарык дүйнө . . . . . . . . . . 92
Умтулуу . . . . . . . . . . . . . . 93
Чаткалыңа барайын . . . . . 94

Алсыздануу . . . . . . . . . . 95
Түн жана айылым . . . . . . . 95
Чыны-Булак . . . . . . . . . . 96
Жүрөктөрдү тазартып . . . 97
Шум ажал . . . . . . . . . . . 98
Өмүр – дайра . . . . . . . . . 98
Санаа тартпа . . . . . . . . . 99
Сулуу күз . . . . . . . . . . . 100
Карды эске салдыңар . . . . 100
Айылыма . . . . . . . . . . . 101
Бата берип турайын . . . . . 102
Кыйын болду кечирүүм . . . 102
Ойлон . . . . . . . . . . . . . 103
Жалгыз торгой . . . . . . . . 104
Тең келбейт . . . . . . . . . . 104
Самидинге чындык сөз . . . 105
Өзгөртөмүн мыйзамды . . . 106
Айылчы аял . . . . . . . . . 106
Келчи эрте . . . . . . . . . . 107
Жашоо улап келемин . . . . 108
Ыдыратып
салбайлы . . . . . . . . . . . 108
Жаз жыттанган
ырыма . . . . . . . . . . . . . 109
Жаз келди . . . . . . . . . . 110
Үзүлбөгөн үмүт . . . . . . . 110
Поэзияга . . . . . . . . . . . 111
Өзүң болчу колдоорум . . . 112
Каалоо . . . . . . . . . . . . 112
Биздин айыл . . . . . . . . . 113
Бала тилеги . . . . . . . . . 113
Таңдагы ой . . . . . . . . . . 114
Чагылып от . . . . . . . . . . 114
Жашырбачы сырыңды . . . 115
Келчи мага . . . . . . . . . . 115
Чагылгандын күчү . . . . . 116
Сурануу . . . . . . . . . . . . 117
Курчтугунан алайын . . . . 118
Айылдаштар сүйүнсүн . . . 118
Жайлоодо . . . . . . . . . . . 119
Кечирими билинди . . . . . 119
Булуттар . . . . . . . . . . . 120
Бекерге баары бекерге . . . 121
Нур болуп . . . . . . . . . . . 122
Таңы бол . . . . . . . . . . . 122
Ишенбе . . . . . . . . . . . . 123
Мингеним эшек араба . . . . 123
Кобурашып алалы . . . . . . 124
Ырга айлансын жүрөгүм . . 125
Түбөлүгү түз элим . . . . . . 128
Корунба . . . . . . . . . . . . 129
Сулуу . . . . . . . . . . . . . 130
«Кыргызстан обондору»
радиосуна . . . . . . . . . . . 131
Түгөткө . . . . . . . . . . . . 133
Көөдөнүмө
кечиримди түнөтүп . . . . . 133
Барайынбы өзүңө? . . . . . . 134
Миңдин бири өзүммүн . . . 134
Не пайда? . . . . . . . . . . . 138
Ырдаарга болсо көңүлүң . . 139
Таалайдын
кушу болоюн . . . . . . . . . 140
Ыйлатпа . . . . . . . . . . . . 142
Эсен болгула . . . . . . . . . 143
Тизейинчи шурудай . . . . . 143
Бийиктик . . . . . . . . . . . 144
Чагылгандай чагылган . . . 145
Баш ийүү . . . . . . . . . . . 146
Элим тынч . . . . . . . . . . 146

Сырдашым . . . . . . . . . . . .147
Бийлигиңе багындым . . . . .148
Оңолуу . . . . . . . . . . . . . .148
Жаз келерин билемин. . . . .149
Бата берүү . . . . . . . . . . . .150
Кытмырга. . . . . . . . . . . . .150
Жетейинчи күнүмө . . . . . .151
Кала алмакмын . . . . . . . .152
Бийик ой . . . . . . . . . . . . .153
Сай маала . . . . . . . . . . . .154
Кайрылуу . . . . . . . . . . . .154
Бактылуу көз ирмемдер . . .155
Ички кайрык. . . . . . . . . . .163
Карай берем . . . . . . . . . .164
Убал жок . . . . . . . . . . . .165
Кыялыма катсамбы? . . . . .166
Алла берген кесибим . . . . .168
Ыр ченемин азайтпай . . . . .169
Тирүүлүктү баркта йлы . . . .169
Ыр болуп суудай агылам . . . . . . . . . . .171
Ачык от . . . . . . . . . . . . . .172
Ырыскымдан ажыратпа, кудайым. . . . . .174
Жай менин жаркын үмүтүм . . . . . . . . . . .175
Жараткандан сурануу. . . . .176
Аябадың өзүңдү . . . . . . . .177
Көзүмдү албай өзүмдү ал . .178

*Адабий көркөм басылма*

Жеңиш ТАГАЕВ

**Терезеден күлгөн ай**

*Ырлар*

*Редакциялап жана басууга даярдаган*
Самидин СТАМБЕКОВ
*Дизайнери* Хуррам ГАЗИБАЕВ

Офсет кагазы. Форматы 130х210
Нускасы 250 даана. Буйрутма № 150
Жалал-Абаддагы жеке басмаканада басылды.

